АЙТАЛИ НАИБ УУЛУ



# Ок аралаган 555 күн

( Ооган согушун эскерүү )



АЙТАЛИ НАИБ УУЛУ



# Ок аралаган 555 күн

(Ооган согушунан эскерүү)

Инв 0030920141С021
20
№ 16915
Баткен шаары

Баткен-2016

УДК 821.51

ББК 84 ки7-5

Н-20

**Айтали Наиб уулу**

Н-20 ОК АРАЛАГАН 555 КҮН. **Эскерүү жана ырлар жыйнаг**

ISBN 978-9967-18-224-0 **Баткен** 2016-160 б

С_ Жыйнакта Ооганстан согушуна катышкан катардагы жоокерлердин баштан кечирген окуялары камтылды. Андан тышкары, автордун калеминен таандык ырлар топтому кошо басылды.

Чыгармачылыкка өзүнүн жөнөкөй ыкмасы менен кадам таштаган автордун бул китеби окурман журтчулугун кайдигер калтырбайт. Маданият жана тарых жылында өзүнүн жан териси менен башынан кечирген жоокердин даректүү баяндары Ооганстан согушунда курман болгон жоокерлердин жаркын элесине арналат.

УДК 821.51

ББК 84 ки

Н 4702300200-16
ISBN 978-9967-18-224-0

© Айтали Наиб у. 2016

# Үлгү тутаар, өрнөк кылаар эр жүрөк, мыкты адамдар

Эркин замандын ээликтирген шарданы менен бул күндө китеп жазган адамдар көбөйүп кетти. Мейли, жазган кишинин окурман журтуна айтаар сөзү болсо жакшы дечи, эл дарбыса элчибай кошо дарбыйт болуп, жөн эле супсак бирдемени ойдон чыгарып жазган, анысын да шедевр эсептеп, калың калкка таңуулап окурманды "безавта" кылып жаткандар, бет ачаарын өткөрүп оолуккандар арбыды. Андайлардын жазган китеби Ош базарына кирип чыккандардын таман астында калып, ит окубай же сатылбай гебелендиде жатканын көрүп жатабыз. Эми менин айтайын дегеним бул эмес.

Мындан төрт-беш ай мурун алыскы Баткенден Наиб уулу Айтали Отобаев (кыргызча балким, Атабаев чыгаар) мага телефон чалып, экөөбүз телефондон тааныштык. Ооган согушуна катышкан жоокер экенин айтып, андагы көргөн азап-тозокторун китеп кылып жазсам дегенде эле дароо колдоого алып, ичим жылып чыкты. Жардам берүүмдү сураңды. Мен эч ойлонбой туруп макулдугумду бердим. Анткени ооган темасы мага абдан жакын тема, буга чейин деле жоокер-интернационалисттер туурасында көптөгөн макалаларым чыккан. Мен үчүн бул адамдар жаштар үлгү тутаар, өрнөк кылаар мыкты эр жүрөк адамдар. Мамлекет, коомчулук сыйлап урматтоого, кам көрүүгө милдеттүү адамдар.

Бирок жакшы иштин башталышы талаада калган шайлоонун түйшүгүнө туш келип калгандыктан, менин колум такыр тийбей туруп алды, анан шайлоосу да аяктап, "тойдун эртеси да" болду. Жакшылык ишти кайрадан колго алдык. Эми минтип убакты сааты чыгып дегендей, китепти бүктап, окурманга сунуп турабыз.

Чынымды айтайын, мен үчүн автор катары Айтали Отобаевдин китеп башындагы анан аяк жагындагы саясий

өңүттөгү ой-толгооолору башкы нерсе эмес, бул туурасында чексиз айта берсе, жаза берсе болот. Мен үчүн эң башкысы - китептеги окуялар сыртта жүргөн бирөөнүн фантазиясынан эмес, ошол ооган согушуна катышып, анын бардык азап-тозогун акырына чейин абийирдүүлүк менен көтөргөн, кан менен от кечкен карапайым жоокердин өзүнүн айткандары. Китеп мына ошо жагы менен чексиз баалуу, анткени анда ойдон чыгарылган кыпындай да нерсе жок. Эң башкысы, Айтали Отобаев ооган согушун жатык тил менен, чын дилинен баяндайт, аны окуган окурман шексиз көп соболдорго жооп ала алат деген ойдомун. Китепти түзүп жатып, чыгармачылык процесстин жүрүшүндө ооган темасын жакшы билем деп жүргөн менин өзүм үчүн да күтүлбөгөн маалыматтарды кездештирдим, аларга таң калганымды жашыра албайм. Анан да атайын адабияттык билими жок Айталинин баяндоо ыкмасы, тилинин кадимкидей тапталганы окурманды тартпай койбойт. Буюрса, дагы бир аз чымырканса Айталиде жаза турган дареметы бар, андыктан болочоктогу чыгармалары мындан да мыкты болооруна шек жок.

Бул китепти жарыкка чыгаруу менен Наиб уулу Айтали Атабаев биринчиден, өзүнүн урпактарына таберик эстелик калтырат, экинчиден, келечек муун окуп, сабак алгыдай эмгек жаратты, үчүнчүдөн, кан майданда чогуу от кечишкен куралдаштарынын аттарын дагы бир жолу даңктап, алардын эрдигин дагы бир жолу эскерди, ал жакта ооган чымын түбөлүк жазданган жоокер досторунун жаркын эстелигине гүлчамбар койду.

Ракмат сизге, жоокер-интернационалист Айтали Наиб уулу, бар болуңуз!

**Шаматов Бахтияр,**
**китептин редактору.**

# Ок аралаган 555 күн

**(Ooган согушуна катышкан жоокердин эскерүүлөрү)**

Ооганстан согушу XX кылымдын акыркы жыйырма жылдыгындагы дүйнөлүк саясаттын чордонундагы кан майданга айланды. Өзүнүн куралдуу күчтөрү менен дүйнөнү титиреткен улуу держава Советтер Союзу 1979-жылы декабрь айында Ооганстандын аймагына өзүнүн армиясын киргизип, он жылдык салгылашуудан майнап чыкпагандан кийин 1989-жылдын февраль айында кайра чыгарып кетүүгө мажбур болгон.

* * *

Экинчи дүйнөлүк согуштун очогун өчүргөн СССР кичинекей өнүкпөгөн мамлекеттердин катарына кирген Ооганстанга алы жетпегенден кийин, саясий-экономикалык кризиске учурап, тамыры чириген дарактай 1991-жылы кулап түшүп, биротоло таркап тынчыды. Коммунисттик- авторитордук режимдин астында жашаган 15 республика кан төгүүсүз эркиндикке чыгышып, ар кимиси өздөрүнүн эгемендүүлүгүн жарыялашты. Алардын катарында менин өлкөм Кыргызстан да болду.

* * *

Мындай драмалуу, улуу окуялардын күзгүсүндө кыргыз элинин эркиндиги,келечеги үчүн күрөшүп, өздөрүнүн өмүрлөрүн беришкен улуу инсандардын, ата-бабалардын рухтары жаткан жеринен бир ободарылып алса керек. Бирок капаста жашаган арстанды чытырман токойго коё берип, өз алдынча жашап көр дегендей, эгемендүүлүгүн жарыялашкан республикалар бат эле саясий-экономикалык кризиске кабылып, завод-фабрикалар токтоп, калың элдин катмары күнүмдүк оокаты, кара курсак камын ойлоп, жан багуу менен гана алек болуп калышты. Атка минер бийлик төбөлдөрү, интеллигенция, карапайым эл мындай эркин жашоого даяр эмес экендиктерин мезгил далилдеди.

* * *

Атадан алтоо болсоң да бир жалгыздык башта бар дегендей, экономикалык байланышы үзүлгөн республикалар өздөрүнчө жол

издешип, мурда билбеген, көрбөгөн, мектептеги тарых китептеринен гана окуган капиталисттик жаңы доор башталды. Советтик идеология менен суугарылып тарбияланган калың эл мамлекет жетекчилеринен үмүт үзбөй, дагы эле ушулар багат, ушулар карайт дешип, кайдыгерликтин камчысына ыктыяры менен өз жонун тосуп беришти.

* * *

Комунисттик режимдин 70 жылдык тарбиясы, эркиндик берилгенден кийин өзүнүн жүзүн көрсөттү. Ошол доордун тузун татып чоңоюшкан миңдеген инсандар оо дүйнө кетеринде арман менен кетип жатышканы буга далил.

Мен теманы Ооганстан согушу менен баштап, башка нукка бурулуп кеткеним - көп жылдан бери калем кармабай эмне жазууга белсенгендигимди унутуп кала жаздаганымдын себеби окшойт. Чындыгында мага аскердик милдетимди өтөөдөОоганстан согушуна туш болгон тагдырым калем карматты. Себеби Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийин карапайым элдин турмушу начарлап, мамлекеттик идеология солгундай баштаганда, жок дегенде райондун газета аркылуу Ооганстан согушу жөнүндө катардагы жоокердин эскермесин жазууга калем кармадым.

* * *

Дагы бир себеби эгемендүүлүктүн шарапаты менен келген басма сөздүн эркиндиги эле. Газетага макала жазам деп калың барактуу дептерди толтуруп салганымды дагы өзүм билбей калыптырмын. Ошол бойдон райондук “Кызыл Туу” газетасынын редактору Аскар Ражабалиге көтөрүп бардым. Ал көз жүгүртүп көргөндөн кийин:«Сен макала эмес эле китеп жазып таштапсың. Ачыгын айтсам, газетага басууга мүмкүнчүлүк жок, акчаң болсо же демөөрчү тапсаң биротоло китеп кылып чыгартып алганга аракет кыл»,- деген сунушун айтты. Чындыгында мен өзүмө ишенгеним жок, кантип эле мен китеп жазып таштадым деп. Анткени китеп жазамын деп түшүмө да кирген эмес. Акча жок, демөөрчү жок, арга кеткенде Ооганстан согушунун ардагерине колдоо көрсөтө аласызбы деген өтүнүч менен райондун ошол кездеги акими Дастан Бердиевке бардым. Аким редакторду чакырып:«Бул жигиттин кол жазмасын китеп кылып чыгарса болобу?»,- деп сурады эле редактор болот деп жооп берди. «Анда эмесе эртеңден баштап аракетиңди жаса, мен каржылап берем»,-

деди. Оо, ошондо менин кубанычыма чек жок эле. Кайра-кайра Дастан Бердиевке ыраазычылык билдирип кабинеттен чыгып кеттим.

* * *

Көп өтпөй Баткен райондук «Кызыл-Туу» газетасына да менин али чыга элек китебимден сандан-санга үзүндү бере башташты. Бирок тилекке каршы, менин кубанычым ызалануу менен аяктады. Эки-үч айдан кийин китеп басмадан чыгып калса керек деп редакцияга барсам, редактор акча которупбаса менин колумдан эч нерсе келбейт деп алаканын жайды. Кол жазмамды алып, үмүтсүз маанай менен үйгө кайттым. Андан дагы өз деңгээлинде жазылганына өзүмдө дагы толук ишеним болбой, кайдыгерлик мамиле үстөмдүк кылып, кагаз чиймелегенди токтотуп койдум.

* * *

Арадан эки жыл өтүп, бир күнү Жаныкулов Жунус деген досум экөөбүз сырдашып отуруп, кол жазмам жөнүндө сөз козголуп, досум жардам берерин айтып калды. Ошентип анын демөөрчүлүгү менен 1997-жылы«Ооганстан мүшкүлү» деген даректүү баяным китепче болуп жарыкка чыкты. Ачыгын айтсам, бир гана Кара-Булак орто мектеби 40 китепти сатып алышып, окуучулар менен жолугушуу өткөрүшүп, кадимки жазуучу катары тосуп алышып, чыгармачылыгыма өтө чоң дем беришти. Бирок китептин калганын анча-мынча мекемелерди эсепке албаганда, бекер таратууга туура келди. Себеби окурман кандай кабыл алат деген сыноодон өтүү мен үчүн маанилүү эле. Бирок сыноодон өттүмбү же өткөн жокмунбу мага караңгы бойдон калды десем жаңылышпасам керек. Себеби өзүңдүн туугандарың, жакын чөйрөң өзүң күткөндөй кабыл албаса ойгонуп келе жаткан сезимдериң да кайра өчөт экен...

* * *

Бир чети алпурушкан көр тиричилик камчысын жонуңа үйрүп турат, андан качып кутула албайсың. Акын-жазуучулар болсо козу карындай жайнап чыкты. Аты улук супарасы курук дегендөй, менин да адабияттагы таразам жеңил экендигине көзүм жетип, өзүмдү четке алдым. Жаз жарышын, күз күрөшүн улантып, жылдар зымырап учкан куштай өтө бериптир. Чыгармачылыкка баш баккан адам табияттан кыялкеч болот экен. Каалайсыңбы, каалабайсыңбы сезимиңе таасир эткен окуяларга ой жүгүртүп, өзүңчө кайгырып, кубанып өмүр өтө берет экен. Өзүңдүн мококтугуңду, жалкоолугуңду, кайдыгерлигиңди сезген сайын шайтан менен элдешип, туткунга түшкөнүңдү сезбей да калат экенсиң.

* * *

Акын –жазуучулар демекчи, ачыгын айтсам алардын ичинен Байдылда Сарногоевдин ырлары мага көбүрөөк таасир эткен. Ошондуктанбы, илхам козголуп калса ырларды чиймелеп койом. Газетага анча-мынча жарыяланып, окурмандардан жакшы пикир угуп калганым кайрадан мени калем сапты кармоого мажбур кылды. Дагы бир себеп ЭлТР каналынын журналисти, белгилүү журналистБейшенбек ажы Бекешовдун «Эл наркы» автордук теледолбоорундагы талкууланган маселелер да менин мекенчилдик сезимиме таасир эткенин жашыргым келбейт. Анын үстүнө Кыргызстандагы аягы бүтпөгөн олку-солку баш аламандыкты жалпы эл түшүнүп, саясий кырдаал турукташып баратканына ишеним пайда болду. Эгер мекенибиздин ар бир жараны өзүнүн жеке жоопкерчилигин жакшы сезсе өнүгүү жолуна түшөөрүнө шек жок. Негизгиси эл аккан дайра дейт эмеспи көч башындагылар кайда бурса ошол нук менен ага берет.

* * *

Буга далил кошуна республикадагы өнүгүү жолу, элдердин жашоо-турмушу мисал боло алат. Жогорку бийликтерде өз көмөчүнө күл тарткан эки жүздүүлөрдүн катары азайса, адам укугунун эркиндиги жагынан биз бир топ алдыдабыз десем жаңылышпасам керек. Себеби менин туугандарымдын көпчүлүгү Өзбекстанда жашагандыктан жеке көз карашымды билдирип жатам. Адам баласын жашаган чөйрөсү менен мезгил тарбиялайт экен. Мен 40жашка чейин Советтер Союзунун тузун татып, мектебинен тарбия алып, жаштык курагымды өткөрсөм да бүгүнкү жашоо-турмушка, дүйнөгө болгон көз карашым 180 градуска өзгөрдү.

## Ок аралаган 555 күн

Мунун кандайча болгонун бала чактагы эсте калган окуяларга кайрылып, кудуретимдин жетишинче баяндап берүүгө аракет жасайын.

* * *

Мен Ооганстан согушунун катышуучусу катары бала чагым кандайча өткөн, аскерге кантип чакырылып, тагдырым кан майданга туш болгон, мына ушулардан алган таасиримди ашепке көркөмдөбөй окурманга түз жеткирсем деген далалатым бар.

Ата-энем өмүр бою колхоздун кара жумушунда эмгектенишип мал багып, дыйканчылык кылып дегендей,мени пешене тер менен тапкандары менен тарбиялап өстүрүштү. Мектептеги тарбия болсо комунисттик идеологиянын багыты менен бекемделген советтик адамды тарбиялоо максаты болгон. Бул өзүнчө чоң тема, эгемендүүлүктөн кийин төрөлгөн жаңы муун өсүп чыкпадыбы...

Атам болсо Улуу Ата Мекендик согушка катышып келген, бала чагы колхоздоштуруу, басмачылык заманга туш келген. Апам бай манаптын тукуму деген доого кабылып ата-энеси качкын болуп, сабатсыз болгон. Ошондуктан мен дагы жаштыгымдан чарбалык иштерге аралашып чоңойдум. Мектептен билим алуу мен үчүн экинчи маселе эле.

* * *

Орто мектепти аяктагандан кийин кесипчилик-техникалык окуу жайынан устачылык кесипке ээ болуп, курулуш тармагында эмгек жолумду баштаганмын. 1979-жылкы аскерге чакыруу токтогондон бир айдан кийин июль айында кечки кинодон үйгө келсем аскер комиссариатынан чакыруу кагазы келиптир. Апам колума берип жарым саатча болду таштап кеткендерине деди. Таң калдым. Себеби түнкү саат он эки болуп калган эле. Ал кезде аскерге милдеттүүлөрдү да чакырып, пахтага же дагы башка жумуштарга айдай беришчү. Мен ошондой ой менен эрте менен эртеси аскер комиссариатына бардым.

* * *

Элүү чакты балдарды чакырышыптыр. Бизге удаа врачтар, медврачтар да келишти. Бирден кабылдамага кирдик, аскерге барасыңбы деген суроого барам деп жооп бердим. Эгер баргың келбесе эки жүз сом таап келсең армиядан каласың деп тымызын эскертүү дагы беришти. Эки жүз сом ошол кезде абдан чоң акча эле, анткени Союздун акчасы доллардан алда канча күчтүү эле. Эки жүз сом семиз багылган 2 койдун же 50 килолук 15 кап биринчи сорт ундун баасы эле.

Колхозчулардын 5-6 айлык эмгек акысы десем да жаңылбайм. Чачтарачтар чачыбызды такырайта кырышты, врачтар ден соолугубузду текширишпесе дагы таразага тартышты, боюбузду өлчөштү. Ар кандай суроолорду берип ден соолугубуздун абалын такташты. Кыскасы 50 баланын ичинен 19 жигит аскерге жарактуу деген чакыруу кагазын кечки саат 17-18дер чамасында, эртеси аскерге жөнөөрдө колубузга алдык.

* * *

Үйгө келсем атам колхоздун жумушунда талаада экен, артынан барып аскердик кызматка кетип жатам десем ишенген жок. «Сен эмне деп тантырап жатасың, жазгы чакыруу бүткөнү качан, эми армияга күзде чакырат!»,- деп тилдеп берди. Ишенбесеңиз жок деп чакыруу кагазын алдына ыргытып жиберип, таарынып жөнөгөнүм бүгүн дагы эсимде. Атамдын мүнөзү өтө катуу эле, бирок ошондо кетменин ыргытып жиберип артымдан чуркап жетип келди. Жумшарып калыптыр дарос эле, «сен барып туугандарга кабар бер, мен үйгө барып даярдык көрөйүн» деп калды. Ал кезде Кыргызстандан аскерге чакырылгандар, азыркыдай Кыргызстанда кызмат кылбайт эле, азыркы КМШ мамлекеттеринде чыгыштан Монголиядан баштап, батыштан Германияга чейин барып аскердик милдеттерин өтөшчү.

* * *

Аскерге жөнөгөндөрдү туугандар жыйылып, шаан-шөкөт менен узатышчу. Аскерге барбагандарды кыздар дагы чанып, жактырышчу эмес. Кызматын өтөп кайтканда кадырлап тосуп алуу жигиттер үчүн чоң сыймык эле. Ал убакта армиядан качыптыр деген сөздү такыр укч эмеспиз. 1917-жылдагы революциядан кийинки басмачылар менен болгон, андан кийин Улуу Ата Мекендик согуштагы советти жоокерлердин эрдиктерин кинодон көрүп, китептен окуп, мектепте алган тарбия айкалышып, мекенчил болуп өскөн элек.

Мектепте бир класста окугандардан жыйырмадан ашканы эрке балдар болчу. Классташтар көпчүлүгү армияга кетишип, калган студент болушуп, айылда төртөөсү эле калган экен. Узатуу кечесин Сапаров Султан, Жороев Абдыкаар, Гапаров Мунарбек, Ормонов Касы чогулуп келишти. Таң атканча уктаган жокпуз, ырдап бийледик кума таркаганча. Улуу Ата Мекендик согуштан кийин тынчтык өкүм сүрүп,

согуш коркунучу элдин эсинен эчак чыгып калган эле. 1979-жылдын 3-июль күнү сыймыктуу шаан-шөкөт менен мекенибиз алдындагы ыйык парзыбыз аскердик милдетибизди аткарууга аттандык. Ош шаарына келгенден кийин эртеси чакыруу пунктунда бөлүштүрүү башталды. Ал жерде дагы аскер комиссариатынан коштоп барган ага лейтенант Төрөкулов «взносун» телесе, төрт бала үйүнө кайтат деген баягы тымызын кептин башын кылтыйтты. Эч ким төлөгөн жок.

***

Ош облусунан канча экенин билбейм Баткен районунан он беш жигит Түркменстанга бөлүндүк. Кечинде Андижан шаарына алып барып поездге салышты. Эки күн жол жүрүп эрте менен Мары шаарына барып түштүк. Бизден кийин Россиядан бир эшелон призывниктер келишти. Бардыгы шымдарынын бели, көйнөктөрүнүн желкеси калып, майдалап тилип алышыптыр. Индеецтердей кечке чийин кармап, кечинде Кушка шаарына карай дагы поездге салышты. Эртеси эрте менен бир аскер бөлүгүнө алып барып бөлүштүрө баштаашты. Отузга жакын офицерлер фамилия боюнча чакырып, суроо жооп кылышып тандай баштаашты. Жердештеримдин арасынан мен жалгыз дивизиянын штабына бөлүндүм. Ошол жерде мончого жуунтуп, аскер кийимдерин беришти. Катарга тизилип жөө басып казармага бардык. Ошентип аскердик кызмат башталды.



***

Менин түшкөн аскер бөлүгүм БУАР (Батарея управления и артиперической разведки) деп аталат экен. 41 жаңыдан чакырылгандар арасында 7 сержант, 3 «дед», 2 «черпак» болуп учебкадан келишиптир. Бардыгы 48 жоокер менен толуктaлдык. Бир ай карантинден өттүк. Эртең менен саат 5те тургузат, түштө саат 14:00дөн 15:00гө чейин уктатат.Калган убакта чуркатып, марш тептирип, ырдатып, кечки саат 22:00дө уктоого буйрук берилет. Аба ырайы болсо эртең мененки саат

6дан баштап эле 40өтан башталат эле. Карантин бүткөндөн кийин ар бир жоокерге аткара турган милдети бекитилип бериле баштады.

• • •



Айтали. 10.09.1979-жыл

Комбатыбыз биздин батарея интернационалдык деди. Себеби 48 жоокер 26 улуттун өкүлү экен. 4 жоокер жогорку билимдүү, 14 жоокер техникумду бүтүргөн, калгандары шофёр же башка бир кесиптин ээси. Мени да кесиптин ээси катары тандап алышканын кийин билдим. Мага санинструктордун кызматын аткаруу милдети тийди. Прапорщиктер аткара турган кызмат болгондуктан, мага айына 13 сом 80 тыйын «получка» төлөшчү. Андан тышкары эртең менен саат 9дан кечки саат 6га чейин сүрөтүм чапталган уруксат кагазы берилип, почтальон кызматы да кошо жүктөлдү. Жумасына беш күн почтага каттаймын. Газета, журнал,каттар, акча которуулары, посылкаларды алып, күндө шаарды айланып келесиң. Биздин казарма шаардын бир четинде болсо почтанын кеңсеси экинчи четинде болчу. Шаар кичинекей эле, жөө басканда жарым саатта бир тарабына жетер элем.

• • •

Шаарда негизинен аскер адамдары, соода тармагында, темир жол вокзалында иштегендер, мугалимдер,врачтар жана башка кесиптердин ээлери гана жашашат экен. Бардыгы мамлекет тарабынан салынган кабат үйлөрдүн батирлеринде жашашчу. Биз болсо революцияга чейинки Россия империясынын армиясынан калган казармаларда жашап жүрдүк. Сапердук батальондун аймагында химрота менен бир казармада турчубуз. Шаар кичинекей өзендүн четинде жайгашкан болсо, казармалар алардын айланасындагы бийик дөңсөөлөргө жайгашыптыр. Биз жашаган казармадан тике ылдый түшкөн тепкичтин саны өзү эле үч жүзгө жакын болсо керек эле. Бизди эрте менен чуркатканда ушул тепкичтерден чуркап түшүп, кайра чуркап чыкчубуз. Ошол үчүн ал тепкичтер бүгүнкү күнгө чейин эсте калды.

# Ок аралаган 555 күн

Мен почтага жөнөгөндө тепкичтерден түшүп, дубал менен курчалган госпиталдын дарбазасынын алдынан өтчүмүн. Ага катарлаш дөңсөөнүн үстүндө медсанбат дагы жайгашкан болчу. Медсанбатта жердешим Ысманов Жоробай деген жигит кызмат кылчу. Ал Кызыл-Кыя шаарындагы медициналык окуу жайын бүтүргөндөн кийин аскерге бирге кеткенбиз. Жоробай менен күн алыс десем дагы болот тез-тез жолугуп турчубуз. Мен Жоробайдан уктумбу же өзүм жолуктумбу, эсимде жок, биз менен бирге барган Баткендин өзүнөн Аззам деген жигиттин госпиталда жатканын билдим. Аззам экөөбүз бир мектепте окуганбыз.Менден бир класс кийин орто мектепти аяктаган болчу. Аскерге жөнөгөн күндөн баштап эч ким менен сүйлөшпөй, жарытып тамак дагы ичпей, жолдо сабыры суз келген. Анын оорулуу экенине эч кимибиз көңүл да бурбаптырбыз. Кушка шаарына келгенден кийин артилериялык полкуна кызмат өтөөгө бөлүнөт. Бирок кызматын улантпастан медсанбатка, андан кийин госпиталга дарылануунга жиберилип, дарыланып турган экен. Мен жолукканда аябай арыктап кетиптир. Почтага каттаган сайын күндө кабар алып турууга аракет жасап жүрдүм.

* * *

Бир жолу барсам Аззам: «мени Ташкент шаарына госпиталга жөнөтүшөт» деп калды. Абдан жакшы болуптур дедим, үйгө да жакын барасың, туугандар кабар алып турууга мүмкүнчүлүк түзүлөт, көңүлүң көтөрүлүп айыгып кетесиң деп мен дагы сүйүндүм. Үйүнөн акча келгендерди почтага ээрчитип барсам, ыраазычылыктары менен мага да бир-эки сом кармата салышчу. Анча-мынча чогултуп жүргөн акчаларымды Аззамга бердим, жолдо керек болот, айыгып кетсең шаар айланасың кыздарга балмуздак сатып бересиң деп тамашалап да күлдүм. Ташкентке кеткенден кийин Аззамди кайра көргөнүм жок. Аскерден кайткандан кийин уксам, ошол оорусунан айыкпай өтүп кеткен экен.

* * *

Сентябрь айында биздин дивизия бүт бойдон Ашхабад шаарына тоонун жагына аскердик машыгууга жөнөп кетти. Казармада Лепедату деген молдаван жигит экөөбүз калдык. Ал каптерщик эле, мен болсо

күндө почтага барам келген каттарды жыйнап. Бир жумада бир жолу дивизиянын штабына алып барып аскердик машыгуу өтүп жаткан жагына жөнөтүп жиберем. Акча же посылкалар келсе өзүмө келген фамилиянын атынан ишеним кат жазып алып коюп жүрө бердим. Жыйган посылкалар каптерканын бир жак капталынын шыбына чейин ээледи. Анткени каптеркабыз жапыз там болчу. Сапердук батальондун казармаларына Ташкенттин политехникалык институтунун бүтүрүүчүлөрү офицердик сбордон өтүүгө келишти. 200гө жакын студенттин көпчүлүгү өзбек улутундагылар болчу. Мага болсо кошумча киреше түшө баштады. Күнүге сигареттен баштап тамак-аш продуктуларын аракка чейин алып келүүмдү суранышат. Өздөрү чыга алышпайт, шаар чек арага жакын болгондуктан патрулдук көзөмөл катуу болчу. Алып келген нерселерди тыйынга чейин эсептеп бергенден кийин, өздөрү ыраазылыктары менен кызматымдын акысын да берип турушчу. Анын үстүгө алдырышкан товарларын биздин каптеркада сакташып,туулган күндөрүнө палоо заказ беришип, биз менен белгилеп турушат эле.

* * *

Ошентип менин аскердик кызматым бейиштегидей өтүп жатты. Ойлоно турган маселе жок, курсак ток болгондон кийин денең дагы толо баштайт экен. Октябрь айы беле эсимде жок, бир күнү классташым Калыгулов Сууханидин барып калды. Адегенде формачан бири-бирибизди жакшы тааныган жокпуз, анан таанып, сенби сен дегендей кучакташып көрүшүп, өтө кубандык. Айылдашы Айтпай деген жигитти издеп барыптыр. Ал сапердук батальондон аскердик машыгууга кеткен болчу. Менин жашоомду көргөн классташым сен аскерге эмес курортко келипсиң деп суктанганын жашырган жок. Досумду колдон келишинче дасторкон жайып мейман кылдым. Ал учебкада Казакстанда болгонун жаш жоокерлердин кызматы өтө катуу тартипте өткөнүн айтып берип отурду.

* * *

Сууханидин Кушка шаары менен Мары шаарынын ортосундагы Илатан полкунун танкалык батальонунда кызмат өтөп жатыптыр. Кушка шаарына жүрүшкө чыккан экен, айылдашы Айтпайдын дарегин ошол

жактан угуп издеп келиптир. Кечки убакыт жакындап калгандан улам мен барбасам болбойт бизде тартип катуу, наряд алып калышым мүмкүн деп, коштошуп алып бөлүгү токтогон тарапка карай кетти. Чындыгында бизде "дед","молодой" деген ажырым болбогондон кийин ашыкча түйшүктөргө туш болбоптурбуз. Каалаган убакта туруп, каалагандай тамактанган учурубуз тез эле өтүп кетип, эки айдан кийин аскердик машыгуудан кайтып келишти. Канча күн жол жүрүшкөн да, бардыгы абдан чарчаган, жүдөгөн абалда келишти. Жеке мага болгон мамилелер катуу өзгөргөнүн дароо байкадым.

* * *

Бир жумача өткөндөн кийин менин үстүмдөн комбатка арыз менен кайрылышыптыр бизге келген каттар, жөнөткөн акчалар кайра үйгө кайтып кетиптир деген жалааны ойлоп табышыптыр. Комбат мени чакырып, жазылган арыздар менен тааныштырып, кандайча түшүндүрмө бересиң деп сурады. Мен өз милдетимди так аткарганымды, дареги туура жазылса почтадагы бөлүктүн ящигине сөзсүз түшөрүн баяндап бердим. Комбат сенин милдетиңди аткарууга жогорку билимдүүлөрдөн дайындаймын, сени башка жакка котором деди. Ордума болсо Янцин деген жоокерди дайындады.



Чек арачылар

## АЙТАЛИ НАИБ УУЛУ

Аскердик машыгууда улуту кумык Долгатов, тажик Файзиев, анан фамилиясы эсте жок, молдаван улутундагы үчөө эле биригишип бүт батареяны колго алып алышыптыр. Сержанттар дагы алардан коркуп калышкан экен. Үчөө тең шофер эле, автопарктан казармага да келүүчү эмес. Автопаркта санитардык күн болот деп мени дагы жөнөтүштү. Барсам жанагы үчөөсү “босс” болуп алышыптыр, бардыгын кадимкидей чуркатып жумшап жүрүшөт. Бир кезде молдаван менин алдыма келип:«Эмне эсиң ооп турасың, убакыт кетти, мына бул айлананы тазалап чыгасың!»,- деп буйрук бере баштады. Керек болсо өзүң тазала деп ашата сөктүм. Экөөбүз мушташып кеттик. Бир кезде артымдан катуу сокку тийди, алды жагыма кулап түшкөнүмдү билем, тепкилеп ташташыптыр. Эсиме келсем жанагылар жок, башкалар тургузуп жаткан экен. Санчастка алып келишти, кабыл алган врач офицер кимдер токмоктогону жөнүндө арыз жазып бер деп талап кылды. Мен арыз жазуудан баш тарттым, анда сени дарылабаймын, кайда барсаң ошол жакка бар деп чыгарып жиберди. Бети-башымдагы шишик кайткыча бир жума казармада жаттым.

* * *

Дневальный тамагымды алып келип берет башка эч кимдин мени менен иши жок. Бир күн жанагы кумык Долгатов деген келиптир. Элдешели, баарыбыз мусулманбыз, бир болушубуз керек деп. Мен айттым, мени ким урду, ошону менен эркекче сүйлөшөбүз деп жооп бердим. Макул, убагы келсе бул маселени чечебиз деп жооп берди. Батареяда болсо Ош облусунан 4 бала кызмат кылаар элек. Кара-Суудан Улуту өзбек Мухамедов, анан фамилиялары эсте жок, бир орус, бир татар жигиттер Өзгөн районунун Яссы совхозунан болушчу. Ошол кезде Россияга кызмат кылууга жоокерлерди жөнөтүп жатыптыр деген имиш-имиштер жүрүп жаткан. Сапердук батальондун почталону дагы Алан аттуу кыргыз жигити эле Кызыл-Кыя шаарынан. Ага бардым. Ал киномеханиктин милдетин дагы аткарчу, барсам өзүнүн буткасында экен. Мен өз оюмду билдирдим имиш-имиштер чын болсо Россияга кетсемби, эл көрөсүң, жер көрөсүң, бул жерде чөлдөн башка эч нерсе жок экен деп.

* * *

Алан экөөбүз почтага көбүнчө бирге каттап, бири-бирибизди жакшы түшүнүп калган элек. Менин пикиримди колдоду. Комбатыбызга рапорт

жазып кайрылдым штаттан чыгарып Россияга жөнөтүүсүн суранып. Комбат мени калтырууга ынандыруу үчүн аракет жасады. Россияга сейилдөө үчүн барбайсың кандай бөлүккө туш келесиң, бул жерде көнүп калдың дивизиянын штабында кызмат кылуу башка бөлүктөргө караганда жеңил деп түшүндүрдү. Уруксат берсеңиз кетем деп кесе жооп бердим. Андай болсо болуптур деп жазган рапортумду өзүнө алып калды. Бир жумача өткөндөн парадный формамды, штабдан чыгарылган буйрук кагаздарын бардыгын берип, дивизиянын штабына жыйналган жоокерлерге алып барып кошуп койду.

• • •

Ошо күнү кечинде бизди поездге салышып, Тахта-Базар деген станцияга алып барып кайра түшүрүштү. Ал жерде дагы аскер бөлүктөрү көп экен. Эртеси тамак берилгенден кийин катарга тизип, тактaшкандан кийин алыс кетпейсиңер команда болсо кайра жыйналасыңар деп эскертишти. Божомол менен миңге жакын жоокер элек. Тахта-Базарда жердешим Ташболотов Каныбекти таап алдым. Экөөбүз кучакташып көрүшүп, аябай кубандык, өткөн-кеткенден көпкө сүйлөшүп отурдук. Противотанкалык дивизиондо кызмат кылат экен. «Бул жерде оштуктар көппүз деди, бирөө жарым үстөмдүк кылса энесини үч коргонудан көрсөтөбүз», - деп дем берип койду. Тахта-Базарда бир жумача тургандан кийин Өзбекстандын Чирчик шаарындагы десанттык полкунан офицерлер келишип, бардыгыбызды үч километрге чуркатышып, жоокерлердин жүздөн ашыгын бөлүп алышты. Андан кийин аларды турникке тарткызып, элүү чакты жоокерди өздөрү менен алып кетишти. Бизди болсо эки күндөн кийин «Урал» маркасында тент жабылган автоунааларга салып 200километрден дагы алысыраак жердеги аскер машыгуулары өткөрүлүүчү полигонго алып барышты.



Оң жакта Ташполотов Каныбек

• • •

Айлана-чөйрөдө кумдан башка эчтеке жок, кагырап куурап жаткан чөл экен. Көчмөн элдин турмушуна окшогон жашоону башыбыздан өткөрүп

жаттык. Катуу шамал жүрсө бардык жакты кум басып, тишиңе чейин кирип, кычырап кетет. Кылган жумушубуз болсо окоп каздырып, мишенге коюлган тактайларды оңдотот, шамал башталса казармага качып киребиз. Кыскасын айтканда, күн өтсө болду. Бир жумада бардыгыдан жадап, күн өтүүсү дагы кыйындап калды. Полигондун "долина смерти" деген коркунучтуу аты бар экен. Кандай аскердик бөлүк экенибизди дагы эч ким билбейт. Офицерлерден сурасак биз резервдеги полкпуз деп коюшту. Россияны самаган кыялыбыз түшкө айланды, жоокерлердин 90%дан ашыгы Орто Азия менен Кавказдан келгендер эле. Кушка шаарында жүргөндө бизди Ооганстанга жиберет экен деген имиштерди кулагым чалып калчу, бирок расмий айтылган эмес. Уккан жоокерлер чет өлкөгө кетет экенбиз деп кубанганбыз.

* * *

Жердешим Аззамды көргөнү барганда госпиталда Ооганстандан жарадар болуп, дарыланып жаткан жоокерлер менен маектешкен учурларым да болгон. Алардын аскер формасы да башкача болчу. Алардын айтымында алар кызмат кылган бөлүктө 40-50дөй гана жоокер кызмат кылып, Ооганстан аскер формасында жүрүшөт экен. Бардыгы разряддары бар спортсмендер экен. Аскер кызматтары болсо жашыруун кызмат аталып, Союздан баргандарга сакчылык кылабыз дешти. Согушка да катышасыңарбы деп кызыгып суроо берсем, биз кылган кызматыбызды айтууга болбойт деп жооп берип коюшту. Ал кезде аскердик сыр катуу сакталчу, ошондуктан ашыкча суроолорго жооп бербестерин түшүндүм.

* * *

Ооганстанда согуш болуп атканын мурда уккан эмеспиз. Советтер Союзунун учурунда телевидение, радио, газета-журналдар дагы бийликтин уруксаты менен гана маалымат таркатчу. Ошол доорду баштарынан кечиришкен замандаштардын бардыгы жакшы билишсе керек. 1979-жылдын 9-декабрь күнү бизди алып барып таштаган «Уралдар» кайра барышты. Бири-бирибизди кучактап, кубанычыбызга чек жок эле, кайра кетет экенбиз деп. Ооба ошол күнү кечинде кайра алып жөнөштү. Түнү менен жол жүрүп таң атпай Кушка шаарына жакындап бардык. Шумдугуң кур, бардык техникалар,

танкалар,замбирек сүйрөгөн тягачтар согуш башталгандай жүрөктүн үшүн алган көрүнүшкө туш келдик. Улам токтоп кайрадан жылып отуруп, Кушка шаарынан өтүп чек арага жакын дөңсөөлөрдүн ортосуна жайгашкан жоокерлери кызыл погон тагынган аскер бөлүгүнө келип кошулдук.

* * *

Мен түшкөн бөлүк 371-мотоаткычтар полкунун биринчи батальонунун 3-ротасынын экинчи взводу экен. Отделенияга БМП-536 тиандык экен. Ошол эле күнү бизге жеке курал таркатышты. Жаңыдан кошулгандарга эч кимисине автомат тийген жок бардыгыбызга гранатамет, пулемёт, ПК кол пулемёту, оор куралдар тийди. Мага болсо кол пулемёту тийди. Эртеси жергиликтүү «партизандардан» да толуктоо келди. Алардын алды жашы 40жаштан өтүп калган түркмөндөр эле. Арасында аскерде кызмат кылбагандар да бар экен. Мен дагы ошол кезге чейин колума жарытып аскер куралын кармаган эмесмин. Кокустан эле тишибизге чейин куралдантырып салышты. Башыбызда каска, аны да тумактын үстүнөн кийип алганбыз. Белибизде эки граната,подсумкада октолгон үч магазини менен сапердук лопатка, противогаз, желкеңде жоокерге зарыл буюмдар менен толтурулган вещмешок.

* * *

Күндөлүк турмушубуз болсо аскердик машыгуу куралдарыбыздан аткызат -жатып атабыз, чуркап баратып атабыз, граната ыргытабыз. Декабрь айы күн алыс кар аралаш жамгыр ачылып кетсе күн жылый түшөт,ошентип бири бирине коендой окшош күндөр өтүп жатты. Ашканабыз дагы, жатаканабыз да БМП (боевая машина пехоты) болуп калды. ТүркВОдон жогорку чиндеги жоон топ офицерлер текшерүүгө келишти. Ар взвод өзүнчө катарга тизилдик, жарымы кара погон, жарымы кызыл погон, «партизандар» погонсуз болчу. Кийген формадан эле өтө көп кемчиликтерди белгилешти. Бир полковник биздин алдыбызга келип, саатын карап туруп «взвод, газы!» деп команда берди. Шашканыбыздан противогаздарды сумкасынан сууруп кие баштадык. Жарымы кийип бүтө электе токтогула деген команда берилди. Алдыңкы отрядагыларды текшерип көрүшүп кемчиликтерин көрсөтүп, биздин офицерлерди катуу тилдешти. Алар кеткенден кийин жинденген офицерлер бардыгыбызды өйдө-төмөн чуркатышып, улам-улам «газы!»

деп команда беришип, кечке машыктырышты.

* * *

Биздин ротада 128 жоокер болсо, алардын 50гө жакыны «партизандар» болчу. Алардан күндө туугандары кабар алышып, нан, мөмө-жемиш жана башка тамак-аштын түрлөрүн алып келип беришчү. Түркмөн улутундагы жоокерлерди чакырышса дагы дасторкондоруна бизге бир сындырым нан бербей шилекейибизди агызгандыгы али күнгө эсимден кетпейт. Нандын ордуна сухарик жеп дайым ачка жүрөт элек. Мурда Ооганстан жөнүндө расмий маалымат укпасак да саясий окууларда Ооганстан жөнүндө айтыла баштады. Күн суук, жата турган жерибиз жок, тамагына курсагың тойбой, күн сайын кайталанган аскердик машыгуу аябай жүдөтүп жиберди. Тезиреек Ооганстанга жөнөтсө экен деп дегдей баштадык. 17күн тургандан кийин тревога болуп, 27-декабрь күнү таңга жуук Ооганстандын чек арасынан өтүп, ич тарабына карай жол тарттык. Жоокерлер арасында коркуу эмес, толкундануу үстөмдүк кылып жатты. Эрте менен туруп чуркамай, жер тепмей сыяктуу машыгуулардан кутулдук.



СССР. Эң түштүктөгү белги

* * *

Алыс жолго чыккандан кийин БМПнын ичи тынч болот экен, күүлдөгөн техниканын добушунан эч нерсе укпайсың да, көрбөйсүң да, эрмегин уйку. Команда менен токтогон учурда түшүп бошонуп аласың, колоннанын алды дагы, арты дагы көрүнбөйт. Менин байкашымча бузулуп, жүрбөй калган техникаларды жолдон чыгарып, топтоп, аларды коргой турган жоокерлерди калтырып баратышты.

* * *

Ооганстандагы ошол күндөрүмдү эстеп, эсептесем, андан бери 35жыл толук өтүптүр. Ал кезде 20 жашта элем, бир маалда мезгил келип, калем кармап, аскердеги күндөрдү кайрадан эскерем деген ой жети уктасам түшүмө кирбегенин окурманга айта кетейин. Алдыбызда эмне

күтүп турганын маалыматы бар командирлер гана билбесе, калганыбыз нес баскандай берилген буйруктарды гана аткарып ары-бери чуркап жүргөнбүз. Жаңы жылды тосконум эсте калыптыр, жолдо бир сутка токтогонбуз. Алыс кетпегиле, бардыгың өз ордуңда болгула деп эскертилди. Колонна жолдон чыгарылып, ар бир бөлүк техникасын өзүнчө тизип коюшкан. Алыска кайда бармак элек, ары-бери чуркап жердештерди издемей. Казак, калмык, кыргызга окшогон жүздү көрсөң сурай коесуң кыргызсыңбы деп. Экинчи батальонго өтсөм артымдан желкеме бирөө урат; бурулсам Сарыбаев Шакир! Экөөбүз кучакташып көпкө турдук сүйүшкөндөр табышкандай. «Тирүүсүңбү, эмне кылып жүрөсүң пулемот көтөрүп, дивизиянын штабында почталон элең го?» деп сурады. Россияга кетем деп кыялданып рапорт жазып бергенимди, баштан кечиргенимдин баарын айтып бердим. Ташполотов Каныбекти көргөнүмдү айттым. Шакир дагы көргөн жердештерди мага айтты, демек бардыгыбыз дагы көрүшөбүз кудай буйурса  деп көпкө сүйлөшүп отурдук. Коштошордо токтоп тур азыр келем деп эки сгущенное молоко, тушонка, печенье, конфет алып келип берди, жаңы жылга аяз атанын белеги деп. «Майлуу-сүттүү кызматта окшойсуң, достум!» деп өтө кубандым бала бакчанын балдарынан бетер. «Кам санаба, жолукканда порцияңды алып турасың» деп койду.

* * *

Советтер Союзунда Олимпиада өткөн 1980-жылдын жаны жылын өшөнтип тосконбуз. Аскердик машыгуу учурунда биздин бөлүк Ооганстандын Кандагар шаарына барып жайланат деп түшүндүрүшкөн. Ооганстан жөнүндө үйгө кат жазганда эч нерсе жазбайсыңар деп катуу эскертишкен. Үй жактан болсо көптөн бери кат албай калганмын. Туруктуу  токтогон жериң болбогондон кийин каттан дагы үмүт кылбайт экенсиң. Өз үйүмдөн жеңелерим анча-мынча кат жазбаса мурда деле сейрек кат алчумун. Негизинен туугандар, класcташтар, достор менен кат жазышып турчу элем.

* * *

Биз бараткан жолду оогандарга Советтер Союзу куруп берген экен. Ошончо каз тамандуу жайнаган аскердик оор техникалар өтүп жатса да жолдун бети чийилбептир! Андай сапаттуу салынган жолду мурда Кыргызстандан да көргөн эмесмин. Туурасын айтканда, Баткен деген алыскы кичинекей айылда чоңоюп, Ош шаарынан ары

жакка өткөн эмесмин. Биз тараптан борборубуз Фрунзеге Ташкент аркылуукаттап турушчу. Бир суткалык эс алуудан кийин "по машинам!" деген команда берилип, кайрадан жолго чыктык. Шиндант деген провинцияга келгенден кийин аэропорт тарапка бурулуп, 7-8км жүргөндөн кийин дөңсөөлөрдөн өтүп, тегиздикке өтүп жайланып калдык. Январь айы. Күн ачык, жылуу экен. Ар бир взводго чатырлар тигилип, экиден темир меш курулду. Бирок матрас, одеял, шейшеп дегенден эч нерсе жок эле. Айланабызда жалбырагы тикендүү камгактар өсөт экен. Плащ-палаткаларга чогулутуп келип ар кимибиз өзүбүзгө жай даярдадык. Лагердин айланасын бир чакырым аралыктан кийин айлантып бир жарым метр тереңдикте траншей каздырып таштаптыр. Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндө көргөн кинолордогу окопторго окшош эле. Күн алыс ошол окопторго барып күзөттө турабыз. Күн ачык болсо жакшы, эки-үчөөбүз биригип алып, кезек менен бир аз уктап алабыз.Текшерүү келсе алыстан эле билинет, дароо жай-жайыбызга тура калабыз. Аралыгыбыз 10метрден болсо керек эле. Жамгыр жааса шорун каткань, кээде түнү менен жаачу. Бир күн аскердик машыгуу болсо, бир күн күзөт согуштун жытын сезсек дагы өзүн көрө элек болчубуз. Жайланышканыбыздан кийин «партизандарды» үйлөрүнө кайтара башташты, бир айга жетпей алардан эч ким калган жок. Ордуларына болсо толуктоо келе баштады.

• • •

Биздин ротада Кыргызстандан төртөө экенбиз. Үчөөсү Бишкектен, түштүктөн мен жалгыз элемин. Кийинчерээк Кара-Суу районунан Атабаев деген өзбек жигит кошулду. Сапар Бишкектин Төкөлдөшүнөн болчу. БМПнын водитель-механиги эле.Фамилиясы Раб деген Юрий аттуу орус жигити Бишкектеги 110-кварталданмын, Камил деген жигит Рабочий городоктонмун деп айтчу. Улуту кыргыз болсо дагы кыргыз тилин жакшы билчү эмес. Анча-мынча тревога болуп, айланабыздагы айылдарга барып жүрдүк, биз баргыча душмандар качып кетет, изин да таппай кайра келебиз. Бизден башка бөлүктөр да душмандар менен кагылышыптыр, жоготуулар болуптур деген каңшаарларды анча-мынча угуп жүрдүк. Кызмат кылган бөлүгүбүздүн номери, Ташкент шаары (Учебный центр) дареги менен жазган үйгө жазган каттарыбызга жооп келе баштады. Ата-энем сурашыптыр. Ташкентке келип калыпсын, дарегиңди так жазгын барып көрүп келели дешип. Ошондо катты окуп

алып, жүрөгүм бир толкуду дейсиң, көздөрүмдөн чыбырчыктап жаш агып кетти. Ата-энемди, досторумду, тууган жеримди абдан сагынганымды мына ошондо билдим. Кайдагы Ташкент, керек болсо кайда жүргөнүмдү билбеймин, 2-3 айдан бери канчалаган кыйынчылыктар баштан өттү, жок дегенде адамча чечинип, шейшепке да жата элекпиз.




* * *

Каттын жообуна болсо «биз Өзбекстандын бир чөлүндөбүз, өзүбүздү да билбейбиз кайсы шаарга жакын экенибизди. Аскердик полигон куруп жатабыз, мен жыгач уста болгондугум үчүн ушул жакка жөнөтүштү, кабатыр болбоңуздар баары жакшы» деген жооп жаздым. Каттар тез-тез келе баштады, кээде жазган каттарымдын жообу бир жумада кайра барчу. Бирок ручка,конверт,кагаз табуу проблемага айланды. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндегидей жазган катыңды үч бурчтукка бүктөп, конвертсиз эле тышына дарегин жазып жөнөтүүгө уруксат берилди. Биз болсо барган каттарды лезвия менен абайлап ачып, кайрадан оодарып, конфеттердин ширеси менен клейлеп, кайра жөнөтүп жиберчүбүз. Адам баласы зарыл болгон керек нерсенин жолун сезсүз издейт экен.

* * *

Коргонуу позициясындагы түнкү күзет күн алыс улана берди. Кышында тез-тез жамгыр жаап тургандыктан андан бекинүүнүн да ыкмасын издөй баштадык. Күзөттө турган траншеялардын астын туурасын бир метр, бийиктигин 50см. оюп кирип, андан мору чыгарып алдык. Кийген каскаларыбызга БМПдан солярка куюп көтөрүп барабыз. Жамгыр жааса ичине кебез салып күйгүзүп коюп кезеги менен жылынып турабыз. Траншеянын үстүнө плащ-палатка жабылгандан кийин оттун жарыгы билинбей калчу.Таң атканда бири-бирибизди көрүп каткырып калаар элек. Кийинчерээк бул көрүнүш адатка айланып калды. Себеби тиш көздөн башка бети-башыбыз, колдорубуз капкара негрлерге окшоп бири-бирибизди тааныбай калчубуз. Офицерлер билишсе дагы позицияңарды бекем кармап өзүңөргө сак болгула деп эскертүү

беришип, эч кимди жазалаганда эмес.

* * *

Берген тамагына эч кимдин курсагы тойбойт болчу, он балага бир кичинекей кара нан бир тиштемден араӊ жетчү. Ал кара нанда кээде сухарикке алмашып, үй жактан сөз козголуп сүйлөшүп калабыз, ар ким өзүнүн улуттук тамактарынын даамдуулугун даӊазалап, мактап, айтып түгөтө алчу эмес. Бир күн бизди аэропорттун аймагын иретке келтирүү үчүн жумушка алып барышты. Кечинде алып барган унаабыз бузулуп жүрбөй калгандыктан, нан заводунан нан алып кайткан «Уралга» түшүп кайттык. Кузовуна секирип чыксак толтура печкадан чыккан ак, кара нандар экен, жагымдуу жыты тим эле буркурайт. Лагерге жеткиче бирден ак нанды түгөтүп, экинчисинин жарымына жеткен элек. Түшкүлө деп команда берилгенде жарты нандан койнубузга ката түштүк. Нан ташыган офицер жегенинер азбы деп сөгүнүп, кайрадан сууруп чыгып кузовко ыргытты. Адамдын өзү тойсо дагы көзү тойбойт дегендей, чындыгында биз тойгонубузду сезген эмеспиз. Мойну-башыӊды гана жуунуп, мончону көрбөгөндөн кийин жоокердердин бардыгын бит басып, шинелдердин тышына чейин чыгып кеткенин көрдүк. Аларга БТР деген ат коюлду. Колтугуӊа колуӊду салып жышынсаӊ сөзсүз бир-экини таап чыгасыӊ. Мындай абал кадимки көрүнүшкө айланып, эч кыжалат болбой деле калдык. Көбүрөөк кашынгандарга БТР чабуулга өтүп жатышабы деген аламзаада мыскылдуу тамашалар айтылып турчу. Жараткан өзү мээримине алганбы,айтор, жугуштуу оорулардын жайылып кетишинен сактап турган.

* * *

Аэропортко жумушка барып келгенден эртеси түштөн кийин кубанычтуу кабар уктук. Биздин взводду даярдангыла, нан заводуна командировкага барабыз, кийим-кечеӊерди тартипке келтиргиле деп жап-жаӊы ич кийимдер таркатылды. Биз үйүбүзгө кайта тургандай сүйүндүк, ачык абада болсо дагы жылуу сууга жуундук, тарандык, ич кийимдерди жаӊысына алмаштырдык. Хб шинелдерди кагып силкип БТРден тазалап, катуу даярдандык. Эртеси айдоочу-механик, оператор, командир отделениеден башкасын«Уралга» салып алып нан заводуна жумушка алып барышты. Ичине нан бышыруучу үч меш орнотулган, палаткалары бар нан заводунун түндүк жагына армиянын кампалары,госпитал түштүк жагынан автобат, зениттик-ракеталык полк

жайгашыптыр. Андан ары аскер бөлүктөрү катары менен жайгашып учу кыйры жок. Бизди мештер жайгашкан палаткаларга киргизип кандайча иш жүргүзүшөт техникалык коопсуздуктары менен тааныштырышты. Биз болсо палаткаларга киргенде эле пөчкадан чыккан ысык ак нандарды бирден кармадык. Тыюу салган эч ким болгон жок, камырын кандай даярдап,кантип мешке салып бышырат деп түшүндүргүчө бирден нанды түгөтүп койдук. Нан заводунун ысык сууга жуунучу душу бар, каалаган тамагыңды өзүң бышырып жей турган шарты бар бейишке туш болдук. Нан үч сменада бышырылат экен. Пөчка бузулбай турса сменаң бүткүчө эч бир тыным болбойт. Нан бышыруучу адис жоокерлер көпчүлүгү өзбек улутундагылар болуп, нан заводунун башчысы прапорщик экен. Мыйзамдары катуу,темирдей тартипти сактаган Советтер Союзунда коррупция гүлдөп өнүккөнүнө ошол кезде акыл дараметим анчалык жеткен эмес экен. Аскердик тартип менен өндүрүшүн жүргүзгөн нан заводундагы адатка айланган көрүнүштөрдү мисалга келтирсе түшүнүктүү болот деген ишенимдемин.

* * *

Аскер бөлүктөрүнөн нан алууга келген офицер прапоршиктер же жоокерлерин жиберишеби кезеги менен тушонка,изгущонканы ящиги менен, ак кантты кабы менен, малдын этин бүтүнүчө "бахшиш" деп алып келип турушкан экен."Бахшиш" дегени белек катары кабыл алынган нерселердин маанисин түшүндүрөт болчу. Кезеги келгенде кур кол келгендердин кезеги кечиктирилип же печкалар бузулуп калчу. Кечээ эле каткан нандан көзүбүз өтүп жүргөн болсо самса, куурулган эт, ыссык ак нандын кабыгын гана изгущонкага матырып жеп калдык. Жумушубуз өтө оор болсо дагы башкаларга салыштырмалуу жашообуз бейиш болду. Конистраларга суудан кайнатып куюп, ак кант дрождон салып жылуу жерге коюп койсо бир жумада брага даяр болот. Туулган күн жана башка салтанаттуу маарекелер тез-тез өткөрүлүп, баштан кечирген кыйынчылыктарды дароо эле унуттук.

* * *

Бир күнү бир жоокер келип өзбектерден кыргызча акцент менен Ураим деген жигитти чакырып койгула деп суранып калды. Бизге башчылык кылган наабайчы жоокер ал жок, сменасы бүтүп, уктап жатат деп жооп берди. Көзүмө жылуу учурады, алдына барып «кыргызсыңбы?» деп сурадым. Ооба дейт.

-Каерденсиң?

-Оштон.

-Өзүнөнбү же айылданбы?

-Чон-Гараданмын.

- Баткенден болосуңбу? - деп сүйүнүп кеттим.

-Жок, биздин айыл Кадамжай районуна карайт,- деди.



Сол жакта Сатыбаев Мырзабек Кадамжай району, Мурзали Араван району

Демек дарыянын аркы өйүзүнөн экен, мен Баткенден болом дедим. Аты Мырза, зениттик-ракеталык полкто кызмат кылат экен. Ураим экөөбүз бир палаткада иштесек дагы сменабыз башка болгондуктан, бири-бирибизди тааныбай жүргөн экенбиз. Палаткасынан ойготуп чакырып чыктым. Мырза экөөбүздү тааныштырды. Сменадан чыкканда күндүзү бош болуп калсак Мырзанын бөлүгүнө чуркап барып жолугуп турчумун. Чиркегичтер сүйрөгөн ракеталар үстүлөрү жабылып тизилип турчу. Буларды атасыңарбы деп сурасам, жок, арчып тазалап, дайым даярдыкта кармап турабыз деп жооп берди. Айбатын караганда бирөөсү эле бир чоң кыштакты жок кылып жиберсе керек.

* * *

Нан заводдогу турмуш аскердик кызмат эмес эле бир мекемеде иштегендей өтүп жатты. Кээде бош убакта госпиталга барып медсестра кыздарга көз тойдуруп келчүбүз. Алар менен таанышып жөн гана маектешип отуруу үчүн 300-500 авгани телөшүң керек экен. Акчабыз жоктугунан сүйлөшүүгө аракет дагы кылган эмесмин, эпчилдер кыздар ары-бери өтсө сөз таштап тийишип калса алар мурчуюп унчукпай басып кетишер эле. Кыздардын жүзүн ары-бери баскан келбетин көргөнгө шүгүрчүлүк кылгандан башка айлабыз жок болчу. Командировкабыз бир жарым айга жакындап калганда бүтүп,аскер бөлүгүбүзгө кайтып келдик. Мурдагы жайыбыздан жылып дивизиянын штабына жакын Герат Кандагар чоң жолдун күн чыгыш тарабында жайгашыптыр. Өзгөрүү чоң

болуптур: палаткалар жоокелерди катарга тизгендей ирети менен тигилип, маңдайында финский үйлөрдөн полктун штабы курулуп жатыптыр. Штабдын арт жагында тикенектүү зымдар менен курчалып автопарк жайгашыптыр.Техникалар каз катар тизилип айбатуу сүрү бардай көрүнүп калыптыр. Палаткаларга кирсек эки арыстуу кроваттар матрац простина подушка одеялдары менен, асты болсо тактай пол. Ар бир взводко бирден палатка тигилиптир. Асты жагыбызда танковый полк, үстү жагыбызда артиллериялык полк, андан ары десанттык батольон противотанковый дивизион дагы башкалар болуп уланып кете бериптир. Мунун баарын саймедиреп жазып жатканым - үйгө кайтканга чейин лагерь ошол жерде туруп калган болчу. Мен кызмат кылган мотоаткычтар полкунда Кыргызстандан кыргыз жоокерлердин өзү эле жүздөн ашык кызмат кылган. Башка улуттагылар андан дагы көп болсо керек эле. 1981-жылы июль айында биз үйгө кайтканда Ош облусунан 400 жоокер толуктоого барганы эсимде. Полкко дагы Ооган армиясынын аскер кийиминдеги бир батальон "партизандар" кошулуптур. Көпчүлүгү сакалдарын өстүрүшкөн улгайып калган кишилерге окшоп турушат эле. Көтөргөн куралдары бүктөмө автоматтар, булар эмне кылышат, кайда барып согушат, бизге белгисиз болчу.

* * *

Угушубузга караганда, колдоруна айына он беш миң авгани маяна алышат экен. Союзда болсо ошол кездеги акча менен 1000 сомго жакын айлыктары банкта сакталат экен. Бүгүнкү нарк менен эсептегенде айына эки миң доллар айлык алышкан болот. Биздин офицерлер дагы 1000 сомдон өйдө алышат деп угуп калчубуз. Жоокерлерге чек менен төлөнчү. Катардагы жоокерге он чек акча төлөнчү. Бир чек союздун үч сомуна алмаштыруучу.Мисалы бир бөтөлкө арак 25 чек болсо союздун акчасына 75 сомго бааланган. Союзда болсо болгону 4 сомдун тегерегинде сатылып турган. Ооганстанга темир жол жоктугунан ок - дары күйүүчү май, тамак- аш, курулуш материалдары автоунаалар менен ташып турган. Ошондуктан эки тарапка тең контрабандалык товарлар кеңири ташып турганын жоокерлер арасында сөз кылган учурлар көп болгон.

* * *

Биз келгенден кийин жаңы ич кийимдер берилип, мончого түштүк. Мончобуз болсо дивизиянын штабына жакын жерде чоң булактын

астында палаткалар тигилип атайын адистештирилген автоунаалар суу ысытып берип турчу. Биз жуунуп бүткүчө кийимдерибизди дезинфекция кылып берчү. Ошентип БТРлерден да арыла баштаганбыз. Лагерде турганда мото аткычтардын негизги кызматы караулга чыкчубуз, кезеги келгенде лагердин айланасындагы постторго БМПлар менен барып күзөткө турчубуз. Түнү менен прожекторлорун күйгүзүп көзөмөл катуу болчу. Күндүзү болсо кечке уйку, анткени тегиз талаа болгондуктан 1-2км аралыктан мышык өтсө да көрүүнүп турчу. Лагерде болсо көбүнчө оңдоп түзөө курулуш иштери жүрүп жаткан. Ротанын командирине 3Х3м размеринде жер төлө казып, айланасын калың таштар менен дубал куруп, үстүнө палаткасын жаап бергенбиз. Самолеттон бомба таштаса дагы ичиндегилер эчтеке болбойт. Башка ротанын жоокерлеринен көп жолу операцияларга чыккандарын кыштактарга, тоолорго барып душмандар менен беттешкенин угуп жүрдүк. Айткандары чындык болсо бүт денеңди коркунуч бийлеп, чочулоо дагы пайда болот, биз качан туш болобуз дегендей.

* * *

Апрель айынын башталышы эле. Москвадан коргоо министрлигинен комиссия келет экен деп катуу даярдык көрүлө баштады. Палаткалардын алдына эки жагына таштар тизилип, акиташ менен актап, дневальный турган жерлер грибоктор орнотулуп, өзүнчө эле аскер шаарчасына айланып калды.Тамактанчу жайды ачык асмандын астына тизеге чейин чуңкур казып, столдорду жасадык. Кыскасы, бардыгы иретке келтирилди, автопарктагы темир тезектерге чейин тазаланды.Апрелдин 16- числосунда 105-мото аткычтар дивизиясынын бардык аскер бөлүктөрү тизилген чоң салтанат болду. Жоон топ генералдар баштаган полковниктер коштогон жан сакчылары кайтарган жогорку чиндеги офицерлер тобу трибунага чыгып сөз сүйлөштү. Бизди мамлекеттин тапшырмасы менен интернационалдык милдетибизди аткарып жаткандыгыбызды белгилешип, кужүрмөндүүлүккө, ар намыстуу болууга чакырышты. Андан кийин эки үчтөн бөлүшүп, аскер бөлүктөрү тизилген жерге жакын келишип, жоокерлер менен саламдашып, алдыңкы катардагылардан жашоо шартыбызды, маанайыбызды дагы сурамжылашты. Фото корреспонденттер, журналисттер дагы кошо жүрүштү. Биз турган катарды дагы жаркылдатып сүрөткө тартып алышты Кийин биздин сүрөт “Красная

Звезда" газетасынын биринчи бетине чыгыптыр, алысыраактан тартылгандыктан өзүбүз араң тааныдык, кубанычыбызда чек жок эле. Көпчүлүк үйлөрүнө да жазып жиберишти "Красная Звезда" газетасын таап, биздин сүрөттү карап койгула дешип. Архивде сакталса бүгүн дагы ошол сүрөттөр тургандыр. Ошол күнү түн ичинде тревога болуп, Герат шаарына карай рейдке аттандык. Сухой паек, ок- дары керегинче берилди, кааласаң үчтөн магазини бар, эки подсумка асып ал. Герат шаарынын айланасында жайгашкан кыштактардын бирине үч терт км. калганда токтодук. Рота тизилгенден кийин ротный ага лейтенант Крокотин: "Бүгүн биз душмандар менен бетме бет салгылашыбыз мүмкүн, ошондуктан бардыгың ээлеген позицияңарга окоп казып, маскировка кыласыңар. БМПда водитель механик менен оператор наводчик гана калат. Душмандар чабуул коюшу мүмкүн жеке өзүм текшерип чыгам, тамактанып алып буйрукту аткарууга киришкиле!",- деп буйрук берди. Жаз мезгили болгондуктан, жер жумшак эле, эки саатка калбай, баардыгы казып бүтүштү. Текшерүү мезгилинде анча мынчасына: "Сволочтор, бул окопко өзүңдү көмсө өлүгүңдү ит куш дароо эле жеп кетет!",- деп сөгүнгөнү бардыгына угулуп турду. Казылган окопторубузда бир сутка жатсак да чабуул коюлган жок.

* * *



Аким, Чоң Алай району

Эртеси эрте менен БМПга чыгууга команда берилип, кыштакка жакындап бардык. Бир жак тарабын курчоого алгандан кийин "пехота, земля!" деген команда берилди. БМПнын арткы эшиктери ачылбагандыктан люктан секирип түштүк. Шумдугуң кур. кыштактан мендүрдөй ок жаадырып жатыптыр, секирип түшкендөн кийин жерге жата калдык. Октун ышкырыгынан баш көтөрүүгө жүрөк даабайт. Кыштактын айланасы бийик дубал менен курчалгандыктан кайдан атып жаткандары көрүнбөйт. Кыштакка карап атып коесуң, бирок эмнени

атып жатасың, өзүң да билбейсиң.

* * *

Кокустан болгон күтүлбөгөн атышууда адамдын эң аяган жери башы болот экен. Кичинекей таш көрсөң дагы эптеп жетип ошого башыңды бекитесиң, калган жагыңды ойлоого да акылың жетпейт. Бир кезде ротный "Алга, ураа!",- деп кыштакты карай чуркап жөнөдүк. Жанындагылар да артынан чуркап жөнөштү, анан бардыгыбыз чуркап жөнөдүк. Кыштактын четинен тереңдиги адамдын белинен келген жайык канал агып өтөт экен. Каналдан өтөөрүң менен кыштакты курчаган бийик дубал башталат. Бир гана кичинекей эшиги бар 100 метр асты жагынан дубал 90 градуска бурулуп кеткен эле. Мен ошол бурулушка карай чуркадым, астында деңсее бар экен. Ошол деңсөөгө чуркап чыктым, кыштактын ичи көрүнбөйт, дубал ылдыйлап кеткендиктен наркы учу көрүнбөйт. Кайра чуркап эшиги бар жагына өттүм. Бардыгы ичине кирип кетишкен экен. Мен дагы чуркап кирдим. Узундугу 50 метрге жакын, аралыгы 2-2,5метр келген дубалдар урулуп үстүнө тигилген жүзүмдөрдү таштап коюшуптур. Алардын аралыгыдан чуркап өттүм, ошондой эле туурасынан урулган дубалдарга туш келдим. Куралдаштарыма дагы жете келдим алар дубалдардан ашып өтүп жатышкан экен. Душмандар кыштактын ич жагына чегинип кетишкенби, бизге каршы атылган окторго туш болгон жокпуз.

* * *

Дубалдардын он чактысынан ашып өтүп калганбыз, биздин вертолеттор төртөөсү катары-катары менен келип кыштакты аткылай башташты. Кыштакта болсо биздин рота салгылашып жаткан. Бир маалда кыштактын ортосундагы мунарага снаряд тийдиби, жарымынан өйдө жагы кулап жөнөдү. Айланасыдан чыккан чаң асманга көтөрүлдү, мындай азан чакырылуучу мунаралар ар бир кыштакта, шаарларда көп болчу. Вертолеттор төртөө учуп өтсө артынан дагы төртөө учуп келип кыштакты аткылай башташты. Аларга баары бир эле, советтик жоокерби, душманбы, көздөрүнө көрүнгөнүн ата башташты. Ошол кезде "Чегингиле!",- деген команда берилгенби, алды тараптагылар артка карай кача башташты. Бир кезде бети башы канга боелгон эки жоокер жардам бергиле деп кыйкырып келип калышты. Экөө тең менин взводумдан, Зайнулин башкыр,Пашаев азербайжан улутунан болчу. Экөөнүн тең автоматтарын алдым дагы артка карай дубал ашып качып

жөнөдүк. Төрт дубалды аша элегибизде вертолеттор дагы келип калышты. Дубалдардын ортосуна шыйрактан өйдө суу коюп жиберишиптир. Үчөөбүз тең сууга жата калдык алдында мен элем. Үстүбүздөн атылган пулеметтун октору сууга чопулдап тийип жатты. Өзүмө келсем экөөнүн арт жагына өтүп кетиптирмин. Кантип өткөнүмдү өзүм дагы билбеймин, бир гана нерсени билем, октор сууга чопулдап сууга тийип жатканда көз алдымдан ата-энем, бир туугандарым, досторум картина болуп өтүп жатты, кантип эле ошолорду кайра көрбөй оо дүйнө кете беремби... деген ой келди.

* * *

Анткени тырнактай коргошун денеңди аралап өтсө калган жагы белгилүү да эмне болору. Вертолеттор учуп өтөөрү менен дагы дубалдарды аша баштадык, ар биринен ашуу өзүнчө тозокко айланды. Кыштактын четиндеги эшикке жетип келгенибизде командир отделение сержант Мухамедов ошол жерде экен. Зайнулин биздин отделениеден эле. Мухамедов дароо өзүнүн "хыбысын", майкесин айрып жиберип анын башын таңа баштады.Вертолеттор дагы келип калышты, башкасын билбеймин, мен жакын жердеги тамырынан чыгарып өскөн тыттын арасына кире качтым. Эки жарадар дубалга сүйөнүп отурган жеринде качалбай калышыптыр. Баштарын үстүнө бир карыштай болсо бирок, тийген октор дубалды агартып жибериптир. Вертолеттор өтөөрү менен кыштактан чыгып БМПга карай чуркап жөнөдүк. Жеткенден кийин карасам, мен өзүмдүн пулемотумду алып, экөөнүн автоматтарын таштап келиптирмин. Сержант Мухамедов "хыбысын", штык нож, куралдарын таштап келиптир. Эки автоматка өзүмдү жоопкер сезип, Мухамедов экөөбүз чуркап жөнөдүк, барсак бактыбызга бардыгы жай жанында жатыптыр. Курал жоголсо трибуналга берип катуу жазалаша турган. Асман ачык болгондуктан күн аябай ысык болчу, бирок биз үшүгөндөй болуп ичиркенип турдук.

* * *

Вертолеттор дагы эле учуп өтүп жатты. Ротный взвод командирлерине жоокерлерин тактоону буюрду. 1-взвод командири Бабыло, 2-взвод биздин командир Ланшаков Ташкенттик эле. Атасы ТуркВОдо кызмат кылган полковниктин уулу экен. Мүнөзү да кыздарга жакыныраак, чебеленип кыйкырып чуркап жүрө берчү. Анын кыйкырганына көнүп да калганбыз, эч ким анчалык чочулоочу эмес. 1-чи

взводдун командири Забыло мүнөзү катаал, айтканын аткарткан офицер эле. 3-взвод командири лейтенант Корпенко болсо токтоо мүнөз, башкаларга сырын билдирбеген, акырын сүйлөсө да буйругу айткан айткандай аткарылчу. Пулеметтук взводдун командири, прапорщик фамилиясы эстө жок. Бирок жүдөңкү жоокерлерден айырмасы жок эле. Ротный, ага лейтенант Крохотин кандай кырдаалга туш келсе дагы өзүн жоготпой, офицердик намысын сактаган өтө шамдагай эле. Жоокерлердин саны такталгандан кийин биздин взводдон Лопаткин деген жоокер жок болуп чыкты. Арыкчырай, узун бойлуу, мүчөсү келишкен украин жигит эле. Кол жазмасы өтө сулуу болгондуктан, ротанын писары кызматын да аткарчу. Сүрөттү укмуштуудай таркандыктан калем менен эле куралдаштарынын сүрөтүн өзүнө окшоштуруп тартып койчу. Башкалардан бардык сапаттарынан өзгөчөлөнүп турган, биздин тил менен айтканда, ыймандуу жигит эле.

* * *

Вертолеттордун учуусу толук токтогондон кийин ротный 1-взводду ээрчитип кыдырууга өзү кетти. 2-взводдо жарадарлар башкалардан көбүрөөк окшойт. Бирок оор жарадарлар жок экен, бардыгы бети-башын, колдорун таңдыргандан кийин басып жүрүштү. 1-взвод менен барган ротный жарым саатка жетпей Лопаткинди таап келди. Көпчүлүгү эмне болуп окко учкандыгын көрүүгө кызыгып чуркап барышты. Мен аскерге чейин өлгөн адамды жанынан көргөн эмес элем, барып кароого жүрөк даабады. Анын үстүнө он тогуз жашында өмүрү кыйылган жигиттин өлүмүнө кайгырып ойго чөмүлүп отурганмын. Көпкө кармашкан жок, учуп келген вертолетко салып госпиталга жөнөтүп жиберишти. Госпиталда болсо курман болгондорду жууп-тазалап, бети-башы таза болсо жүзүн көрсөткөн айнектүү темир гробторго парадкасын кийгизип салып жиберишчү үйүнө. Таанылбай калса туңгуюк эле сваркалап салышып, ачууга уруксат берилбейт экен. Лопаткинди болсо айткандарына караганда пулеметтун огу төбөсүнөн тийип бетин жарып чыгып кетиптир. Эгер курман болгондор көбүрөөк болгондо аны таануу дагы кыйынга турмак экен. Бир гана Лопаткин курман болгондуктан мындай маселе пайда болгон жок.

* * *

Ооба, биринчи салгылашуу жүрөк үчүн алган кесепеттер али алдыда экендигине эскертүү берди. Болгондо да жөнөкөй эмес, баасы жок

мыкты жоокерден айрылдык. Арты кайырлуу болсун деп Алла Таалладан сурадык, колубуздан келгени ошол гана болду. Бизге БМПларга өз ордубузга отурууга буйрук берилди. Бойницалардан куралдарыбыздын стволун чыгарып, тремпликстен карап отурууга, эгер чабуул жасалса команда болсо атууга да буйрук берилди. Андан кийин кыштакка бомбалоочу оор самолёттор учуп келе башташты. Жакындаганда ылдый карай учкан бүркүттөй чимирилишип, бомбаларын ташташкан соң кайрадан асманга көтөрүлүп артынан ушунчалык чоң жарылуулар болду. Салмагы 13тонналык БМПлар жер титирегенинен кадимкидей титиреп жатты. Дүңгүрөгөн добуш басылбай жатып чаң асманга көтөрүлүп, аллюминден жасалган идиштер асманда калкып жүрдү. Самолёттор биринин артынан бири учуп келип кинодон көргөнүбүздү өңүбүздө карап отурдук. Абадан чабуул токтогондон кийин кыштактан элдер качып чыга баштады. Бардыгы кыйкырып-өкүрүп жарадарларын сүйрөп,аралыгы 200метрден келген айланма дубалдын эшиктеринен чубашып чыга башташты. Бизге “пехата земля!”,- деген команда болуп, сыртка люктан секирип чыктык.


Фото: Топчубай Алай району, Азиз Ноокат району

Элдерди бир жерге топтоого буйрук берилди. Биз куралдарыбыз менен ишарат кылып, корккондорунан ден дароо болуп калгандарга асманга ок чыгарып, тезинен чогултуп жаттык. Чыккандардын аягы суюлгандан кийин Ооганстан бийлигинин өкүлдөрү өздөрүнүн жарандарын тактай башташты. Оор жарадарларын вертолётко салышып госпиталга алып кетишти. Алардын башына түшкөн муң-кайгыны карап турган [illegible]мдында боорун оорутат эле. Жоокерлер арасында “Мен экөөсүн аттым, мен үчөөсүн аттым, андай кылдым, мындай кылдым”,- деп мактангандар дагы болбой койгон жок. Алардын айткандарына ошол операцияга катышпаган ким дагы болсо ишенмек. Куйкум сөздүүлер бирок мактангандарга “Ой, мен сенин башыңды көтөрүп чуркаганыңды көргөнүм жок, жерден бир нерсе жоготкондой өрмөлөп жүрдүң го?”,- деп тамаша менен сөзгө жыгып жатышты.

Ошентип алгачкы чыныгы согуштун тушоосу кесилди, мурда согуш жөнүндө кинолорду аябай кызыгып көрчүүбүз. Өз башыңдан өткөрсөң айырмасы такыр башкача экен, өмүрүң кыл учунда турганын, жан деген адамга аябай таттуу экенин дароо сезесиң. Бирге жашап, бирге өскөндөрдүн бардыгын жиниңе тийип, жек көрүп жүрсөң дагы сагынасың. Ата-журтуңду, мекениңди, айылыңды сагынасың. Кайра көрбөй каламбы деген кыжаалаттык акыл-эсиңди, сезимиңди бийлеп алат. Бара-бара операцияларга тез-тез катышып, андан да коркунучтууларын башыңдан өткөргөн сайын согушка, канга көнүп дагы кетет экенсиң. Анткени аскер-милдетиңди аткарып бүтмөйүнчө үйүңө кетпейсиң же тирүү, же өлүгүң кайтат. Коркконуңду билдирсең сырың ачылат, абийириң кетет. Көпчүлүктүн шылдыңына, эрмегине айланасың. Ар намыс, эрк баарынан жогору экенине акылың жетсе сый урматың дагы өз ордунда сакталат. Тагдырдын сыноосуна туруштук берүү бир гана күчтүүлүктү, шамдагайлыкты талап кылбайт, сабырдуулук, чыдамкайлык дагы негизги ролду ойнойт экен. Күчтүүмүн деп күржүйгөндөрдүн арасынан коён жүрөктөрдү дагы учуратууга туура келет, чыныгы өлүм менен тирүүлүк ортосунда кармашкан учурларда. Мына 35-жыл өтсө дагы өткөн күндөрдү эскерүү ошол кездеги жан дүйнөңө бүлүк салган дагы эле кошо жашап келет.

• • •

Ооганстан согушу саясаттын чордонуна айланган чоң тема болсо дагы, ошонун деңизиндеги бар тамчысын, катардагы жоокердин тагдырын боёксуз окурманга жеткирүүгө аракет жасадым. Ак-караны ажыраткан окурман ачуу чындыкты акыл калчап сезе алат. Мен басып өткөн тагдырды Кыргызстандын өзүнөн эле 7 миңден ашуун жоокер басып өттү. Советтер Союзунан болсо 600миңден ашуун куралдаштар басып өтүштү. Ооган согушу туурасында канчалаган көркөм фильмдер тартылып, эскерүүлөр жазылды. Кантсе дагы бул чындык экенин сыясы кургай элек тарых экенин келечек муунга сабак болорун сезген жан дүйнөм калем кармоого мажбур кылды. Жазда жарыш башталат дегендей, согуштук операциялар биринин артынан бири улантылып берди. Лагерге кайтып келгенден кийин биздин полкубуз Фарах тоолоруна карай дагы операцияга жөнөп кетти. Биздин рота ок-дары сакталган кампаларды кайтарып күзөттө калган болчу. 8-май күнү тревога болуп, биздин ордубузду аскердик оркестрдин музыканттары,

санчаста жаткан жеңил оорулуулар алмаштырышты. Жеңиш майрамын болсо жолдо тостук. Ошондо улуу Жеңиштин 35-жылдык юбилейи болгондуктан, Союзда чоң салтанат өтүп жатса керек деп кыялданып койдук. Радио, телевизор деген унутулуп калгандыктан, үй жактан жаңылыктарды кат аркылуу маалымат алып турганбыз.

* * *


Арткы катарда ортодо: Мырза Кадамжай району, оң жагында Топчу Алай р-ну. Алдыңкы катарда: сол жакта Азиз Ноокат р-ну.

Фарах тоолоруна жетип барганыбызда 105-дивизиянын негизги бөлүктерү ошол жерде экен. БУАРда кызмат кылган досторумду учуратып калдым. Эмне кылып жүрөсүңөр десем комдивтин операцияны башкарган байланышын камсыздайбыз дешти. "Силердин полк катуу салгылашып жатат, биз машинадагы аппараттын жанында угуп отурабыз. Биз сени Россияга кеткен деп жүрсө согуштун очогунда жүрөт турбайсыңбы, сен жөнүндө көп сөз кылабыз",- дешти. Убакыт тар болчу, балдарга салам айткыла, мен 1-батальон 3-ротадамын, шарт болсо дагы жолугушабыз деп чуркап кеттим. Батальон турган жерге жетип келгенден кийин чалгындоо батальондун бир ротасын буктурмада курчоого алышып, тирүү жан калбаптыр, жардамга баргандарды жолотпой жатышыптыр деген кабарларды уктук. Чалгынчылар менен байланыш үзүлүптүр, үч күнден бери артиллерия граддар менен аткылашып, самолёттор дагы бомбасын таштап, вертолёттор снаряддар менен аткылап жатышыптыр. Душмандар болсо үңкүрлөргө жайланып алгандыктан каршылыгын улантып жаткан экен. Ооганстанга чейин Советтик армиянын окуу жайларында тоо шартында салгылашуу тактикасы окутулган эмес экен. Ошондуктан дивизиянын командири генерал-майор Шапалин операцияны өзү жетекчиликке алып башкарып турганы

бекеринен эмес экен.

* * *

Эртеси үч күндүк сухой паёк, бир фляшкадан суу, ок-дарыны каалаганча алууга уруксат берилди. Магазиндерди толтуруп, он коробкадан ок алдык. Биздин топко минемёттук взвод артиллериядан бир офицер, авиациядан бир офицер байланышчылары менен батальон командири өзү жетектеп тоого карай бет алдык. Биздин тапшырма - жылганын оң жагындагы зоо менен душманды тазалап,10км. аралыкты басып өтүү эле. Кечке чейин зоонуң жарымынан өйдөрөөк араң көтөрүлдүк. Күн аябай ысык эле 50өка д жетиши мүмкүн. Тоо өтө тик аскалуу болгондуктан, кээ бир жерлерде оо жүк көтөргөндөрдү жип менен тартып алууга туура келип жатты Фляжкадагы суулар түш оогондон кийин эле түгөнгөн. Ай жо болгондуктан караңгы кирип, жолду улантууга мүмкүн болбой калды. Минамёдчиктер рация көтөргөн байланышчылар астыбызда калып кетишкен. "Токтогула!"-деген команда болгондон кийин комбат комдивке маалымат берди. Комдив болсо артта калгандарды чогултуп, тан сүрүшү менен жолуңарды улантасыңар деген буйругун берди. Ар ким өзүнө ыңгайлуу жай издеп, эми эле сухой паёктун каша салынган консерваларын ача баштаганбыз. Комбат ротныйга "Бир офицер, эки жоокерди жибер, арттагыларды баштап келсин",- деп буйрук берд Ротный болсо "Лейтенант Лоншаков!",- деп кыйкырды, менин жүрөгү дароо сезди взводный мени чакырат деп. Жаңылган эмес экенмин "Сержант Бердников, рядовой Атабаев, мага келгиле!",- деп буйр берди. Сержант болсо "Түшүндүм лейтенант, жеп аткан кашан түгөтөйүн, дароо өтөм",- деди. Сухой паёгубузду шаша-пуша түгөтү алдына келдик.

* * *

Түн кирип көзгө сайса көрүнгүс караңгы эле . "Сержант, сен жо башта,сен Атабаев, артымдан басасың",- деп команда берд Бердников мен түн ичинде көз айнексиз көрө албаймын деп жооп берд Анда сен башта жолду деп мага кайрылды, эмне демекмин, унчукпа алдыга түштүм. Ал аскада ар бир кадамды коюнун өзү кооптуу эле. Тоол өскөндүгүм үчүн анча кыйналган жокмун, тескерисинче, экөөнү ко күтүүгө туура келди. Мектепте окуган кезимде адабий китептерди ко окуур элем. Кожожаш эсиме түштү. Ал биздин ордубузда болгондо 10км

эбак эле басып өтмөк. Душмандарды дагы өзү кырып салмак, биздеги куралдар менен сур эчкини да зоого чыкпай атып алмак. Жакын эле аралыкка бир сааттан ашык убакта араң жеттик. Минемётчиктер менен артка кайтуу мүмкүн эмес эле. Взводный комбатка абалды түшүндүрүп маалымат бергенден кийин эртең менен чыгасыңар деп биздин түнөп калуубузга уруксат берилди. Мен взводныйга айттым, алардан суу сураңызчы деп. Алардын командиринен сурады эле, канистраларында суу бар экен, уруксат беришти. Ал дагы күндүн ысыгыдан кайнап калыптыр, уруксат беришсе жарымын дагы ичип саласың. Бутуңду сунуп жата турган жер жок, отурган жерде эптеп жай таап ташка жөлөнүп уйкуга кеттик.

* * *

Ушунчалык чарчагандыктан көзүбүздү жуумп кайра ачкансыдык, турсак таң сүрүлө баштаптыр, тургула жөнөдүк деген команда болуп чыккан экен. Башка офицерлер түндө кантип түштүңөр бул жерлерден деп взводныйдан сурап жатышат, “Менин жол баштаган жоокерим кыргызстандык, тоодо өскөн”,- деп мактанып койду. Комбат токтоткон жерге жеткенден кийин сухой паёктон шам-шум этип. жолубузду [illegible]тык. Ошол күнү түштөн кийин тоонун башына жетип коркунучтуу [illegible]лар артта калды. Жайык жерлер учурай баштады. 10-15сотых [illegible]дигы бар жерге жеткенибизде токтогула деген буйрук берилди. Минометчиктер өздөрүнүн орудиясын орното башташты, биз болсо [illegible]ыгуу менен карап турдук. Алар көтөрүп жүргөн трубаларын [illegible]үшкандан кийин берилген команда боюнча прицелге коюшат экен. [illegible]ридан оозунан салса кайра атылып чыгып көзүбүзгө көрүнүп турду [illegible] түшкөнү. Бизге көрүнбөгөн астыбыздагы жылгааны аткылап [illegible]ышты. Карап турсак бир минасы тик асманга чыгып, кайра өзүбүзгө [illegible] түшүп келатты. Туш тарапка качып, башыбызды бекитип жата калдык. Биз токтогон тегиздиктин четине түшсө дагы кудай сактап, эч [illegible] ыяны тийген жок. Комбат минемётчиктердин командирин катуу [illegible]ди, эч нерсесин калтырбай ашата сөгүп салды. Минемёттук [illegible]оодон кийин ошол тегиздикте түнөп калдык. Жоокердин милдети [illegible] күзөткө турмай, шалаакылык кетирсең өмүрүң менен [illegible]ишиң мүмкүн. Ошондуктан өтө катуу уйкуң келсе дагы [illegible]үңө ийне сайып болсо дагы өз мөөнөтүңдү сергек өткөрүүгө [illegible] кыласың. Уйкунун шайтаны өтө күчтүү болот, аябай чарчагандан

кийин басып жүрүп дагы уктап кетип жыгылганыңды сезбей каласың. Мындай учурлар өтө көп кайталанып эсте калган.

* * *

Эртеси тоонун башы менен жолубузду дагы улантттык. Күн аябай ысыгандыктан түшкө жетпей бардыгыбыз алсырай баштадык. Айрыкча оор жүк көтөргөндөр такыр басалбай калышты. Абалыбыз жөнүндө башкарып жаткан штабка маалымат берилгенден кийин тегиздик бар жерге токтоого буйрук берилди. Токтогондон кийин авиациядан кошо чыккан офицердин байланышчысы рациясын ыргытып жиберип артына кайра жөнөдү. Сөгүнүп алган, "Урдум бардыгын, ушинтип каргыш тийген жерде бөөдө өлгөнчө калган өмүрүмдү Союзда түрмөдө өткөргөнүм жакшы, тойдум бардыгына!",- деп кыйкырат. Офицери "Кайт артыңа, буйрук беремин!",- десе дагы кулак салган жок. Ал кеткенден кийин бардыгы тунжурап, жым-жырттык өкүм сүрүп турду. Бир кезде үстүбүздө учуп келе жаткан вертолёттордун добушу угулду. Комбат бизге "Суу келе жатат, дымовой шашкаларды айланага ыргыткыла!",- деп буйрук берди. Бардыгыбызда жандануу пайда болду. Вертолёттор өтө бийикте эле күкүрттүн көлөмүндөй араң көрүнүшөт. Дым шашкалар түтөй баштагандан кийин вертолёттор үстүбүздөн өтө узун жиптерге илип келе жатышкан канистралардагы сууларды таштай башташты. Суу куюлган канистралар биз турган тегиздикке түшпөй, тоонун эки тарабындагы аскалардан ылдый карай кулап жатты. Биз болсо колубузга дым шашкаларды түтөтүп алып турган тегиздикте булгалап ары бери чуркап жүрдүк. Үнүбүздү укпаса дагы бо... ташта деген кыйкырыктар үмүт үзүлбө... чыгып жатты. Вертолёттор ула... айланып келгенде ылдыйлашы... таштагандан эки үч канистра тегиздик... түшүп, ылдый карап кулап жөнөгөнд... байланып ташталлган жиптерин... кармап калууга үлгүрүштү. Тилек... каршы оролуп байланган жиптер... кескиче ташка тийип жарылгандыкт... ичинде суулары калбай агып калыпты...



Оогандыктар биичиси

Айдоочу-механиктер, шофёрлор ремонт кылганда пайдаланган шинель бушлат матрастарга оролгондуктан, сууланышкан, капкара майга чыланган ваталарды талашып шимип жаттык. Эчтеке чыкпай калса көкүрөккө, пешенеге басабыз. Адам ачкалыкка чыдашы мүмкүн, бирок суусуз чыдоо мүмкүн эмес экенин жүрөгүбүз менен сезип турдук. Таңдай кургап калса оозуңда түкүрүгүң дагы чыкпай калат экен. Эриндериң бири-бирине жабышса, ажырабай коёт, оозуңда болсо даамы жок жабышкак нерселер пайда болгондой сезилет. Бир канистра суу төгиздикке жумшак жерге түштү, жарылган жок. Бүтүн түшкөнүн баарыбыз сездик, аны баары жетип басып жыгылышты. Биринин үстүнө бири басып жыгылышты. Комбат качкыла бошоткула деп үнүнүн [illegible]тишинче кыйкырса дагы эч ким кулак салган жок. Акыры пистолетин кабынан сууруп чыгып, асманга бир эки жолу атып жибергенден кийин амалы жок, бирден экиден тура башташты. Канистрди оролгон [illegible]иптеринен чечтиргенден кийин НЗга деп офицерлерге 3 литрден бачокторуна куйдуруп берди. Калганын бир катар кезекке тургузуп, [illegible]шканын капкагына бирден куюп берет, берген суусу тамшанып оозуңда эле калат, үч төрт жолу кайталангандан кийин аны да токтотуп койду. Башка бүтүн канистра түшкөн жок.

* * *

Ата-энем колхоздун саан уй фермасында иштеген убакта балалыгым дайыма жазында жайлоодо етчү. Баткендин Чирикти, Кык жайлоолорунда Суу-Башы, Сарыташтын суулары көз алдыма [illegible]ылды. Кандай муздак суулар булак мөңгүнүн бал татыган суулары. Малчылардын балдар кыздары бири-бирибизге чачышып суу кечип [illegible]шуп ойноочу элек. Таттуу кыялдарга батып кеткенимди езүм дагы билбей калыптырмын."Даярдангыла, жолубузду улантабыз!",- деген [illegible]нда болуп калды. Авиациянын байланышчысы ыргытып жиберип [illegible] 18кг. рациянын кезек менен көтөрүп жүрүү милдети дагы бизге [illegible]. Жолдо баратканда анча-мынча жоокерлер кулап титиреп жатып [illegible]. Офицерлер чуркап жетип НЗдагы суудан оозуна тамызса кезүн [illegible] өзүнө келсе, кичине ичирип коюшат. Дагы жолду улантабыз. Бир [illegible]и келишкен өзбек жоокер суу ичиш үчүн атайы куулук кылып [illegible] экен, офицерлер байкап калышыптыр. Комбат катуу сөктү, "[illegible] окшогон кара жанын ойлогондор мекенин дагы сатып кетет!",- деп [illegible]рды. Ал өзү уялбаса дагы башка өзбек жоокерлер жер караштьі.

Кечке жуук биз бараткан тоонун кыркасы түгөнүп, бийигирээк келген туурасынан кеткен тоого туш келдик. Тоонун үстүндөгү тегиздиктер дагы көбөйө баштады. Сухой паёкту консервалардан жемек тургай көргүбүз келбей калыптыр. Бир гана эңсегенибиз суу, башка нерсени ойлоого да мээбиз иштебей бараткандай. Консерваларды, рисовой гречка, кашаларды ыргыта баштадык, көтөрүп жүрүүгө алыбыз калбай бараткан.

* * *

Караңгы кириши менен маңдайыбыздагы тоодо душмандар бар экенин байкай баштадык, чырак көтөрүп ары бери баскандары даана көрүнүп турду. Бир гана суунун көйгөйүн ойлогон болсок, эми душмандардын коркунучу пайда болду. Эптеп таңды атырдык, алдыбызда болсо жымжырттык эч нерсе байкалбайт, бирок душмандар күтүп турганын билебиз. Комбат сактык менен жолду улантабыз деп буйрук берди, укпагандарга ишаарат менен түшүндүрүлүп маалым болду. Эч ким өйдө туруп ачык басууга жүрөгү даабайт, сактык менен алдыга жыла баштадык. Бирок эч канча жылганыбыз жок, алдыбыздан, сол жак капталыбыздан мөндүрдөй жааган октор менен тосуп алышты. Пилотканды стволдун учуна кийгизип өйдө көтөрсөң алдыңдагы таштарга ок ышкырып кетет. Биз тараптан дагы жооп кылып атып жатышты. Душмандар бийигирээк жерде болгондуктан, алар жактан үстөмдүк күчтүүрөөк эле. Мен канчалык аракет кылсам дагы кайсы жерден ок чыгарып жатышканын байкай алган жокмун. Туш келди атып берүү акмакчылык деп ойлодум да байкоону уланта бердим. Коркконунан туш келди аткандарды көп көрдүм. Кайра ошондойлор операциядан кайтканда "Мен 4 магазин огумду түгөттүм, сен канча магазин аттың?" - деп мактанып калышат. Комбатыбыз жарадар болду, жараткан өзү сактап жарааты жеңил экен, таңдырып алгандан кийин кыйкырып командасын берип жатты. Артиллериянын офицери картасын жайып өзүнүн рациясынан команда бере баштады. Дароо эле маңдайыбызда артиллериянын снаряддары жарыла баштады. Бизге карай атылып жаткан октор дагы токтоду. Жарылуу улам көбөйгөн сайын биз турган жерге дагы түшпөсүн деп чочулоо сезими дагы пайда болду. Артиллериянын офицери улам картасын карап, маңдай жагын карап командасын берип аткылата берди. Булар бизди эмнеге ээрчип жүрөт деген түшүнүксүз суроолорубуздун жообун эми түшүндүк. Душмандар

бизге кол салмак түгүл өздөрүнүн жанын сактоо көйгөйү менен иппурушуп жатышты.

* * *

Комбат штаб менен байланышып, бирдемелерди түшүндүрүп, юлдорун дагы жаңсап жатты. Биздин абалыбызды түшүндүрүп атканын сезип турдук. Комбат офицерлерди чакырып тапшырмаларды ерди окшойт, жүздөрү жайдары кайтты. Артка кайтат экенбиз деген абарды укканыбызда алдыбыздан элестеткен туман таркагандай олду. Артка 300-400метрдей басканыбыздан кийин сол тарапка үрүлүп ылдый түшө баштадык. келе жатканыбызда оң тарап болчу емек келген жолубуз менен кайра артка кетпешибизди түшүндүк. Бир ылдыйлаганда астыбыздан тоо этегиндеги тегиздик көрүндү. ипланып өтүп бизди күтүп тургандарын дароо түшүндүк. Көзүбүздөн мүттүн чырагы кайра жангандай болду. Бир катар менен чубалып шүп бараткданбыз. Ушунчалык алсырагандыктан ылдый карап буттар рөң шилтенет. Тең салмактуулукту сактабасаң ылдый карап кулап тишиң дагы мүмкүн эле. Негедир менин көзүм караңгылай баштады ын эс жайында болгондуктан баягы эле картиналар элестей баштады. дым боюндай өскөн ит мурунга окшогон ала келөкөлүү өсүмдүктүн тына отура кеттим. Артымдан комбат келе жаткан экен. "Сага эмне лду, солдат?",- деп сурап калды. Билбейм көзүмдү туман басып жатат п жооп бердим. Ал болсо желкеме бир эки жолу таптап "терпи казак, ыманом будешь"- деп өтүп кетти. Чындыгында өйдө турууга менде рман жок эле, бир жамбашыма кыйшайып жата кеттим. Уктап ндей болгон экенмин, кокусунан асты жагымдан "вода-а!",-деген йырык угулду. Мен дагы "вода-а!" деп кыйкырып турганымды билбей пым. Жаны бары бардыгы кыйкырышып ылдый карап чуркай ттү. Мен дагы секирип-секирип ылдый карап жөнөдүм. Мындай күч дан келди, ал кезде ойлоого да акыл жетпейт эле. Жолумда ик жоокер минемёттун астына койчу жалпак темирин асынган он башы ылдый карап жыгылып жатат. Эч ким карабайт, бардыгы өтүп чуркап баратышат. Мен дароо токтодум, эңкейип башын рүп карасам тирүү, көздөрүн ачып-жумуп жатат. Эмне болду деп ым туралбай калдым дейт, көтөргөн темиринин дагы салмагы 20кг. . Мен жардамдашып эптеп бутуна турду. Колтугунан сүйөп 10- рымыкка жардамдашып бардым. Суу табылган как көрүнүп калды.

чыдабадым, "сен темириңди таштап артынан түшүп бар, күчүң жыйналгандан кийин келип алып кетесиң десем",- башын ийкеди рахмат деп ыраазычылыгын билдирип. Давай терпи казак, атаманом будешь деп чуркап кеттим.Сууга чуркап жеттим өмүрүмдө андай акты көргөн эмесмин. Суусу болсо жапжашыл болуп курттап кетиптир, бул express кактан башка жаныбарлар дагы сезсүз ичишет, алар өлбөгөндөн кийин биз дагы өлбейбүз деп пилоткабызга он жолудан толтуруп суу ичтик.

* * *

Ар бирибизге көлөмү чоң, он даана таблетка берген эле, талаада жолуккан суулардан пайдалансаңар бир фляжкага бирден салып жарым саатан кийин ичсеңер, ууланган же жугуштуу микробдор болсо кесип жиберип, зыяны тийбейт деп түшүндүрүшкөн. Таблетка эч кимдин эсине да келген жок, сууга жеткени жата калып же пилоткасы менен шимирип жатышты. Сууга канып эс алгандан кийин марли менен фляжкаларга сүзүп алып таблеткадан салып койдук. Негедир башым катуу ооруй баштады, мурдумдан дагы жылуу нерсе агып чыккандай болду. Алдымда отурган жоокер мурдуң канап жатат деди мени колунун сөөмөйү менен көрсөтүп.Кактын жээгине барып канчалык жуусам дагы токтобойт. Башымды ылдый кылып чалкамдан жаткызып коюшту, тек кой, ага берсин, токтогондо бир жолу жууп аласың дешип. Бир топ жаткандан кийин мурундан кан токтоду. Ордумдан туруп бети-башымды кайрадан жууп алдым. Бардыгы жетип келишиптир мен жардам берген минемётчик дагы кактын арткы жээгинен колун көтөрүп койду. Мен дагы башымды ийкеп койдум. Сууларды идиштерге камдап алышкандан кийин эпчилдери бойлорун сууга таштап киринип башташты. Тереңдиги адамдын белинен келет, диаметри 3-4метр чыгат. Эсимде калганы ошол жылы март айынын башынан бери асманда булут көргөн эмеспиз. Божомолдоп көргөндө жамгыр үч айга жакын жааган эмес. Ошондуктан суусу жашылданып курттап кетсе керек. Эки сааттай ушул жерде эс алабыз деп уруксат берилди. Үстү жагымды карасам адам боюнан бийигирек жерде үңкүрчө көрүндү. Эптеп чыгып алдым, асты тегиз, эс алууга ыңгайлуу жай экен. Ички чөнтөгүмдө бир пачка печенье аэрофлот деген жазуусу бар кагазга оролгон ак канттар бар экен. Курсактын ачканын ошондо билдим,тапканымдын баарын заматта ашказан тарапка жолдомо берип жөнөтүп жибердим. Уктап кетиптирмин түшүмө болсо еңүмдө элестеткен Суу-Башы, Сары-Таштын суулары

киpиптир. Элестеткенде бала чагым болсо, түшүмдө чоң эле жигит экенмин. Кыздар дагы бойго жеткен кыздар, баягыдай эле суу чачышып ойноп жүрөбүз. Мен болсо бутуңар менен кечпегиле, бул жерден адамдар суу ичишет деп кыйкырып жүрөм. Адатта түштүн эң кызык жеринде бузушат эмеспи, "тургула, даярдангыла, жолубузду улантабыз!",- деген команда берилди. Ошол жылга менен тик ылдый түшө баштадык, биринчи жолуккандай чоң болбосо да майдараак кактар кезигуп жатты. Түшкөн жагыбыз тоонун тескей тарабы болгондуктан аскалары дагы өтө бийик эле. Асты көрүнбөгөн бийик аскага келип токтадык. Ылдый түшүүгө эч мүмкүнчүлүк жок эле.Оң тарапка карай буруулуга жол башташты, өтө коркунучтуу эле, бутуң тайса эч нерсеге илинбей 200метрге учуп түшөсүң. Жашаган жеринде дагы, аскердик даярдыгууда дагы тоону көрбөгөндөргө өтө кооптуу жагдай түзүлгөн болчу. Бирок бардыгынан адамдын жаны ширин, эч ким кокусунан түшүүнү келбейт, койгон кадамдарын өтө дыкаттык менен коюп жылып жаттык. Экинчи жылгага өтсөк дагы аскага туш келдик. Ошол аскадан түшсөк эле ар жагына чуркап түшүп кетээрибизге баарынын көзү жетип турат. Комбат ротныйга буйрук берди "бардык куралдардын ремендерин чечтирип, өзүң түшүп көрүп чыккын, мүмкүнчүлүк болсо ушул жерден түшүп кетебиз",- деди. Куралдарыбыздын асынчу ремендерин чыгарып улантыра баштадык, офицерлер байланган жерлерин бир катар текшеришкенден кийин ротный белине байлап түшүп кетти. Бир кезде ремендин тамы бою жетпей калдым деген кыйкырык чыкты. Кайрадан тартып алдык, бир гана жогору карай өрлөп коопсузураак жол табуудан башка айла жок болчу. Ошол жылгадан жогору көтөрүлүп, токтоого мүмкүнчүлүгү бар жерге жеткенибизде күн кечтеп калган эле. Ошол жерге токтогондон кийин жоокерлерди тактоо болду.

• • •

Взводдон Богданчик деген снайпер жок болуп чыкты. Богданчик, Богданчик удаа-удаасы менен кыйкырып жатышты. Бирок зоолордун кайталаган жаңырыгыдан башка жооп болгон жок. Кайда калганын, эмне болгонун, качып кеткенин дагы эч ким билбейт. Комбат ротныйды сөгүп, "башың менен жооп бересиң шалаакылыгың үчүн!",- деп кыйкырып жатты. Комбат басылгандан кийин ротный взводныйды ашата сөктү, "жоокерүң каякта, тикеден-тике сен жооп бересиң, анык себебин айтып, рапорт бербесең мыйзам алдында жооп бересиң! Эмнеге

отурасың, тур, издеп жөнө, таппасаң өзүң дагы кайтпагын!",- деп буйрук берди. Төрт жоокерин, байланышчыны кошуп лейтенант Забыло артка карай кетти, ал кеткенден кийин комбат ротныйга "жоокерлерди алып сен дагы артынан баргын!",- деп буйрук берди. Ротный ордунан туруп каалоочулар барбы деп бизге кайрылды. Эч ким унчуккан жок, бардыгыбыз башыбызды жерге салып жер чукуйбуз. Ротный дагы төртөөнү фамилиясынан чакырып ээрчитип алып кетти. Жаныбыздагы жылганын наркы кырынан жардамга келе жаткан жоокерлердин карааны көрүнүп калды.Аралыгыбыз 500м. болгондуктан добуштары дагы даана угулуп турду. Аларды көргөндөр сүйүнүшүп, убай- чубай аларга карай жөнөп калышты. Көз байланып калгандыктан комбат кыйкырып баарын токтотуп салды. Коопсуз абалыбызды сезгенден кийин күзөттө тургандар ушунчалык уйку басты, кезекти өткөрүү тозокко айланды. Таң сүрүш менен команданы күтпөстөн наркы кырдагы жоокерлерге карай дагы чубап жөнөштү. Комбат кыйкыра берип буйрук буруудөн тажаганбы унчуккан жок. Анан бардыгыбыз жапырт жөнөдүк. Аларга жеткенден кийин кучакташып көрүшүп, бир туугандай сагынчыбызды жазып жаттык. Жумшак нан, кант кошулган чай биз үчүн өтө сыйлуу тамак эле. Андан кийин БМПларга карай чуркап түшө турган жол калыптыр. Вертолётто келген каттарды алып келишкен,"бардыгыңа кат бар",- деп сүйүнчүлөп жатышты. Ал кабарды уккандан кийин биз ылдый карап чуркап жөнөдүк. БМПларга жеткенибизде ар бир жоокерди батальондун замполити майор Юрчик кучактап тосуп жатыптыр. Ал ыйлап алган "айланайындар, кымбаттууларым, тирүүсүңөрбү, силерди жоготсом ата энеңерге кантип жооп берем?!", -дейт. Ыйлап алып жалынуу жогорку чиндеги офицерге анчалык жарашпайт экен, чегип алганбы же маспы деген ойго да кетет экенсиң. Чындыгын айтканда, бизди күтүүгө жакшы эле даярдык көрүлүптүр. Тушонкаларды гречка, кашаларга аралаштырып ысытышып, чайлар кайнап турат. Бир пачкадан филтирлүү болгар сигареттери берилди. Ачыгын айтканда, душманды жеңип келгендей кам көрүлүптүр.

***

БМПда калган водитель механиктер операторлор бизден сурашат ойноп келгенсип "кантип согуштуңар, канча душман аттыңар?",- деп кызыгышат. Эмне айтмак элек, суугa тамшанып кыйналганыбыздыбы, ал нерсеге көңүлүң чаппайт, койгулачы эс алалы дедик.

# Ок аралаган 555 күн

Үйдөн келген каттар да таркатылып, ар ким өзүнүкүн окууга киришти. Мага болсо үзбөй такай кат жазып турган жалгыз досум Орунбаев Ысмайыл боло турган. Ал Фрунзедеги ПИРЯЛда студент болчу, мен аскерге кеткенде ал жогорку окуу жайына тапшырган. Менден кат албаса дагы ал ар жума сайын жазып турчу. Кесиби филолог болгондуктан согуш жөнүндө китептерди көп окуса керек, мен дагы эмнени көрсөм, туйсам эч нерсени жашырчу эмесмин, досума кат жазганда бугумду чыгарып, өзүмдү жеңилдетип алчумун. Экөөбүз келечекке ой жүгүртүүбүз дагы окшош эле. Каттарыбызды окуп бүткөндөн кийин БМПлардын астынан өзүбүзгө саябан издеп уйкуга кеттик. Канчалык



Сол жактан биринчи: Юсупов Жамал Баткен р-ну

уктадык билбейм, күндүн аптабы тийип куйкалап жибергенден ойгонуп [illegible], дагы саябан издеп жаткан жеримди которсом да күндүн ысыгынан уйку келбей койду. Кайрадан кыялга батасың...

* * *

Ала-Тоодо калган өрүкзарыңды эстеп, кандек өрүктөрдүн даамы [illegible] салсаң эрип кеткен, данегичи... чагып жесең кандай керемет [illegible] Мен Кушка шаарында почта ташып жүргөндө өзүмө келген [illegible] эсиме түштү. Толтура кандек өрүктүн баргеги, данегин кууруп,

мончоктой жипке тизип салышыптыр. Бирге кызмат кылгандарга жеткидей кылып бөлүштүрдүм да анан таркатып бердим, орус балдар болсо дай ещё,шокалад семичка деп тамшанышат. Бул шокалад эмес, биз тарапта өскөн бактын мөмөсү дедим. Бул бир гана сорту, мындайлардын көп түрү өсөт деп мактандым. Силердин жериңер бейиштин жери экен деп суктангандарын жашырышкан жок. Ошол бейишиме кайтаар бекенмин деп кыялдарга батып жаттым.

* * *

Туулган жердин кадыры алыста жүрүп сагынганда, кайтарыңа шек санап түйшүккө түшкөнүңдө катуу билинет экен. Күн батайын дегенде полктун командири подполковник Кабанов келди. Рота катарга тизилип, ротный рапортун берди. Полктун командири Богданчик жөнүндө маалымат берди. Ал белгисиз жоголгондон кийин Союзга кабар беришиптир. Богданчиктин атасы Татарстанда обкомдун секретары апасы аскер врачы, подполковник чини бар экен. Богданчиктин ошондой даражалуу адамдардын уулу экенин укканыбызда чындыгында жакшы ишене бербедик. Себеби ал өтө жупуну жөнөкөй жигит болчу. Жапыс бойлуу, тоголоктон келген, беттерин сепкил баскан, келбети орустардын карапайым мужигине окшош бала болчу. Уккан кулагыбызга ишенбей турдук, үй-бүлөсү жөнүндө да эч кимге айткан эмес экен. Жогорку жакта буйрук катуу болгон окшойт. "Богданчикти бүткүл дивизия издейт, - деди полктун командири. -Бирок негизги үмүт силерде, бирге болгонсуңар басып өткөн изиңерди кылдат издейсиңер. Мен ишендирип кетемин, ким тапса 30 күнгө отпуска беремин, андан тышкары, мамлекеттик сыйлыкка да көрсөтүлөт. Кечээги жүрүштөгү кетирилген кемчиликтер кайталанбасын, жакшылап даярдангыла. Эрте менен кайрадан жүрүшкө чыгасыңар. Богданчиктин өлүгүн же тиригин таппасак, бул жерден кетпейбиз!",- деп сөзүн бүтүрдү. Бул сөздөн кийин бизде жаңы күч менен толкундануу пайда болду. Эртең таап келсек үйгө отпускага кетип тургандай, кимде "парадка, кимде значоктор бар?",- деп сурамжылап да жибердик. Бир офицер, он жоокерден группа түзүлүп издөөгө даярдык көрүлдү. Эх Богданчик, эртең мага жолугаар бекенсиң, сенин ушунчалык даңазалуу жигит экениңди эч ким билбептир, эми болсо бардыгынын оозунда өзүң болуп калдың...

* * *

Эртеси эртелеп тамактанып алып жолго чыктык. Жүгүбүздүн оору

рация менен канистрага алынган суу, аркан жана башка керектүү буюмдар дагы эстен чыккан жок. Взводдун командири мени тоодо өскөнсүң деп жол баштоочу кылып дайындады. Жүк көтөрбөйсүң, жеңил жүрөсүң, бирок группадан 100-200метрдей алдыда жүрөсүң. Пулёмотту таштап,колума автомат алдым. Стволун өйдө көтөрүп жүрсө жагдай жакшы дегенди түшүндүрөт, туура кылып көтөрсөң, кооптуу нерсе бар деген белги. Эгер кумдагын өйдө көтөрсөң даярдангыла душман бар деген белги. Ар бир группа өзүнчө жылга менен өйдө көтөрүлө баштадык. Тоо өтө тик болгондуктан көбүнчө өрмөлөп чыгасың. Аскалуу жерге жеткенде арканды жаздырып бир учунан белиме байлап сүйрөп алдым. Асылып чыга турган жерлерге келгенде жүгү оорлорду бутумду ташка тиреп тартып алам. Башкалардан мурдараак жетсек экен деп аттуу аракет жасап жаттым.

* * *

Өйдөлөгөн сайын жолубуз татаалдана баштады. Биздин жаныбыздагы жылгада чыгып бараткан 2-ротадан бир жоокер менин көз алдымда зоодон учуп кетти. Өз көзүң менен көргөндөн кийин дароо шашилдырай түшөт экенсиң. Буттарым өзүнөн өзү калтырак басып, эле бир орунда туруп калдым. Артымда чыгып келаткан группа да токтоп калыптыр. Үстү жагыбыз аскалуу болгондуктан камалып калышыбыз дагы мүмкүн эле. Демек башкасына өтпөсөк болбойт деп командирге кыйкырдым. Көзүң жеткен жак менен уланта бер деп уруксат берди. Жаныбыздагы жылгага гадып өтүүгө туура келди, зик-зак багыты менен жүрүп отуруп, кечке жуук араң тоо башына жеттик. Өзүбүз суу алган баягы кактын батыш тарабынан чыгыптырбыз. Тоонун башына жеткен группалар чогулуп бир жерге түнөдүк. Эрте менен артиллерия аткылаган тоо тарапка карай бет алдык. Жымжырттык өкүм сүрүп турду. Бир тындый чуркап бардык, быткылдарды тыкыр көздөн өткөрүп издеп чыктык. Маңдайдагы тоого чыкканыбызда снаряд түшкөн жерлер таштары чачырап оюлуп жатканын көрдүк. Издөө кечке чейин тыным албай улантылды бирок Богданчик табылган жок. Кечинде кайра түнөгөн жерибизге жыйналдык кайда житип кеткен,колго түштүбү десең душмандарга жакындаган эмеспиз. Эч нерсеге акылың жетпейт, асманга учуп кеттиби. Богданчиктин белгисиз жоголушу бирге жүргөн биз үчүн табышмак бойдон калды. Эртеси кайрадан издөө башталды, табабыз деген үмүттөр дагы өчүп баратты. Күн шашкеден көтөрүлгөндө

"Богданчик табылыптыр, отбой!" деген команда болуптур. Укканыбызга караганда артиллериялык полктун жоокерлери табышыптыр. Атышуу болгон жерде артка кайтабыз деген команда болгондо уктап калканбы же эс учун жоготуп койгонбу, мүмкүн, эч кимге сездирбей өз алдынча түшүп кеткенби, ал жагы бизге бүдөмүк бойдон калды.

* * *

Биз 300-400метр артка жылып, тоону ылдыйлаганбыз. Богданчик болсо ошол жерден түз эле ылдыйлап кетиптир, тоонун жарымына чейин түшүп аскага камалып калган экен. Снайпер мылтыгын октогон бойдон атпаптыр, өзү жарадар дагы болбоптур, снайперин кучактаган бойдон оо дүйнө кете бериптир. Албетте өмүрү суусуздуктан кыйылды, ачкалыктан кырк күнгө чейин жашаса болот деп айткандарын уккан кездерим болгон. Үч күндөн ашып калгандыктан ысыкта денеси жыттанып кетиптир дешти. Богданчикти издеп жүргөндө 1-батальондон дагы бир жоокер аскадан учуп өлүптүр. Тоодогу таштар күнгө күйгөндө көпчүлүгү капкара эле, абайлабасаң ордунан кыймылдап, ылдый карай кулаганы майдаланып укаланып кетчү. Издөө мезгилинде бизден башка группалар душмандардын топторуна туш келиптир. Ротабызда кызмат кылган Ташкенттик Пирматов деген жигиттин бутун ашыгынан өйдөрөөк жерин пулёмоттун огу үзүп кетиптир. Дагестандык жоокердин ыргыткан гранатасы томолнуп келип кайра өзүн жарадар кылыптыр. Богданчикти издөө менен кошо ошол тоодогу душмандарды тазалоо операциясы дагы аяктаптыр.

* * *

Майдын аяк ченинде лагерге кайтып келдик. Лагерде болсо баягы көнүмүш турмуш - күзөткө турмай, аскердик машыгуу курулуш иштери. Колуң бошой калса жердештер менен жолугуп турасың. Полктун жалпысынан жүзгө жакын кыргыз жигиттери кызмат кылганбыз. Баткен районунан Сарбаев Шакир, Гафуров Зайнидин, Акматов Насир, Шерматов Кайым, Анарбаев Эргеш, Саттаров Жайнак, Эгембердиев Тажибайлар менен 371-аткычтар полкунда кызмат кылдык. Ташполотов Каныбек противотанковый дивизионунда, Ысмаилов Жоробай медсанбатта, Марипов Дербышкан Кандагар бригадасында, Тагаев Сатар дагы ошол бригадада кызмат өтөгөн. Калыгулов Суханидин болсо Герат шаарына жакын Илатанский полкто кызмат өтөдү. Бардыгынын өзүнчө Ооганстан жергесинде баштарынан

кечирген коогаландуу күндөрү өткөн. Куралдаштарыма дайыма айтып жүрөм, жараткан тагдырыбызга жазган өтмүштүү урпактарга жазып ...штырышыбыз керек. Келечек муун үчүн сабак болуп калса инсандык ...рызыбыздан кутулабыз. Бирок башыбыздан өткөн ачуу чындыкты. ...ккомдүү жугумдуу тил менен кагаз бетине түшүрүү жан дүйнөңдү ...откон түйшүктөр менен жаралаарын окурман туура кабыл алса ...исиң. Мындай жүктү көтөрүүдөн жер казып иштеген жеңилирээктей ...илип кетет. Бере турган оюңду кантип баштап, кантип ...ыынтыктоону ойлогондо, демиң аркага кайтып кеткен учурлар болот ...

• • •

Бүгүнкү жашоонун негизги маңызы болсо акчага айланды. Оорусаң ..., саясатка аралашсаң дагы, кыскасы, эмне кылып кантип ...шибагын, баскан кадамыңа акча керек болуп калды. Руханий байлык ... даремети барбы, жокпу, мээси шамалдагандардын менчигине ...ныып бараткандай. Байлыгына чиренгендер эмес, азыр карапайым ... дагы карапайым адамдарга жакшы салам бербей калды. Кантсе ...ндин ичи кенч дегендей, эл, мамлекет үчүн кызмат кылып, колунан ... соопчулук иштерин жасаган ишкерлер, улут наркын сактоого ...үн арнаган инсандар бар үчүн, келечектен үмүтүң улана берет экен.



Оң жактан Марипов Дербишкан, жанында Темиров Рахманали Баткен р-ну

## АЙТАЛИ НАИБ УУЛУ

Лагерде жердештер менен эсте калган учурлардын кызыктуусу, бактылуусу - кыздардан келген каттар болчу. Мен өзүм кыздардан кат албасам дагы кат алышкан куралдаштарым мага кайрылышчу, жообун катырып жазып бергин дешип. Мага кантип жазуу керектиги жөнүндө оюн билдирип койсо болду,мактоо керекпи, тамашалап жазамбы же маданияттуу темада болобу, көңүлүнө жаккандай кылып жазып берчүмүн. Себеби, орто мектепти кыргыз тил адабияты, тарых, коом таануу, география сабактарын жалаң 5 менен аяктаганмын. Айылдагы сулуу кыздын колунан түшүп кеткен гүлдү тутуп алдым, ал соолубай экен, аскерден кайтканда сага белек кылам, алтыным деп кыялданып кат жазып берчүмүн куралдаштарыма. Андай бактылуу күндөр көпкө созулчу эмес, операцияларга тез-тез чыга баштадык. Июнь айынын башында кайрадан тревога болуп, Герат шаарына карай жүрүшкө аттандык. Шаардын четине жетип келгенибизде бир күн кечке алдырышып, түн жарымдан оогондо шаарга бастырып кирдик. Ошол түнү шаарга самолёттор менен баракчаларды жаадырышыптыр. Эч ким үйүнөн чыкпасын, шаарга согуш абалы жарыяланды деген маалымат экен. БМПларды көчө-көчөгө тизип ташташтты 200м. аралыкта Токтогондон кийин ичим катуу ооруй баштады. Командирден уруксат сурадым бошонуп келүүгө.Гранатамётчик Зайнулин чыккын деп жанымдагы жоокерге буйрук берди. Экөөбүз сыртка чыктык. Таң эми сүрүлө баштаптыр, бирок айлана караңгы эле. Биз токтогон жерде огороддун дубалы бузулуп калган жери бар экен, ичине ашып өттүм. Бир дарактын карааны көрүнбөйт, бирдеме эгилиптир, сыйпалап көрсө бадыраң экен. Айланамда шыбырт жок тынч болгондуктан көп отурдум, анан Зайнулинди чакырдым. Экөөбүз чөнтөктөрүбүз койнуларыбызды толтуруп бадыраң тердик. БМПга келип куралдаштарга таратып бөлүп бердик. Эртең мененки ырыскыбыз жаңы бышкан бадыраң менен башталды. Күн чыгып калган мезгилде ротанын командири келди БМПсы менен. Лейтенант Ланшаков чуркап барып абал тынч экенин баяндап, рапорт берди. Ротный болсо "көзөмөлдү катуу күчөткүлө, көчөгө чыккан оогандыктар болсо кайра киргиле деп колуңар менен үч жолу ишаарат кылгыла, түшүнбөй калгандары болсо асманга ок чыгарып эскерткиле, каршылык көрсөткүлөрү келсе, атууга уруксат берилет. Баарынан өзүңөргө сак болгула, куралдуу кагылышуу болуп кетиши мүмкүн",- деди. Тапшырманы бергенден кийин жолун

улантып кете берди. Биз алдыбыздагы БМП көчөдө өсүп турган манын астына токтоптур. Кып-кызыл бышкан алмалар үстүндө ийилип турат. Ротный өтүп кеткенден кийин куралдаштар бизге кыйкырышты, алма жеп кеткиле дешип. Терип алган бадыраңдан маларыбызга салып алып Зайнулин экөөбүз алдыларына бардык. МП үстүнө чыгып башнясына терип коюлган панамадагы алманы жеп урганбыз. Кокустан маңдайдагы үйдөн тарс эткен мылтыктын добушу кты. Бардыгыбыз заматта секирип түшүп БМП менен дубалдын осуна камалып калдык. Ошол үйгө карап куралдарыбыздан ок рдык. Аңгыча ротный менен полктун особисти жетип келишти. одный дагы чуркап биздин алдыбызга жеткен экен. Ал маңдайдагы ок атылганын, бирок эч кимге зыян кылбаганын баяндады. йым өзү бизди сактаган экен, атылган ок биз алма жеп отурган маны тешип өтүптүр. Токтогон жерибиз шаардын чет жакасы болсо к, огороддору 20-30 соттыхтан келген бардыгына жашылча жемиш т экен. Бизге ок атылган үйдүн ар жагында чети дарактуу сайда 5-6 суу агып жатат. Сайдын наркы чети дагы дарактуу келип, андан жагы жакшы көрүнбейт. Үйдөн бизге каршы ок атылбагандыктан бастырып кирдик, бирок тирүү жан таппадык. Жашынып калсаң үп дегендей туш келди аткылап кайрадан көчөгө чыктык. Ротный "ага онант Крохотин, сак болгула өз алдыңарча үйлөргө кирүүгө тыюу м!",- деген буйругун берип жөнөп кетти. Айланабыздан маттардан атылган добуштар анча-мынча угулуп турса дагы биз жерде тынчтык өкүм сүрүп турду. Взвод командири ордунда отуралбаган бала мүнөз инсан эле. "Уктуңарбы, менден тсыз өз алдыңарча туалет дагы кылбагыла, ким билет эмне болуп рин. Бадыраңдан көбүрөөк терип алдыңарбы, бул жерден унан жылып кетишибиз мүмкүн", - дегенде аргасыз жылмайып үбүз. Офицерлерге алдын ала эскертилеби, эртеси "по машинам!" команда болуп 3-батальон жайгашкан районго алып барышты. катарга тизгенден кийин абалды түшүндүрүштү. Өткөн күнү эрте дарда 9-ротанын командири котормочусу менен дайынсыз жок кечки саат 5те ротанын техниги издеген экен, аны да ошол бойдон ким көрбөптүр. БМПсынын водитель-механигинен сурашса, алар рүүгө жөө басып кетишкен, мен уктап калыптырмын, эч ким тур деп жооп беришти. 3-батальон калк жык отурукташкан

районго токтошкон экен. Бизге ар бир үйдү эч жерин калтырбай катуу тинтүүгө буйрук берилди. Үйлөрдүн дарбазасынан киргенибизде эшик алдылары өтө тар, 2 сотыхтан араң чыгат. Дарбаза эмес эки жакка ачылчу чоң эшиктер экен, киргениңде ар бир үйдө кудугу бар, анан тамдын башына чыгып кете турган секичелери болот экен. Көчөнүн башындагы үйдүн тамына чыксаң аягына чейин жерге түшпөй аягына чыгып кетет экенсиң. Үйлөрдүн тамдары казанды көмкөрүп койгондой кирпич менен урулуп жабылып, жыгач колдонулбайт экен. Оогандыктар аябай чочуп калышкан эле, аялдарын, кыздарын паранжасын жабышып коргондордун бир жагына топтоп үйлөрүн бардык жагын тинтип жаттык. Сыртынан караганда окшош болгону менен кээ бир үйлөрдүн ичи абдан кооз жасалгаланган, эшиктерин алдына өзүнө жараша гүл эгишип кадимки европалык стилди элестетет. Кудуктарынан алынган сууларды ичсең мупмуздак, жан сергитет. Канчалык дыкаттык менен издесек дагы шектүү эч нерсе таба алган жокбуз. Көчөнүн бурулушундагы акыркы үйгө киргенибизде үйдүн ээси механик экен. Бузулган унааларды оңдоп бала-чакасын багат экен. Тажик улутундагы куралдашым аркылуу андан өз оюмдагыны сурагым келди. "Силерге кайсы өкмөтүңөр жагат Аминдин өкмөтүбү же азыркы Бабрак Кармалдын өкмөтүбү?". Ал киши колун шилтеди, ээ эмнесин сурайсың, бизге баары бир, мурдагысыбы же азыркысыбы, пешене тери менен жашаган элди тынч койсо болду. Биз эч кимден үмүт кылбайбыз бышкан алманы үзүп  бер деп, азыр качып тозгон  көбөйдү, жүрөктүн үшүн алган каңшаарларды уга турган болуп калдык"-деп жооп кылды.

* * *

Саясий окууларды өткөндө дайыма Ооганстан жөнүндө кеңири маалымат берчү. Жаллысынан 15миллион калкы бар, бүгүнкү күндө 5миллионго жакыны качкын элинин 90%дан ашуусу сабатсыз феодалдык коомдо жашаган  караңгы эл деп түшүндүрүп турушкан. Бул кишинин берген жообунан мен  караңгылыкты байкаган жокмун. Тескерисинче, нараазычылыгын ачык айталбаган ички бугу бар экенин түшүндүм. Эмне үчүн маанайы өтө пас экенин сурачы, дедим куралдашымдан. Ал жандангандай бирдемелерди түшүндүрүп жатты. Көрсө, бул үйгө бизден мурда  дагы жоокерлер киришип шаша-луша тинтишип, 200 миң авгани акчасын тоноп кетишиптир. Атып салышат деп коркконудан унчуга албаптыр. Мен дароо взвод командири лейтенант

Ланшаковго үйдүн ээсинин абалын түшүндүрүп бердим. Көрүп турганыңыздай бала- чакалуу экен, алардын ырыскысын биздин жоокерлер тоноп кетишиптир. Эгер таалтырып берсеңиз адилеттүүлүктү мусулман калкында жогору баалашат, сооптук иш жасаган болосуз ...им. Ланшаков тартиптүүлүктү сүйгөн, табияты таза офицер эле. Сураштырса 2-ротанын жоокерлери бизден мурда киришкен экен. Аларды таап сураштырса адегенде мойнуларына алышкан жок, болбосо трибуналга берем түрмөгө кетесиңер деп коркуткандан кийин кайтарып берүүгө аргасыз болушту. Взводный менен кошо барып үй ээсинин ...асын кайтарганыбызда ал кубангандыгынан Ланшаковдун колдорун ...үпөп жиберди. “Ташшакур, ташшакур!” (ракмат) деген сөздөрдү кайталап. Чын дилинен ыраазы болгон адамды карап туруу дагы ...чалык жагымдуу экенин ошондо сезгендей болдум. Аскари шурави мусулман дедим үй ээсине куралдашымды көрсөтүп, чындыгында жоокерлер арасында башка диндегилер жок болчу. Тинтүү үч күнгө созулду, бирок эч нерсе табалган жокпуз. Издөө убагында түркмөндөрдү, өзбектерди жолуктурдук, өздөрүнүн тилдеринде таза сүйлөшөт экен. Эки аялы бар аксакал болуп калган өзбек кишинин үйүнө кирип калдык, балдары көп болсо дагы оокаттуу, өзүнө тың жашайт экен. Мен кызыгып сурап калдым, өзбектер көппү, ата-бабаңар ушул шаарда ... келгенби деп. Анчалык көп эмес түркмөндөрдөн азбыз деди. ...нын Өзбекстандын Кокон шаарында төрөлгөнүн, октябрь ...рүшүнөн кийин чоң аталары бул жакка качып келгенин, ата-бабаларынын мекенин көргүсү келерин жашырган жок. Мен Кыргызстандан болом, Кокон шаарына жакын жашаймын, коңшу экенбиз ... тамашаладым. Азыр Кокон шаары аябай өзгөргөн, Ооганстан ...тор Союзу менен достошуп жатат, тынчтык орносо сөзсүз өз ...иңизди көрүп келесиз деп кызыктырып койдум. Куралдуу ...к кылган үйлөрдү БМП менен бузуп кирип ар жагына тешип ... учурлар дагы болуптур. Ошондой болсо дагы минага,гранатага ...ан, оор куралдар менен атылган техникалар болбоптур. ...ондордун дайыны чыкпагандан кийин атайын даярдыктан өткөн ...ү топ чакырылыптыр. Бизге болсо шектүү районду курчоого ... буйругу берилди. Изилдөө топ дагы үч күн издешип араң ...тыр. Үчөөнү мыкаачылык менен өлтүрүшүп, кездемелерге ...тын ичине көмүп ташташыптыр.3-батальондун жоокерлерине

алардын денелерин көрсөтүшүп, кимде-ким өз алдынча керекси жерге башын тыкса ушундай абалга кабылат, бул офицерлерге дагы жоокерлерге дагы сабак болсун деп эскертилиптир. Бизге дагы аскердик тартипти катуу сактоо, айрыкча шаар ичиндеги операцияларда ар би койгон кадамыңарга сак болгула деген түшүндүрүү иш чаралары жүргүзүлдү. Герат шаарындагы биз катышкан операция аягына чыгып, кайрадан Шындан провинциясындагы лагерибизге кайтып келдик. Герат шаарынын түштүк тарабында чоң жолдун эки жагын жайгашкан эки полк турчу. Батыш тарабындагы Илатан полкунд классташым Калыгулов Суханидин кызмат кылып, аскердик адисти танкист болчу. Ары-бери өткөндө токтоп калсак сураштыры издөөчүмүн, дайыма рейдге кеткен дешип жолуга алчу эмесмин. Лагер кайтып келгенден кийин жакшылап эс алууга, техникаларды кароод өткөрүүгө үлгүрбөй, кайрадан Фарах тоолоруна карай жүрүшкө жөн кеттик.

* * *

Эки тарабындагы тоолору анча бийик эмес жылганын ки беришиндеги тегиздикке кел токтодук. Чалгындоон маалыматы боюнча жылгада душмандарды кампалары менен тобу жайланышыпты. Ал жерге бизд батальондон баш граттар, артилер дагы барыш



Ысманов Жоробай Баткен району

Жылганын ичин үч багыт менен бастырып кирүү чечими ка алыныптыр. Биринчи рота жылганын ичи менен, экинчи рота сол капталы менен, үчүнчү рота оң жак капталы менен. Жылга ич киргенде 300метрге жетпей чоң кампага туш келдик. Кампа деген имараты жок ачык асмандын астында үйүлгөн каптарды буудай, ку ун жана чарбалык буюмдар менен кездемелер өз-өзүнчө жыйнал

Бардыгыбыз кампаларга карай чуу койдук. Бир даана чет элдик ...ркадагы жап-жаңы мотоцикл дагы бар экен. Таламайга түшкөнү ...рулондуу кездемелер болду. Себеби аларды Союзга каттаган ...автоколонналарга аракка айырбаштаса болот, 4-5 рулондон ар кимдер ...дөрүнчө топ-топ кылып бөлүштүрүп койдук. Токтоткула, жолубузду ...ынтабыз деген офицерлердин кыйкырыгынан олжолорубузга белги ...коп жолубузду уланттык. 2-рота сол жак капталга көтөрүлө ...штады.Биздин рота чыкчу тарап аскалуу зоо болгондуктан 1-рота ...менен бара берүүгө команда берилиптир. Кампадан 500м. өткөндөн ...ийин жатып жүргөн жайларына туш келдик. Биздин алдыбыздан эле ...чып кетишкен окшойт, чоң казанда палоо демделип турат, самоордо ...айлары кайнап турат. Дасторкон жайылып, коон-дарбыздарды тиликке ...ип дапдаяр кылып коюшуптур, бүтүндөрү дагы толтура үйүлүп турат. ...дий өзү жеткизген ырыскылар дагы таламайга түштү. Кашыктарыбыз ...ыма чөнтөктө жүргөндүктөн палоону казаны менен эле түгөттүк. ...сторкондогу тилинген коон-дарбыздар дагы түгөгөн экен, ...түндөрүн ташка жарып таламай кылышты. Заматта эч нерсе калган ...ок. 2-рота дагы эч канча көтөрүлгөн эмес экен, алар дагы бизге ...ушуп кетишиптир. Көбүнө эч нерсе тийген эмес экен, даамы кандай ...ен деп бизден сурап жүрүшөт. Жатууга тегиздеген жерлеринде Куран ...тептери болсо керек, араб алфавити менен басылган китептер жаткан ..., жетишкендер бирден илип кетишти. Ошо жерде эки кабат үйдүн ...йиктигиндей бир зоого жармашкан чоң таш туруп калган экен. Сол ...пталынан сокмок чыйыр жол өйдө карай кетиптир. Ошол кысык ...дон ташты айланып акыркы жоокер өткөндө бизди жамгырдай ...ган ок менен тосуп алышты. Бардыгыбыз жеткен ордубузга жатып ...дык. Алар өтө жакындан атып жатышкан эле башыңды ...мылдаттың таштарга тийген ышкырган октор кулак тундурат, анан ... коз алдыңда жерге тийип чаңыган окторду көргөндө көздөрүңдү ... жумуп аласың. Канчалык кыймылдабай жаттык билбейм. ...ушуулар азайгандай болду. Мен ротныйга жакын жерде жатып калган ...мин, бир кезде рациядан комбатка баяндамасын бере баштады. ...тургмага кабылдык, чегинүүгө уруксат бериңиз",- деп сурады. Ал ... курман болгондорду, жарадарларды калтырбай чегингиле деген ...нда болду. Кыймылдата койбой аткылап жатса кантип жыймак эле. ... эле жерде жаткан казак жоокери чоң таштын түбүнө жашынууга

эңкейип чуркады эле ага карата жаадырылган ок желкесине тийи жарадар болгондон кийин кыйкыра баштады "жардам бергиле" деп. Мага жакын болгондуктан чыдабадым, ал пааналаган таштын түбүнө жети жата калдым. Мага да ок жаадырышты, жараткан өзү сактап тийген жок Казакстан кандай,жакшы элесиңби десем- желкемди карачы –дейт карасам "хыбысын" аркасынан айрып кетиптир, кандан башка эч нерс көрүнбөйт. Катуу ачышып жатат деди, ок терисин сыйырып кетке окшойт. Бир кезде ротный ким тирүү болсо аркага чегингиле деп команд берди. Казак куралдашымдан буту-колуң соо элеби деп сурасам. ооб деп баш ийкеди. Анда артка карай чурка, автоматыңды мен алы чуркаймын дедим. Ал чуркады. артынан мен чуркадым, бир кадам оңг бир кадам солго таштап чуркап, таштын кычыгынан өтүп кеттик. Бизди артыбыздан жаны бары качып чыга башташты. Ылдый жакта насылкаларды көтөрүп жардамга келе жатышкан 50 чакты жоокерле көрүнүштү. Алар жетишип келгени атышуу дагы токтоп, аба туруктапып калган эле. Жардамчыларды ээрчитип келген батальонду замполити майор Юрчин "жолдош солдат, колуңда пулеметуң бар эк мынабу таштын башына чыгып куралың менен колдоо көрсөтүп турасы биз курман болгондорду. жарадар болгондорду жыйнап чыгабыз",- де буйрук берди. Жүрөктүн үшүн алган жакка баруудан кутулганы сүйүнүп, буйругуңуз аткарылат жолдош майор деп таштын зо жармашкан кычыгынан көтөрүлө баштадым. Жөрмөлөп тез эле чыгы бардым. Бийиктикке чыккандан кийин алды жагыма көз жүгүр баштадым. Жылгаанын ичинде адамдын боюндай андан бийигирэ жалпак тил менен айтканда, горум таштар аябай көп эк Куралдаштарымдын көпчүлүгүн ошол таштар сактап калганын дар байкадым Астына жашынып калса үстүнөн жакшы көрүнбөй калат эк болбосо жерге коюлган мишендердей калтырбай кырып-кыр салышмак. Пулемёттун буттарын жазып предохранителин ачып алды карай дыкаттык менен байкоо жүргүзө баштаганмын. Кокусунан неме карап тургансып кайрылып сол жагымды карай салдым. Ооба, ч эле карап туруптур, жоондугу билектей, узундугун билбеймин, то болуп жаткан жеринен жарым метрдей тик көтөрүлүп, кулактарын жа кобра жыланы мени карап туруптур. Өтө жакын эле мага карап жыгы эле жеткидей бурулган бойдон тиктешип калдык. Эки бутум ылдый ка сунулуп жатканмын, тура калып качууга мүмкүнчүлүк жок. Оң жак

мүрүмө пулеметтун кундагын тиреп алып, оң колум рукояткасын кармаган бойдон крючокто турган. Кол сунса да жеткидей жерде болгондуктан көздөрүбүз менен сүйлөшүп жаттык. Мага тийбе, мен азыр оңтою келсе качам дедим, жыландын көздөрүнөн менин уйкумду бузуп кайдан келген немесиң дегендей нараазычылыкты окугандай болдум. Чындыгында мени нес басып калган эле, канча тиктешип турганымды так билбеймин. Акылымды жыйнай баштагандан кийин буттарымды ыңтайлоштуруп өзүмдү артка карай таштадым. Секирип сыйгаланып ооп алакет менен тегиздикке түшүп келдим. Чыкканымда байкабаган түшүп келатканда таштын орто ченинде үңкүр бар экенин байкап калдым. Тегиздикте эч ким жок болчу, пулемётумду атууга даяр кылып үңкүргө көтөрүлө баштадым, жакындаганда кобураган үндөр угулду. Ким бар чыккыла болбосо атып салам деп орусча кыйкырдым. "Атпа, биз барбыз, өзүбүздүкү",- деген тааныш үн угулду. Карасам биздин ротадагы үч түркмөн жоокерлер. Бул жерде эмне кылып отурасыңар, ал жакта бардыгы кырылып жатса, ротага билдиремин, бардыгың трибуналга кетесиңер билесиңерби, атып салам деп кыйкырдым. Алар баштады эч кимге айтпа, айтканыңды кылабыз, сенден биз дешип. Таштын үстүнө чыккыла, өзүңөр көргүлө эмне үчүн силер кара жаныңар үчүн мекениңерди дагы сатасыңар, тезде деп буйрук менен сүйлөдүм.


Оң жактан: Абдиназаров М.: Лейлек р-ну, жанында Шаршен, Токтогул р-ну.

***

Алар биринен-бири шашып жөрмөлөгөн бойдон таштын башына чыга көтөрүштү. Артыларынан мен дагы чыгып, ал жакта жылан бардырбү деп сурасам, жок, эч нерсе жок экен дешти. Таштын үстү туурасы 4метрден келген тептегиз аянт экен. Астыбызда болсо кайтып болгондорду, оор жарадарларды насилкелерге салышып кайра

жөнөтүшүптүр. Алды жагыбызда 500метрден кийин жылга эки тарапка бөлүнүп кетиптир. Бөлүнгөн жерде 5-6 эшек өлүп жатат. Үстүбүздөн вертолёттор учуп келе жатышты. Дымовой шашкаларды түтөтүп,таштын үстүнө ыргыттык,вертолёттор кайрадан бизди карай ок чыгарышты, жан алакетте ылдый карай качтык,себеби, артында дагы учуп келе жаткан.Таштан өткөндөн кийин насылке көтөргөндөр токтоп алышкан экен. Майор Юрчин бир курман болгон жоокердин алдында ыйлап отурат. "Акыркы сөзүн апа деди, эми кантип апасына жөнөтөм, энеси байкуш бул азапты кантип көтөрөт" –дейт. Уккандардын бардыгынын көзүндө жаш жылтырап турду. Көрсө ок салынган подсумкасына ок тийип, магазини жарылып кетиптир. Оор жарадар болуп онтоп жатса доктор жетип тынчсыздандыра турган укол сайыптыр, "апа" деген бойдон көзү жумулуп кете бериптир. 1-взводдо Лунич деген жоокерди курман болгондон кийин көтөрүүгө мүмкүнчүлүк болбой 5-6 метрге сүйрөп түшүрүшкөн экен. Жеңдерин түрүп алгандыктан колдорунун териси түрмөктүлүп сыйрылып, манжалары үйүлүп калыптыр. Кан көп кеткендиктен колдорунун эти балыктын төшүнө окшоп калыптыр. Мындайларды карап туруунун өзү эле өтө оор эле, жүрөгүңдөгү ызалык көзүңдү тумандатып таштаар эле. Оор жоготуу менен артыбызга кайттык. БМПга жеткенибизден кийин биз буктурмага алынган тараптан кечке граттар менен аткылашты. Аракет алмаштырабыз деген үмүт менен кездеме талашкан кампа өрттөлүп кылынды. Биздин алды жагыбыздан аракет кылышкан 2-ротанын жоокерлери 50 чакты душманды колго түшүрүп алып келишиптир. Кызыгы, биринде дагы колдорунда куралы жок экен. Каршылыксыз колго түшүп беришиптир. 5-6 тепкилеп жиберишкендер дагы болушту, бирок офицерлер катуу тыюу салышып, токтотутуп коюшту. Устав боюнча жоокердин туткундарды жазалоого укугу жок экенин алар билиши керек. Туткундарды соттоо же актап боштондукка коюп жиберүү акыркы чечимин Ооганстандын бийлиги кабыл алат экен. Ошондуктан алардын көпчүлүгүн кайрадан коюп беришет экен деген имиш жоокерлер арасында айтылып калчу. Бул сөздөрдүн канчалык чындыкка жакын экени бизге ачык эмес эле. Ошол күнү ал жерде анчалык алыс эмес жылгаанын этегине барып токтодук. Түшөөрүбүз менен качып бара жатышкан душмандарды кугунтуктоого буйрук берилди. Аткылоо канчалык катуу болгону менен алар качып кетүүгө үлгүрүштү. Күн кеч

калгандыктан чабуул токтоду. Кайрадан токтогон жерге кайтып ...нибизде түнкү күзөткө даярдыктар күчөтүлдү. Таштардан тизилип ...онуу чаралары көрүлдү. Душмандар кайрадан чабуул коюп аракетке ...шү мүмкүн. БМПлардын прожекторлору менен айлана-чөйрө улам-...ам жарытылып, бардык кырдаалга даяр турдук. Негизинен түн тынч ...ү, адам өз өмүрү коркунучка кабылганда өзү сак болууга мажбур ...от экен.

* * *

...ртеси даярдык көрүлгөндөн душмандар качкан тоого карай бет ...дык. Бир чакырым баспастан эки тоонун ортосундагы быткылга ...шырылган техникаларга туш келдик. Бизди кызыктырганы Союзда ...алган сары түстөгү ПАЗ-672 маркасындагы автобусту бекитип ...уптур. Жапжаңы майы менен спидометрини карасак 630 км. аран ...үптүр. Жанына тагылуучу күзгүлөрү, бурагычтар салынган ящиги ... бекиткен бойдон ачылбаптыр. Үстүнө жабылган чөп-чарпарды ...лагандан кийин, танка менен араң сүйрөп чыгардык. Бекиткен ...ине чейин автоунаа айдап барчу жол жок, кантип жеткиришкенине ...ыбыз жетпей айраң таң калдык. Лагерге алып келгенден кийин ...түн штабына кызматтык унаа кылып алышты. Автобусту ...ындан чыгарышкандан кийин топ-топко бөлүнүп, операция ...ылды. Душмандар эбак эле жер которуп кеткенби, атышуунун ... эч жерден угулбады. Тоо аралап жүрүп 1-рота душмандардын ...анышкан жерине туш келишиптир. Тоо этегинде агып турган ... бар, айланасы бак-дарактуу 4 бөлмөлүү үй бар экен. Ал ... 100 гө жакын чет элдик куралдар, аскер формасындагы кара ...дер табылыптыр. Тоолорду кыдыруу бир жумага улантылды, ...мандардын кампалары табылып, жок кылынды. Каршылык ...тондор жок болгондуктан жоготуу болгон жок. Операцияга ...ган аймак тазалангандан кийин лагерге кайтууга команда ...лди. Шынданга кеткен бетон трассага чыккандан кийин Фарах ...ын жээгине токтодук. Жолду курган жолчулар жашаган этаж ... бар шаарча дагы бар эле. Алар кеткенден кийин "каапырлар ...ган үйлөрдө" оогандыктар жашабагандыктан бардыгы бош турар ...анасы дубал менен тосулбагандыктан базар кылып алышкан ... Дарыянын жээгине токтогондуктан жуунуга уруксат берилди. ... "хэбыларыбыз" денеден чыккан терден улам шор байлап,

аппак тузга чыланып катып калган эле. Дароо чечинип, кийимдерибизди самындап ташка чапкылап жууп, дарыяга боюбузду таштап кирине баштадык. Фарах дарыясынын көлөмү биздеги Исфара дарыясындай эле. Эки тарабы 3-4метр тике жар болуп, туурасы 100метрдей сайдан агып жатчу. Чуңкурлугу адам белинен келип, жайылып жай аккандыктан, агып кетүү коркунучу жок болчу. Эки тарабындагы жарларга тийип бурулуш аккан жерлери чуңкур келип сүзгөндү билбегендер чөгүп кетиши да мүмкүн эле. Анча-мынча эпчилдер дарыянын чуңкур жерлерине үстү жагыбызда граната ыргытышкан экен, суу бетинде балыктар жайнап агып келе башташты. Туткан балыктарды жээкке ыргытып, ар ким өзүнө караштуулар ыргыткан балыктарды жыйнашып балык улоо аңчылыгы да башталып кетти. Кечеги душмандын аткан огунан чочуган коркуу сезимдер унутулуп, аңчылыгыбыз кыраан-каткырык күлкүлөр менен уланып жатты. Бир убакта жогору жактан ызы-чууга аралашкан кыйкырыктар угулду. Дарыя жарга такалып бурулуп аккан жерде чуңкур жерге бир жоокер үстүнөн боюн таштап кайра чыкпай калыптыр. Асты жагында биз балык тутуп жүргөнбүз, дарыянын суусу тунук болгондуктан астындагы таштарга чейин көрүнүп турган. Демек ылдый карап агып чыкпагандыктан, ызы-чууга түшүшкөн окшойт. Комбат дагы мында күтүлбөгөн окуядан кыжыры кайнадыбы, бардыгын дайрадан чыгып кийинүүгө, катарга тизилүүгө буйрук берди. Ар бир командир өз жоокерлерин тактагандан кийин бир гана жоокер жок болгону дайын болду. Ошол эле күнү вертолёт менен суу астына түшүүчү кийимдер менен адистештирилген топ учуп келишти. Алардын аракетинен да жыйынтык чыккан жок. Чегүп кеткен жоокердин салмагына жараша ошол жердин топурагынан кийитине кошо салынды. Бардык офицерлер, жоокерлер бир сыгымдан топурак кошушуп, кээ бири көздөрүнө жаш алып коштошушту. Биздин балык уулап кыраан-каткырык менен коштолгон кубанчыбыз бир жоокердин кунуна барабар болду.

* * *

Операцияга чыккан мезгилдерде минага жарылып же техника менен кошо күйүп кеткен учурларда курман болгон жоокердин денеси таанылбай калса, темир гробдорго сваркалап, үйлөрүнө жөнөтчү эле. Келгенде дагы табытын ачтырбай аскер комиссариаты көзөмөлдөп

турган дешет. Мындай кырдаалдан пайдаланып наркотик дагы ышылып турган деген имиштерди дагы угуп калчубуз. Акча табууну здөгөндөр кайсы жерде болбосун сөзсүз табылат экен. Ок-дары ып колго түшкөн жоокерлер, прапорщиктер трибуналга кетишти ардын жоруктары ашкереленип, түшүндүрүү иш чаралары үргүзүлдү, бирок токтогон эмес. Саткан нерселери кырчындай ыүрлөрдү кыйып жатканына өздөрү аралашып, көздөрү менен көрүп үргөн инсандарды кантип түшүнсө болот. Душмандардын мышынан күнөөсү он эсе болсо дагы алар сени менен бирге змат кылып, бир жашап жүргөнүн ойлогондо чачтарың тик турганын зүң дагы сезбей калат экенсиң. Мындайларды жаратkандын өзү гана калабаса шайтандардын коргоосунда жашай беришет. Абийир соту ыздык кылат.

* * *



Жоокер-интернационалисттер

Эртеси лагерге кайтууга сапарыбызды уладык, жолдо болсо жакшы кыялдарга батууга аракет кыласың. Кечээ ата-энеңдин тилин угуп, үйдөгү жумушту таштап, көчөгө качкан балалыгың эске түшөт. Эмне үчүн башка балдардай эркин ойной албаймын, үйдөгү муштар качан бүтөт деп жадаган күндөрүң кайтып келеби, кайтып эч качан жадабаймын деп улутунуп аласың. Дембилди эстесең узак, каминде дагы бир жыл бар. Жай айларында лагердеги жашоо тозок болчу. Күн ысыганда палаткага кирсең тандырга ндей болосуң, эшикте болсо саябан жок. Ичкенге куюлуп койгон дагы күндүн табына кайнап калчу. Айла жок бардыгына үң. Фляжкалар одеалдан чехол тигип, сууга өлдөп илип койсоң өзү шамал жүрсө бир аз муздатат эле. Кечинде болсо күндө коюлчу. Кечки тамактан кийин киного барасыңбы, жердештерин жолугасыңбы, өз эркиң эле. Лагерде он күнчө турбадык.

## АЙТАЛИ НАИБ УУЛУ

Чыкчыран тарапка жүрүшкө чыгабыз деп даярдык көрүлө баштады. Чыкчыран биз турган Шындандан 800км. алыстыкта экен. Айдоочу-механиктерге жардам берип, техникаларды оңдой баштадык. Ротада 12 даана БМП бар болчу, боевая машина пехоты деген. Аны балдар братская могила пехоты деп макам коюп алышкан. Биздин аскердик кызматтын көп убактысы ушул БМП ларда өтүп жаткандыктан, техникалык абалы кайдыгер калтырчу эмес. Операцияга чыкканда бузулуп калса азабын кошо тартчубуз. Полктун командиринин техникалар боюнча орун басары дуулдаган майор болчу. Ондолуп жаткан техникаларды өзү көзөмөлдөп, паркты айланып жүрчү. Чыкчыранга тили келбей, "эй, биз Чакчаганга кетип жатабыз, жол алыс, жалаң тоо аралап кетебиз, көзүңөрдү ачкыла!",- деп кыйкырып жүрөр эле. Август айы болуп калган. Полкубуздан 1-батальон, андан тышкары танковый полктон, артполктон дагы башка аске бөлүктөрүнөн кошулуп, колонна жолго чыкты. Жалаң тоо арала жүрдүк, күн алыс душмандардын буктурмасына туш келеби: Техникалар минага жарылса колонна токтоп калат. Душманда өздөрүнө ыңгайлуу жерлерде гана кол салышат, атышуу башта дароо чегинип кетишет. Жараксыз болуп калган техникаларды трейлерге жүктөп кайтарып жиберишет. Бир күн жол жүрсөк, бир кү токтоп, тоого карап өрлөп качкан душмандарды аткылап, сапарыбы улана берди. Канча тоолорду араласак дагы аккан суусу жок, жашаган айылы жок, түнөрүп олтурган абышканын түрүн элестет Сапарыбыз он беш күнгө созулду. Чыкчыранга жеткенибизде э тарабы адырлуу, ортосунан кичинекей дарыясы агып турган өзөн туш келдик. Сууну бойлоп жайгашкан кыштактар бирине-бири көрүн турат. Биз токтогон жерде бышкан кирпичтен салынган тип имараттар, асфальты жок кичинекей аэропорту дагы бар эк Баарынан кызыгы, жол боюнда паранжасы жок кофта, юбка кии тапанча тагынган кыздарды көрдүк. Аларды көргөн жоокерлер укм көргөндөй кол булгалап кыйкырып жатышканын сүрөттөп жа кыйын. Чындыгында көптөн бери оркестрди башкарган маиор дайыма жынсы кийип жүрчү бети тырышкан аялынан ба аялзатынын чыныгы жүзүн көрө элек болчубуз. Кыздар өздөрүнүн ушунчалык баалуу экендиктерин сезгендей көздөрүнүн кырын салып, өтүп баратышты сыр билгизбей.

## Ок аралаган 555 күн

Караторудай көрүнгөнү менен жүздөрүнөн нур жанып акжуумал эле кыздар...

* * *

Аэропорттун бир жак четине дарыянын жээгине жайланыштык. Дарыя кичинекей эле, болгону 15 метр кубдай суусу агып турат. Түш ...ндеринде келип токтогондон кийин бардыгы дарыяны көздөй ...уркашты, сууга бой таштап кийимдерди дагы жууп алууга үлгүрдүк. ...из келгенде күндүн ысыктыгы 30өтан жогору болчу. Бардыгынан ...үтүлбөгөн укмуш түндөсү башталды. Күн батышы менен аз-аздан күн ...ута баштады. Түн жарымынан өткөндө уктамак турсун, таң атканча ...ыярка жагып секирип чыктык. Эртеси түшкө жакын вертолёттор ...енен шинель, телогрейка, бушлаттарды алып келишти. Күндүзү күн ...ымкидей ысып дарыяга киребиз, түндөсү канчалык кийинсең ...агы үшүп таттуу уйкуң ачылат. Бир кезде жүрөгүбүздүн үшүн алган ...ртолёттордун кызматы чоң эле. Зарыл нерселерди, үйдөн кат келсе ...еткирет, жүрүштөр узакка созулса киномеханиктер кошо келип ...инопорду коюп беришет. Жүрүш узакка созулган мезгилде ...ехникаларды бир катар кароодон өткөрүп, бузулган тетиктери ...алмаштырылып оңдоо-түзөө иштери бир топ убакытты талап кылар ... Чыкчыранга жеткенден кийин операцияга чыгууга үч күн даярдык ...өрүлдү. Операцияда аракеттенүүнүн жаңы ыкмасы киргизилип, ...ганистан элдик армиясынын бир батальон жоокерлери кошо ...ышты. Алардын колдонгон техникасы улуу Ата мекендик согушта ...айдаланган үстү ачык бронотранспортёрлор экен. Колдонгон ...куралдары дагы мурда биз кинодон көрүп жүргөн советтик армиянын ...үш мезгилиндеги колдонгон куралдары. Аскерге чакырылганда үч ...жылдык мөөнөткө чакырылат экен. Керпе-төшөнчүсүн дагы үйүнөн ...ерүп келип, кызматы бүткөндө аскер формасын чечип берип кайра ...өрүп кетишет экен. Аларга сакал коюуга уруксат берилгендиктен ...ы бир карыш болгондорун сурасаң, жашы биз менен тең же кичүү ...чыгат. Операцияны суу бойлоп ылдый тараптан баштадык. ...ын бойлоп 2-3 саат жүргөндөн кийин туш келген кыштакты курчоого ... Үйлөрү чачкын жайгашкан, суу бойлоп ылдый кеткендиктен ... кэрүнбөйт.

...уу болбой тынчтык өкүм сүрүп тургандыктан биз коопсунбой ...эркин сезип ары-бери басып турдук. Бир кезде четки

үйлөрдөн 3-4 адам чыгып бизге карай бет алышты. Колдорунда көтөргөн нерселери бар, биз таң калып карап турдук. Жаныбызда офицерлерден эч ким жок болчу. Жакындап келип салам беришти, биз алик алдык. Көтөргөн түйүнчөктөрү нан, каттама, табакта айран, каймак, сары майы менен дасторкон жайышып, келгиле ооз тийгиле, жегиле дегендей ишарат кылышты. Тажик жоокерлер алар менен эркин сүйлөшө турган. Аларга карадык, дароо которуп берип жатышты. "Шуравинин аскерлери, мусапырсыңар, мекениңерден алыс жүрөсүңөр, үйдүн тамагынан жегиле, биздин балдар дагы аскерде жүрүшөт силерге окшоп, ошондуктан силерге ырыскы алып келдик", - деп колдорун көкүрөктөрүнө коюп ызаат кылгандыктарын билдиришти. Тажик куралдашыбызга айттык, бизге мүмкүн эмес, мүмкүн ууланган тамактарды алып келиштиби. Котормочубуз түшүндүргөндөн кийин дароо нандан сындырышып, айран, каймак, майга малышып, өздөрү жеп көрсөтүшүп, коркунуч жок дегендей колдору менен жаңсап көрсөтүшүп алгыла, жегиле дегендей ишарат кылып жатышты. Кой деген кожо жок, шилекейибиз агып араң тургайбыз. Баштадык дедик бири-бирибизге карап, бир жылдан ашуун үйдүн тамагын жебегендиктен ушунча даамдуу эле. Көз ачып жумганча дасторконду тазалап койдук. Оогандыктар кудум өздөрүнүн балдары жеп жаткандай меймандос жылуу көздөрү менен карап турушту. Биз дагы алардын меймандостугуна ыраазы болуп колдорубузду көкүрөккө алып ташакур деп ыраазычылык билдирдик. Ошол кезде полктун особисти менен ротный келип калышты. Булар менен эмнени соодалашып жатасыңар, ок-дары сатып жатасыңарбы деп тергөө дагы жүргүзүп жиберишти. Булар бизди мейман кылганы келишиптир десек мүмкүн эмес, тыюу салынган, кеткиле деп аларды кубалап жиберишти. Аягы бир аз өкүнүчтүү болгондуктан биз дагы кыжаалат болуп калдык. Мурдараак келгендөринде ырыскыбыз даам ооз тийбей калат белек, ошонусуга да шүгүрчүлүк кылдык. Биз оогандар сабатсыз, караңгы эл болот деп тарбиялангандыктан мындай мамиле, меймандостук түшүбүзгө да кирген эмес. Караңгылык бул сабатсыздыктан эмес, акыл-эстин тайкылыгынан, маңкурттуктан экенин баамдагандай болдук. Беш убак намаз окуган ата-энебиз к... нерселерге тыюу салып, уруксат бербей коюшса, булар түшүнбө... караңгы бойдон өтүшөт деп нараазы болуп жүрүптүрбүз.

# Ок аралаган 555 күн

Көрсө, алар мени пешене тер менен эмгектенип, адилеттикти туу туткан инсандыкка тарбиялоого аракет кылышкан экен да. Чындыгында атам ықыйкатты бетке айткан, аксакалбы, жогорку кызматтагы чиновникпи, ыяган эмес. Бир мүнөздүү инсан эле, канча азабын чексе дагы айтканынан кайткан эмес. Атам менен кошо жашаган замандаштарынын арасында аны түшүнгөн инсандар аз болгонуна кээде өкүнүп кетем.

* * *

Ротный особисттин алдында "Уставдын талаптарын бузсаңар дагы трибунал алдында жооп бересиңер!",- деп катуу эскертүү берип жөнөп кетишти. Ошол күнү ал жерден кечке жуук аран кайттык. Чыкчыранда он күндөн ашык турдук. Күн ылыс операцияга чыгып, суу бойлоп кыштактарды



Солдо: Темиров Рахман Баткен р-ну

тазалап келебиз. Ооган жоокерлери өздөрү кыштактарды аралашат, биз ...ноого алып, кечке жатабыз жамбаштап. Салгылашуу, минага жарылуу ...ген жок, кечке жуук кайра кайтабыз. Андан ары Кабул тарапка ...жоуга карай жүрүштү улантабыз деген маалымат берилди. Адегенде ...ларды ашып жолубузду уланттык. Чоң кыштактар болбосо дагы 20-...түүн жашаган айылдар тез-тез жолугуп турду. Ошондой айылдардын ...нде бизге каршы ок чыгарышты, биздин взводго чабуул коюуга буйрук ...ди. БМП лар менен жакындап барганыбызда ок чыгарбай калышты. ...ы, земля!" деген команданы уккандан кийин жерге секирип түшүп ...го карай жакындадык. Үйлөргө карай ок чыгарып, кезек-кезеги менен ...үбүз менен жылып бардык. Бизге каршы октор атылбады. ...лениенин командири сержант Мухамедов тура калып үйдүн жанынан ...п барып эшикти буту менен тээп ачты. Үйдүн ичинен болсо тарс эткен ...ыктын добушу чыкты. Мухамедов болсо чалкасынан жыгылды. ...ган эшиктин ичине карай калгандарыбыз ок жаадырдык. ...медовго чуркап жетсек ичине ок тийиптир тирүү экен. Эки жоокер ...рүн мойнубузга асып алып артка карай чуркадык. БМП нын алдына

жеткенден кийин абайлап башына жөлөнгүч коюп жаткызды Ооганстан мени жеди деп онтоп жатат. Чыдагын, өлбөйсүн дешип ( тешкен жараатын таңып жатышты. Чыкчырандагы аэропортто биз кошто жүргөн вертолёттор калган болчу. Кабар берилгенби бирөө дароо учуп келди. Жерге конору менен носилкага салып жүктөдү Батальон замполити майор Юрчин өзү коштоп кетти. Ал убакта чабуул өткөн жоокерлердин бардыгы кайтып келишкен болчу. Мухамедовду 3 метр аралыктан атышкан экен, ошол үйдүн ичине гранаталард ыргытышып быт-чытын чыгарып таштап ташыптыр. Негизги колон токтобогондуктан биз дагы жүрүшүбүздү уланттык. Панджоуга чейин да тоо аралап кеттик. Тоо арасында кыштактар өтө көп экен, бирок кимисинде тирүү жан калбай бардыгы тоого качып кетишиптир. Колон токтогон жерлерде кыштактарды аралап келебиз. Үйлөрдө эч ким калп эмес, огороддорго кирип картошка казабыз, тоок кубалайбыз, курсакт камын көрөбүз. Ар бир БМП өзүнчө кухня уюштуруп алышкан. Та бышырууга казан-табак, тарелка, керектүү идиш-аяктын барды снаряддардан бошогон ящиктерге салып, үстүнө байлап койчу Олжолуу болгондо түнөгөн жерде ар ким өзүнчө тамак асышат. Ко багып жүргөн малдарын таштап койчулары качып кетишчү, кой-эчки союп алсак этке жыргачубуз. Бош калган үйлөрдөн күрүч, май, а түлүккө керектүү нерсенин бардыгын олжо катары камдап алчу Ооганстан бийлигинин өкүлдөрү колоннада кошо жүрүштү силитил менен тоого карай кыйкырышып. Өздөрүнүн тилинде "каршы көрсөтпөсөңөр силерге эч ким тийбейт",- деп элдерди чакырып жүрү Панджоуга 3-4 күн жол жүрүп араң жеттик. Беш тараптан суу агып к кошулган жер экен. Ар сайдан агып келген сууну бойлото айы жайгашкан бак-дарактуу, эл отурукташкан жер экен. Чоң базары ошол жерде болот дешти. Айланасы бийик адырлуу тоолорго ула кеткен, климаты Шынданга окшобогон, суусу көп аймак экен. Ро токтогон жерде диаметри 3метрден ашык казанда шорпо кайнага кайнап турган булак бар экен. Агып чыккан суусунун дайыны жок көрсөк, муздак газдалган суунун даамын берет. Эки тарабыбыз тең кырлуу адыр. Вертолёт менен Мухамедовду коштоп кеткен зам кайтып келди. Мурдагысындай көзү жашып айтып берди. Госпи жеткенде кансырагандanбы Мухамедовдун жаны үзүлүптүр. Аны тазалап, парадкасын кийгизип, табытка салууга даярдап жатса, үй атасы өлдү деген телеграмма келиптир... Атасын узатууга

табытта кетти деп ыйлайт. Энеси кантип көтөрөт эки азаны, бул кандай ...рдук деп бардыгын ыйлатты. Ал кабарды укканда жүрөгүбүз ушунчалык ...илип, көздөрүбүздөн жаш шорголоп агып турду. Ансыз дагы үйдүн ...гынычы күчөп, бук болуп араң жүргөнбүз. Ыйлагың келип жатабы деп ...ураса деле ыйлай турган абалда элек.

* * *

Түн жарымынан өткөндө алысыраактан эки тараптан тең аткылашты ...ларга карай биз дагы моокум канганча ок жаадырдык. Жарадар ...лгондор болгон жок. Кантсе да түнкү атышуунун дүрбөлөңү, ар кандай ...дайдын башталып кетүү коркунучу кооптонуу болбой койгон жок. ...ңыдан толуктоого келген жоокерлердин жүрөгүнүн үшүн алганы айдан ...ык эле. Атышуу токтогондон кийин бизге кырлардын башына чыгып ...иция ээлөөгө, күзөттү күчөтүүгө буйрук берилди. Душман бетме-бет ...лбесе командасыз ок чыгарбоо катуу эскертилди. Кырдын башына ...кандан кийин взводныйлардын уруксаты менен парашюттуу ...тницалар улам атылып турду. Асманда атылгандан кийин көпкө чейин ...ыгы өчпөй, айланадагы шектүү нерселерди байкап турууга жардамы ... эле. Болбосо карарып турган ташпы же башка чөп-чардын үймөгү ...обу, корккон кезиңде сага жылып келе жаткандай туюла берчү. Эки ...бынды кылдаттык менен сергек жатсаң дагы башка келген ойлорго ... убакыт өткөргөнгө аракет кыласың. Улуу Ата мекендик согуш ...үндө көргөн кинолор эске түшөт. Партизандардын чакан тобу немецтик ...истердин аскер бөлүктөрүн дүрбөлөңгө салып, канча жоготууларга ...тып кайра токойго кире качышып турган. Аргасыздан биз менен ...лашып жаткан душмандарды партизандарга салыштырасың. ...и алар биз менен ачык салгылашууга чыгышпайт, дайыма ...мадан кол салышып чабуулга өтүлсө, чегинип кетишет. Алар ...үнүн жер шартын жакшы билгендиктен ыңгайлуу жерлерди ...ып, жакшы даярданышат. Тоолордо салгылашканда ар бирибизге ... да берип көрүштү, кичинекей апаратын жанына асып алып ...иктерин кулагыңа тагып аласың. 3км. аралыктан толкунду тартат ... түшүндүрүшкөн. Пайдаланууга келгенде бийигирек дөңсөнүн артына ... дагы байланыш үзүлүп, андан кийин куйгүзсөң индиянын ырларын ... угуп каласың.Тоскоолдук кылуу үчүн атайын байланышты үзүп ...тыбы, түшүнбөй калдык. Панджоудагы операцияда душмандар ...ык көрсөтүшпөй чегинүүлөрү менен башталды. Башка ротанын

жоокерлери душмандар таштап качышкан эки микроавтобус менен бир жеңил автомашинаны айдап келишиптир. Жеңил автоунаанын сырткы көрүнүшү ошол кездеги ГАЗ-21фургон "Волгага" окшош экен. АКШдан чыгарылган автоунаа экен, кыймылдаткычы дизелдик күйүүчү май менен жүрө турган шофёрдон сырткары 14 пассажирге орундугу бар. 20 адам минип алып өйдө ылдый айдашса дагы моторунун тартышы кубаттуу техниканы көрүп кызыккандар аябай көп болду. Калган күндөрү операциялар негизинен вертолёттор менен улантылды. Адырларга качкан душмандар тобун вертолёттор менен оңой эле бутага алып жок кылынып жатыптыр. Жашынууга мүмкүнчүлүгү жок адырларда үстүнөн айланып учкан вертолётторго каршылык көрсөтө албай калышат экен. Түнкү күзөттү камсыз кылган биздин рота күндүзү эс алып десант болууга үлгүрбөдүк. Калгандар болсо бири-бирин кандай десантик дешип корстон болгондорун жашырышкан жок. Операцияга чыкканда канча жоготуу канча жарадар болгондордун саны катардагы жоокерлер үчүн толук маалымат берилчү эмес. Бир гана өзүң менен кошо салгылашып курман, жарадар болсо гана ишенимдүү айта аласың толук маалыматын. Панджоудан кайтканда олжого түшкөн эки микроавтобусту, бир жеңил автоунааны колоннанын катарына кошуп айдатып жөнөштү. Бирок тоолордон аралап өткөндө буктурмадан катуу аткылаганда айдап келаткандар таштап качууга араң үлгүрүшүптүр. Ал автоунааларды душмандар өздөрү гранатамёт менен атышып жарыпташташыптыр. Калганын танкалар тепсеп өтүшүп, жер менен жексен кылышыптыр. Буктурма уюштурушкан душман топтору аз санда аракет кылышкандыктан танкалардан БМПлардан снаряд менен аткылаганда эле каршылык көрсөтүүлөрү токтоп, куугунтуктоо операциялары жүргүзүлгөн жок. Колонна болсо акырындап сапарын уланта берди. Өзөндүү жерге жайгашкан кыштактын жанына келип колонна токтоду. Суусу жери кенен болгондуктан дыйканчылыгы негизинен күрүч өстүрүшөт экен. Эртеси биздин рота токтогон жерибизден эки үч саат жол жүрө турган чакан айылга бардык. Элдери бардыгы качып кетиптир үйлөрү болсо бош. Эчтеке калтырбай таар астына салынган шалынын пакалдары гана калыптыр. Ошол пакалдарды тээп жүрсөм үйдүн бурчуна көмүлгөн нерсени байкап калдым. Казына болсо керек деп шашыла чукулап көрдүм. Кездемеге оролгон жумшак нерсе чыкты. Ичинде Куран китеби чыкты, барактары акчанын кагазына окшогон тамгалары сары жалтырак металл менен жазылгандай

Кудум эле алтын жалатылгандай. Өтө кымбат баалана турган Куран китеби эле. Олжону таштагым келген жок, мен албасам башкалар ıаштамак эмес. Көпкө кармалган жокпуз, артыбызга кайра кайттык. Биз жанына токтогон айылда кичинекей базарчасы, чайханалары бар экен. Чайханага кирдик, сөрүлөргө калың көрпөчөлөр салынган, ар бир адамдын жамбашына балыштарды тизип беришет экен. Бир чайнек чай, бир нан төрт даана ак кант 10 авгани, бир даана тамекиге оролгон анаша дагы 10 авгани турат экен. Бардыгын патноско салып алып келип беришет,сен болсо байбаччалардай жамбаштап жатасың. Турганда акчасын патноско таштап кете берет экенсиң. Тейлөө маданияты ушунчалык жогору экенине таң калдым. Буюртма берсең бир копун көкүрөгүнө алып эңкейген бойдон



...жагында Марипов Дербишкан Баткен р-ну.

...ип келип беришет. Менин таң калганым -наркотиктер эркин сатылган ...нистанды эмне үчүн элдери наркоман болуп кетишпейт. Канчалаган ...ын шаарын базарларын араласак дагы спирт ичимдиктерин ...ылганын көргөн жокпуз. Наркозаттарды издеген жоокерлер кыйналбай ... таап алышчу. Тажик улутундагы жоокерлер аркылуу канча ...ындыктар менен сүйлөштүк кызыккан суроолорду берип жүрүп жашоого ...гон көз карашыбыздын айырмасы чоң экенине ынандык. Калың элдин ...марында милиция, прократура, коопсуздук кызматы эмне экенине ... түшүнүгү жок, пенсия пособия дегенди билишпейт. Бийлик ...андору үстүрттөн гана карап тургандай. Эл ичинде уурулук ...андарды, зордук-зомбулук көрсөткөндөрдү, зынаалык кылгандарды ... түшүп калышса эл өзү жазалашат экен. Башка жакка көчүрүп ...рүү, оор жаза кылгандар ташбаранга алынып өлтүрүлүп жиберилет ...башкаларга сабак болуу үчүн. Көчөдө аксакалдар утурлап келе жатса ...тары жолдун чекесине чыгып колдорун көкүрөктөрүнө алышып

ийилип салам берип өтүшөт.

* * *

Бизде болсо тескерисинче салам берсе чалдар салам беришет. Эгемендүүлүк алгандан кийин мамлекеттик идеология да токтол демократияга жамынган агым пайда болду аягы көрүнбөгөн. Албетте Ооганстан элин алар туткан Ислам дини тарбиялап жаткандыгына шек жок эле. Болбосо мектеп жок, мамлекет тарабынан жүргүзүлгөн идеологиясы жок, жашоо өз мыйзамы менен улануда. Токтогон калоннанын жанына вертолёт келип конду. Андан эки цилиндрлүү "Иж-Юпитер"мотоцикл түшүрүштү. Коляскасы дагы бар экен, яшигин бузушуп туташтырышты. Бензин, майларын куюп жүргүзүштү, аңгыча он чакты оогандыктар келип соодалашуу башталды. Тилмечтер менен соодалашуу көпкө созулду акыры 200миң авганинге сатылды деп калышты. Бир жагынан согуш жүрүп турса, бир жагынан соода-сатык кадимкидей жүрүп турганын кара. Ошол кездеги биздеги кымбат нерселер америка жынсылары, япон кездемелери ооган базарларында өтө арзан наркта болгон. Ооганстан кээ бирлердин көз жашын көлдөтсө, кээ бирлерге оңой акча табууга ыңгайлуу шарт түзүп берген.

* * *

Тынытуу үч күнгө созулду, даярдыкка берилген командага рапорт берилгенден кийин кайрадан жолубузду уланттык. Тоолорду аралап өткөндө душмандардын майда топтору жолдорго миналарды көмүшүп буктурмалардан кол салышып, бизди жеңе албайсыңар дегендей таасир калтырып жатышты. Чыкчыран жүрүшү өтө көп убакытка созулуптур. Анткени лагерге кайтып келгенден кийин өтө көп жаңылыктардын өзгөрүүлөрдүн күбөсү болдук. 105-аткычтар дивизиянын командири генерал майор Шаталин кызматынан көтөрүлүп, ордуна полковник Громов дайындалыптыр. Командирлер алмашканда жоопкерчиликтер күчөтүлүп ички тартиптерге чейин таасирин тийгизерин байкадык. Танковый батальондо кызмат кылышкан Баткендик жердештерим аскердик мөөнөт бүтүп үйлөрүнө кетишиптир. Кандай бактылуу жигиттер, алар менен коштошпой калганыма өкүндүм. Себеби Сатаров Жайнак экөөбүз [illegible] мектепте эки жыл чогуу окуган классташым болгон. Эгембердиев Тажи [illegible] экөөсү сегиз жыл бирге окуган классташтар. Аскерге бирге келишип бирге кайтышыптыр, кичи мекендери дагы азыркы Кайыңды айылы [illegible] Баткенден болсо үчөөбүз.Медсанбатта кызмат өтөгөн Ысманов Жоро [illegible]

отпускага үйүнө барып келиптир. Мени издеп келгенин куралдаш жердештерим айтышты. Сага үйүңдөн алып келген насибиң бизге бизге буюруптур дешип төрт даана өрүктөн баргегин беришти. Кубанчымда чек жок эле, апамдын кургаткан өрүктөрү болсо керек, ушунчалык даамдуу ... Ата-энеме бир туугандарыма болгон сагыныч кыялдарга баттырып. ...рдын колунан ырыскымды таткандай болдум. Медсанбат биз турган жердин 10-15км. аралыкта жайгашкандыктан чуркап барып Жоробай досумдун өз оозунан дубай саламдарды уккум келди. Бирок мүмкүнчүлүк болбоду, жок дегенде досума терең ыраазычылык билдирип коюуга ...ртым жоктугуна абдан бушайман болдум. Шындатта чоң аэропорт ...йгашкандыктан айланасында кыштактар аябай көп болчу. Дивизия ...бынын алдынан өткөн чоң трассанын аркы жагынан дагы кыштак ...шталып, жол жээгинде дүкөндөр советтик жоокерлер менен ээн эркин ...ода жүргүзүп турушар эле. Кыштактын 13-14 жаштагы балдары орус ...нин суудай сүйлөшүп мончого түшүрчү булактын жанында базар ...турун алышыптыр. Буга мончого түшкөнү барганда өзүбүз күбө ...дук. Эч нерседен тартынбай калышыптыр, саат, ручка, ар кандай ...юмдарды көтөрүп чуркап жүрүшөт. Наркотиктерди да соодалашат экен ...шыктарында чет элдик тамекилер, толгон-токой кызыктыруучу ...ардар толтура. Биздин бөлүктөн күзөттөн кайтып келе жаткан эки ... гез жетебиз деп оогандыктардын автобусуна түшүп алышкан экен, ...нүн тең баштарын кесип алып, куралдарын дагын алышып, сөөктөрүн ...иянын штабынын алдына таштап кетишиптир. Бир майор чининдеги ...р кызмат унаасы менен УАЗ-469 маркасындагы дивизия штабынын ...ындагы дүкөндөргө кирген экен, шофёру рулда отурган жеринде китеп ... отура бериптир. Жарым саатча отурса дагы майордон дарек жок ... Артынан кирсе башын кесип куралдарын алып, дүкөнчүнүн оозуна ...рок тыгып, колу бутун байлап таштап коюшуптур. Мындай ...лардын угуп отурсаң аягы бүтпөйт. Дивизиянын штабына биздин ... тез - тез караулга барып турчу. Комендатура дагы ошол жерде ...олгондуктан оор кылмыш жасаган советтик жоокерлер дагы ...нундык соту болгуча ошол жерде кармалышар эле. Бизге чейин ...ууга баргандардын бирине кезеги алмашар менен түн жарымында ... генерал туалетке чыгып кайра кайтканда пароль сураса билбей ... Кезеги бүткөнчө башын көтөртпөй эки саат кармаптыр. Ошонун ...нде ал жоокерге алкыш жарыяланып, үйүнө отпуска берилиптир.

Кароолго барганда ичи ооруган генералдар бизге дагы жолукса экен деп үмүт кылып жүрдүк.Бир жолу кароолго барганда кыргыз жоокерин жолуктуруп калдым. Кайдансың деп суроо узатсам, Оштонмун деди Оштун кайсыл жеринен десем, Баткенден дейт! Экөөбүз кучакташып учураштык. Рават айылынан болот экен. Төрөев Каныбек деп тааныштырды өзүн. Кийген формасы таптаза, штабда кызмат кылгандай Кайсы бөлүктө кызмат кыласың деп сурасам, комдивдин шофёрумун ГАЗ-24 айдаймын деди. Оо сен крутой кызматта экенсиң, бизди карачы дайыма эле рацияда кызматыбыз өтүп жатат, биз көргөн шумдуктарды э кимдин башына салбасын дедим. Экөөбүз көпкө сүйлөшүп отурдук Баткенди эскердик, жакшылап тааныштык. Кароолдон кайтып келгенде кийин мени менен кошуна чоңойгон Шерматов Кайымды жолуктуру калдым. Ага жердешибизди жолуктурганымды айттым комдивдин шофёр экен деп мактанып жибердим. "Аны биз дагы көргөнбүз.- деди ал,- сен дагы кулакка тээптир . Сага окшоп мен дагы мактандым эле, комдивди шоферу орус бала, биз билебиз",- деп таластыктар бизге күлүп жатат. Уя кылганы үчүн аны сабаш керек деп жинденип алды. Таң калдым, мында тамашаны күткөн эмесмин. Жердешчиликтин болсо кадыры күчтүү эле Ротада бирге кызмат Сапар Бишкектин (Фрунзенин) Төкөлдөшүнөн болчу Бир жолу азербайжан улутундагы бир жоокер кыжырына тийген экен, би муштап кроваттын астына киргизип жибериптир. Беш алты азербайж чогулуп Сапарды отун кампасы жагына разборкага чакырышыпты Бардыгын жалгыз өзү тегиз уруп жаткырып таштаптыр. Анан БМПсы оңдогону техпаркка кетиптир. Ротада 25тен ашуун азербайжандар кызм кылышчу, бардыгы чогулуп Сапар менен эсептешкени парк барышыптыр. БМПнын астында гусеницаларын текшерип жаткан Са чыга калып колундагы монтировка менен бирөөсүн желкеге у жыгытыптыр. Калганы болсо топтолуп паркты айлан качышыптыр,жылкы куугандай 5га. аянты бар паркты айланып ку чыгыптыр. Андан ары таркап качып кетишиптир. Бизди башка тар жумушка алып кеткендиктен кечинде келдик. Азербайжандар Сап менден сурашты,мен эч нерседен кабарым жоктугунан көрбөгөнүм айттым. "Эгер билсең, биздин суранычыбызды айтып койбойсуң жарашуу ниетинде экенибизди билдирип кой",- деп суранышты. Ке тамактан кийин жердештер жыйналчу жерге бардым. Лагерде к кыргыз жигиттери болсо бардыгы жыйылыптыр. 1-батальондун штаб

башчысы Кызыл-Кыялык кыргыз офицери, капитан Уразматов Рашид келип калыптыр. Эмнеге мынчалык чогулуп калдыңар, тынчылыкпы деп сураганда, азербайжандар менен кичине эсептешүүгө туура келип калды деп жооп беришиптир. "Билесиңерби, мен аскер окуу жайында окуп жүргөндө 400 башка улуттун арасында кыргыздын намысын берген эмесмин. Бош келбейсиңер, керек болсо өзүм колдоо көрсөтөм!",- деп жердештердин духун көтөрүп коюптур. Мен барып Сапарга азербайжандар сурап жаткандыгын билдирдим. Акылдашкандан кийин Сапар "эгер бирдемке болсо, үч жолу катуу ышкырамын, бардыгын жетесиң",- деп жанына эки жигит алып, мени менен төртөө болуп күтүп турушкан жерге бардык. Катуу даярданышыптыр дасторкондо бардыгы кайнайт, аракка чейин тизип коюшуптур. Алардын башчысы Пашаев деген нөкер эч нерсе болбогондой Сапардын колун катуу кысып көрүшүп, дасторконго чакырды. Күнөөнү өз моюндарына алышты, айыптууну өзүбүз тарбиялап алабыз, өзү сенден кечирим сурайт, максатыбыз элдешели дешип өтүнүчтөрүн билдиришти. Ачыгын айтканда сыйлуу конок болдук. Ошондон кийин моюн толгоп жүргөндөр мага да сый мамиле жасап калышты. Полкто үстөмдүк кылып жүргөн чечендер дагы бул окуядан кабардар болуп, азербайжандарга эскертүү беришкен экен. Сапар дагы мыкты менен иши, жок өзүнү токтоо мүнөздө кармаган жигит болчу кыргыздардын намысына жарап берди, бардыгы жакшы аяктады. Кайгылыш ротасында кызмат өтөгөн жердешим Гафуров Зайнидин экөөбүздүн палаткабыздын аралыгы 50 метр болгондуктан лагерде болгон учурда көрүшүп турчубуз. Аны менен нарындык эки жигит дагы бирге кызмат өтөп жүрүшкөн. Алар бизден алты ай кийин чакырылган нөкерлер эле. 3-батальондо Лейлектен Машрапов Доур күйүүчү май ташыган бензовозду башкарып жүргөн. Операцияга чыкканда дөңгөлөктүү техника башкарган айдоочуларга кооптуу учурлар тез-тез кайталанып турчу эле. Анткени буктурмалардан душмандар кол салышканда ок машиналарды тешип өтүп, коргонуу дагы опурталдуу болчу. Арга калбаса дөңгөлөктөрдүн астына качып киришип, душмандар чегингиче биз менен ок атышып, зарыл учурда чабуулга да өтүшчү. Доур өзү дагы өтө тамашакөй, жердештер чогулган кезде баарын күлдүрүп, чоң балдар менен дагы алыша кетип, эр болсоң мени жыгытып көр деп, бардыгыбыз күлкү-каткырык менен күлүп калар элек. Лейлектиктер табиятынан ушунчалык жакыныраак болот эмеспи.

* * *

Чыкчыранда курман болгон сержант Мухамедовдун ордуна сапёрдук ротада кызмат кылган Кызыл-Кыялык Базарбаев Гыламидин дайындалып, кенже сержант деген аскердик чин берилди. 1-батальондун штаб башчысы капитан Уразматов Рашид котортуп алса керек. Кабул тараптагы Пакистанга чектеш жайгашкан Желалабад шаарындагы аскердик бөлүккө батальондун командири кызматына дайындалып, которулуп кетти. Биздин взводду болсо пртивотанковый дивизионго кошуп, Герат-Кандагар шаарларын байланыштырган чоң трассаны көзөмөлдөөгө Диларам провинциясы тараптагы тоолорго жөнөтүштү. Биринчи точкага противотанковый дивизиондун бир батареясы менен мотоаткычтардын бир отделениеси калдык. Айланабыз аскалуу тоолор курчаган жол боюнда кичинекей булагы бар жер. Трассалар менен ортосунда чоң сай өткөн дөңсөөлөргө жайгаштык. Дөңсөөлөрдүн ортосундагы чуңкур жерлерге офицерлер жашачу палатка менен тамак аш сакталчу палатка тигилди. Айланасында дөңсөөлөргө танкаларга каршы атылуучу замбиректер орнотулуп, беш палатка тигилди. Команди отделение Базарбаев экөөбүз кеңешип, дөңсөөнүн бооруна жертөл казууга кириштик. Эки метр тереңдикте казгандан кийин ичине сериг окшотуп мурдагылардан калган швеллерди ортосуна тартып, БМП жабылчу тент менен жаап салдык. Батарея командири капитан Григоренко , орун басары лейтенант Ламыш келип көрүшүп, 'оо.сило билет турбайсыңарбы кантип жашоону",- дешип таң калышканы жашырышкан жок. 2-точка бизден 20 км. аралыкта бетон завод жайгашкан, кирпичтен курулган үйлөргө орношуптурлар. Эки-үч адам ылайыкташтырылып салынган мончосу дагы бар экен. 3-точка Д Диларам кыштагынын ортосунда, жол боюнда жайгашкан Советтер Сою курул кеткен, бийик дубал менен бекемделген үйлөрдө жашап, бардык шарттары түзүлүптүр. Взвод командири лейтенант Ланшаков менен 2 точкада туруп калды. Эң кооптусу 1-точка эле, айланабызга сигн берилүүчү миналар көмүлүп, кээде түлкү,коёнго окшогон жаныбар тартылган зымдарын үзүп кетсе миналар жаңы жылда атыл салюттарга окшоп укмуш болуп атылчу. Ошол тарапты карап буйрук эле аткылоо башталып кетер эле. Бизге каршы ок атылбагандан кийи жаныбарлар үзүп кетсе керек деген божомолго келер элек. Бирок б белгилей турган майрамдарда, жаңы жыл тоскондордо, 23-февраль

Советтик Армиянын күнүн, 8-март аялдардын Эл аралык майрамын белгилегенде сөзсүз тоо тараптан аткылоо башталат эле. Аралык анча алыс болгондуктан эч ким жарадар болчу эмес. Замбиректер менен осколкалуу снаряддарды аткылагандан кийин чегинип кетишчү. Кышында дагы күн ачык болсо 10-15ө жылуу болуп, кар жааганын көргөн эмеспиз.

• • •

Күндөрдүн биринде эрте менен турсак, булак чыккан жерге он чакты эшек келип калыптыр. Капитан Григоренко эң чоң аңгисин туткуруп, калганын айдатып жиберди. Жоокерлерине эки күн айна, самын менен танковый щеткага жуудуртуп байлатып койду. Ашканадан арткан парашаларды жеп жыргап калды эшек кургур. Түнкү текшерүүгө чыкканда токутуп минип алат. Дубүртүн укканда "токто, ким келатат?",- деп пароль сурасаң, алгач "ноин ислама" деп анан пароль менен жооп берчү. "Согуш абалда экениңерди билесиңерби, сак болгула жана дагы сак болгула, түшүндүңөрбү, жообу кандай болот:",- деп сураса "түшүндүк жолдош капитан!,- деп жооп берет элек, -анда жакшы",- деп андан ары кетчү. Кечки саат сегизден эрте мененки сегизге чейин коменданттык саат киргизилгендиктен, түнкүсүн жол кыймылы токтотула турган. Бир күн постогулар түнкү саат 12де жолдо жарык келатат деп кыйкырып калышты.



Онлдо Абдиназаров Исраил Лейлек р-ну, Чүйдөн Рысбек менен

Бардыгыбыз кийинип чуркап чыктык, тушубузга келип калыптыр. Бизге жакын жерде артилеристтердин бир расчет замбирекчилери бар болчу. Бардыгыбыз болуп ондон ашык жоокер бир мезгилде автоунаага карай куралдаштарыбыздан прдохранителдерин автоматтык абалга коюп, ок чыгардык. Жарык дароо өчтү, ар бирибиз кеминде үчтөн магазин бошоттук окшойт. Офицерлер дагы чуркап келишти эмне болду дешип. Сержант Базарбаев кырдаалды баяндап берди. Дароо БМП менен БРДМ ди жүргүзгүлө деп капитан Григоренко буйрук берди. Лейтенант Ламыш БМП га чыкты, прожекторлорун жарытып жолго карай жөнөдүк. Кузову жыгач менен көтөрүлгөн, гүл салынып коздолуп сырдалган, кездеме жүктөлгөн жүк ташуучу автоунаа экен. Үч оогандык дөңгөлөктөрдүн алдында колдорун көтөрүп жатышат. Биз кеткенден кийин колдорун көтөргөн бойдон машинанын астынан чыгышты. Миң даанага жакын атылган октон 500 м. чамасындагы аралыкта болгону 2дөңгөлөгү тешилиптир, айнектери дагы бүтүн экен. Капитан Григоренко болсо, "эй воякатар, силер тарса-турс дүңгүрөтүп эмнени аттыңар?",- деп кекээрлүү бизге карады. Бардыгыбыз унчукпай жер карадык, "мынабы үчөөнү мотоаткычтарга тапшырам, койнунарга алып жатасыңарбы, байлап таштайсыңарбы, силер жооп бересиңер!",- деп буйрук берди. БМП нын үстүнө чыгарып жер төлөөбүзгө алып келдик. Отделение командирим Базарбаевге кеңешимди айттым. Булардан чочубаса да болот окшойт, курсактарын тойгузуп, жер төлөөнүн бир бурчунан орун берели десем, каршылыгым жок деп макулдугун берди. Бирок кезеги менен карап чыгасыңар, ким болбосун ишенүүгө болбойт деди. Болуптур, биринчи кезек меники болсун командир деп сурандым. Өзүм дагы алар менен маектешүүгө ынтызар элем. Тажик куралдашымды тилмеч кылып суроо берүүгө өттүм. Кайдан келатасыңар, кайда бара жатасыңар деген суроолорду бере баштадым. Кандагар шаарынан келе жатышыптыр. "Герат шаарына бара жатабыз, соода-сатык менен алекпиз. Жолдо машинабыз бузулуп, үч күн жаттык, тамак-ашыбыз түгөнүп, эки күндөн бери ачкабыз түн ичинде жүрүүгө тыюу салынганын билбептирбиз. Эртерээк эл жашаган жерге жетели деп келе жатканбыз. Алла Таалам өзү сактады бизди",- деп жакаларын кармап кайра-кайра келме келтиришет. Бардыгы сакал койгондуктан көзүбүзгө кары чалдай көрүнүшкөн, бирөөсү жаш жашка толуптур, бирок үйлөнө элек экен. Эмне үчүн үйлөнбөй жүрөсүң десем, "ата-энем өтүп кетишкен, калың топтоого кудуретим жетпей

жүрөт",- дейт. Калыңсыз үйлөнүүгө мүмкүнчүлүк жокпу десем, жок дешти, бизде сөзсүз калыңын төлөп, шарият жолу менен гана үйлөнөт деди. Анын айтымында Ооганстанда үйлөнүү кандай оор болсо, ажырашуу да ошондой татаал экен. Эгер кокус өлүм же зынаалык иштери аралашпаса, жесир калуу учурабайт экен. Ооганстандын канча аймагын,айыл-кыштагын араладык, элинин жашоо-турмушун көрдүк, ооба, калың элдин катмары жакыр турмушта жашашат. Бирок европалык маданиятты кабыл алышкан эмес, өздөрүнүн каада-салтын, динин, тилин бекем сакташат. Эл ичинде улуунун урматы, кичүүнүн сыйы бекем сакталган, ала жипти аттагандарды эл өзү жазалап, тарбиялап алат экен. Мындай элди илгерки жоокерчилик замандагыдай түп тамырынан кырып жок кылуу менен гана жеңүүгө болот дейм ичимде. Алар эч кандай саясаттын кулу болушпайт, өздөрүнүн жашоо мыйзамы менен гана жашашат. Биздегидей демократияны түшүнүшпөйт, түшүнгүсү дагы келбейт. Албетте булардын бардыгы менин жеке көз карашым. Мүмкүн Ооганстан элин изилдешкен саясий серепчилер өздөрүнүн көз карашын жазып чыгышкандыр. Андай китеп же макаланы окуган жокмун. Ал кездеги 20 жаш курагымда жашоого болгон көз карашым такыр башкача болчу, мындайча айтканда өзүм бала болчумун. Алган тарбиям дагы эки башкача болгон. Себеби, мектептен алган тарбия менен ата-энем берген тарбия эки башка болгонуна ой жүгүртүп көрүүгө акылым жетпептир. Бүгүн эми өзүм ата болуп, неберелүү болгонумда аз-маз гана түшүнгөндөй болдум. Көрсө кыргыз элинин бурмаланган тарыхын окуп, мээге сиңип калган доорго туш келген экенмин. Ар бир элдин өзүнө гана таандык маданияты, каада-салты, дини, тили болот турбайбы. Башка элдердин тымызын жүргүзгөн идеологиясы улуттук нарк-насилин жоготууга таасирин тийгизүүгө далалат кылат турбайбы. Эгемендүүлүк кадам таштаган жылдардан бери өсүп жаткан муунду мектеп, ата-эне гана эмес ааламдашуу чөйрөсү тарбиялап жаткандай сезилет мага. Батыш агым күчтүүлүк кылат, ошонун таасири үстөмдүк кылаарына шек жок деп ойлоймун. Улуу Британия 200жыл Ооганстанды колония кылып турган экен, бирок алар өзүнүн идеологиясын элдин катмарына сиңирүлбөптүр, сырттан гана салыгын салып турушкан деген маалыматты укканым бар.

* * *

Туткундардын курсактары тойгондон кийин абдан чарчашканын сездим, жылуу жерде көздөрү илине баштады. Экиден болуп бирибиз жер төлөөнүн сыртын, бирибиз ичинде улантып карап чыктык таң атканча. Эрте менен тамактангандан кийин тешилген дөңгөлөктөрүнүн камералары жараксыз болгон экен, айдоочулар ашыкча камераларын Григоренконун уруксаты менен беришип, түзөткөндөн кийин жөнөтүп жиберишти.

• • •

Точкада дөңгөлөктүү эки унаа бар эле. Бири "Газ-66" маркасындагы, экинчиси "Зил-131" маркасында. "Газ-66" автоунаанын айдоочусу жердешим - Оштун Нариманынан Оринов Абдилаким деген өзбек жигити болчу. Күнүгө булактан ашпозчу Алфредге, татар улутунан болчу, идиштерине суу ташып берчү. Руль башкарууга аябай кызыккандан сураныл мен да ташып берчүмүн. Капитан Григоренко байкаса дагы унчукчу эмес. Ал бардыгына кең пейилдүүлүк менен мамиле кылчу. Ошол күнү эле кечке жуук конок болгон оогандыктар кайра жөө кайтып келишти. Капитан Григоренконун жанына ээрчитип барды, эмне болгонун сурады. Алар бизден трасса менен узагандан кийин эле 10км. жетпей банданын желдеттерине жолугуп, алар талап кылган кызматты аткаруудан баш тартышкан экен, экөөсүн сабап, машинасын айдатып кетишиптир. "БМП, БРДМ, Зил-131ди жүргүзгүлө, барып текшерип келебиз, мүмкүн булар бир амалды ойлоп кайтып келишкендир",- деген буйрук берилиши менен даярдык көрүлүп, жолго чыктык. Жарым саатка калбай жетип бардык. Айткандарындай жүктөрүн жолдун четине түшүрүп ташташыптыр."Жүктөгүлө бардыгын Зил-131ге!",- деген команда берди, жүктөгөндөн кийин точкага алып келип түшүрүп койдук. Конокторубузду кайрадан бизге тапшырды, "түнү колу-буттарын байлап койгула, кантсе да ишенип болбойт, булардын оюнда эмне бар экенин, сержант Базарбаев түшүндүңбү, айткандарымды так аткаргын!",- деп буйрук берди. Оогандыктарга дагы айттык буйрук берилгенин. Күзөттө тургандарга сактыкты күчөткүлө деген эскертүү берилди.Эртеси кечке жуук машиналарды айдап шоферлору да кайтып келди,аны дагы сабашыптыр. Шериктерин көргөндөн кийин бирин-бири кучакташып өтө кубанышты. Капитан аны дагы сурап алды, эмне болгонун төкпөй-чачпай айтып берсин деп тилмечке түшүндүрдү. Анын айтымында жолго жакын эле жерде душмандардын

кампалары бар экен.Ошол кампалардын биринен-бирине жүк ташытып күйүү майы түгөнөйүн дегенде өзүн дагы сабашып коюп жиберишиптир. “Ошол кампалардын жайгашкан жерин билесинби?”,- деп кайрадан суроо узатты. Ооба билемин дегендей башын кайра-кайра ийкеп жиберди. “Анда бир тягачты кошуп төрт техниканы даярдагыла, эртең барабыз”,- деп команда берди. Оогандык айдоочуну дагы шериктерине кошуп бизге тапшырды.

* * *

Эртеси эрте менен дайындалган техникаларды жүргүзүп жолго чыктык. Фарах тоолорунун Кыргызстан тоолорунан айырмасы - арча карагай өспөгөн кара таштуу аскалуу бийик тоолорду аркалап өсөң,тегиз талаалар жайгашкан Баткен шаарынын күн чыгыш тарабындагы Өзбекстандын Сох анкалавына чейин созулуп жаткан тоолорго окшош эле. Чоң жолдон барып тоолорду карай бурулуп түнөгөндө 5-6 км жүргөндөн кийин жол баштаган оогандык айдоочу адашып калыптыр, адашканын мойнуна алып. Капитан Григоренко жүрүштү токтотуп,жини келип, тилмечке кыйкырды: “бул дөөпөрөскө айткын, эгер алдаган болсо ушул жерде аттырып салам, эсине келсин”,- деди. Ал болсо коркконунан титирек басып элеңдеп эки жагын карайт. Акыры тобокелге салдыбы, жогору карай кеткен багытты көрсөттү. Алдыбыздагы тоонун ортосундагы сайдан өткөндөн кийин түздүккө туш келгенде ондон ашык үйү бар дарагы жок айылга туш келдик. Айдоочунун бетине кан жүгүрүп:“мына таптым, ушул айылдын жанынан өткөнбүз”,- деп кубанган сөздөрүн тилмеч которуп берди. Малчылардын айылы экен, айланасында короо-короо кой эчкилер ар кайсы жерлерде жайылып жүрөт.Эркектери мал кайтарып кетишкенби, негизинен аялдар менен бала-бакыралар, кемпир чалдары бар экен. Бизден үркүшүп бардыгы үйлөрүнө качып кириշти. Ушунчалык жакыр жашагандарын көрүп бир четинен бооруң ооруп кетет. Ал жерде токтоп, булактан суу ичкенибиз болбосо, жолубузду кайрадан уланттык. Алдыбыздагы бийик тоону айланып өткөндө эле кампага туш келдик. Биздеги колхоз, совхоздор силоско яма казгандай жер төлөө казылып, кампа кылып алышыптыр. Эшигин бузуп ичине кирдик, негизинен чарбачылык буюмдар менен идиш-аяктар ящиктерге тизилген, самындын түрлөрү. Ондон ашык 200 литрлик бочкаларда өсүмдүк майыбы же башка майбы, айтор коюу сары майлар. Идиш-

аяктар аллюминден, сары жезден жасалыптыр. "Зил 131 "автоунаага бардыгынан керегини жүктөдүк, калганын душмандар пайдаланбасын деп гранаталарды ыргытып күйгүзүп, кампаны көмүп таштадык. Түш оогондон кийин артыбызга кайттык . Оогандыктарды кечинде дагы мейман кылдык, алардан шектүү эч нерсе байкабагандыктан, чочубай дагы калган элек.

* * *

Эртеси жүктөрүн жүктөйүн деселер жарымын точкадагы жоокерлер бир рулондон катып алышыптыр. Капитан Григоренко талоончулукту уккандан кийин күзөттөн башка бардыгын катарга тизип, "15 мүнөт убакыт беремин, алганыңардын бардыгын каткан жериңерден алып келип жайына койгула!",- деп буйругун берди. "Мырза сержант Базарбаев, бул сиздин жоокерлериңиз дагы тиешелүү" деди. Биз башка бөлүктүн жоокерлери болгондуктан



Оң жактан биринчи Базарбаев Гыламидин Кызыл-Кыя ш.

сыйлаганыбы же өзүнүн сүйлөө этикасыбы, эмнегедир дайыма Базарбаевге мырза сержант деп кайрылчу. Кездемелери замат жыйналгандан кийин оогандыктардын соодагери эки рулонду Базарбаевдин алдына коюп, бахшиш деп ишарат кылып калды. "Силерди жакшы мейман кылган окшойсуңар,өздөрүнүн макулдугу менен берип ала бергиле",- деп койду капитан Григоренко. Артилеристтер бөлүп алган рулондорун палаткаларына бекитишпей, көздөн далдо таштардын кычыгына бекитишкен экен. Тапкан жайыңарды карап деп тамашалашып күлүп жүрдүк. Оогандыктарды узаткандан кийин түштүк тараптагы 20 км. алыстыктагы Фарах дарыясынын боюнда

базарга кампадан алган олжобузду арзан нарк менен соодагерлерге өткөрүп келдик. Комбат акчадан биздин үлүшүбүздү бөлүп берди эле, күрүч, жашылча- жемиш сатып алып, толгон-токой базарлык кылып кайттык. Калган акчаларды бөлүп алып карта менен "господин кумарын"ойноп, эрмек кылып жүрдүк.Андан кийин биздин отделениени взводдук лейтенант Ланшаков 2-точкага чакыртып, андагы жоокерлер менен ордубузду алмаштырып койду. 2-точкадагы жашоо такыр башкача экен. 3-точкага чейин аралык тегиз талаа менен кеткендиктен, колонналарга кол салуу коркунучтуу, же такыр жок десем дагы болот. Бирок өткөн жүк ташыган автоуналарды тоноп турушат экен. Алар мүмкүн өздөрүнчө уюшулган каракчыларбы, аны эч ким билбейт. Бизден мурдагы турган нөөмөттөгүлөр чет элдик 40 тоннадан ашык жүк көтөргөн автоунааны жолдон чыгарып, айдап жөнөтүшкөнүн алыстан байкап калышыптыр. Артынан кууп барышса, таштап өздөрүнүн техникалары менен качып кетишиптир. Артындагы контейнердин пломбаларын бузуп эшиктерин ачууга үлгүрүшкөн экен. Точкага айдап келишсе толтура Франциянын элчилигине тийиштүү виски, арак, шампан, вино спирт ичимдиктери. Бир жума чардашыптыр, контейнердин эшигин ачып таштапшып. Керектен чыккан аскер техникаларын ташыган трейллерлер колоннасы дагы 2-точкага токтошот экен. Бир жумадан кийин Франциянын элчилигинен келип абдан чоң ыраазычылыктарын билдирип контейнерлерин жаап алып кетишиптир. Жок дегенде баш оорууга таштапшкан жок деп жер муштап кала беришиптир. Шилекей агызган мындай окуялар уламыш болуп айтылып кала берет эмеспи. Биз барганда эки күндөн кийин артиллериялык батарея да орун алмашты. Алар келгенден кийин аймакты чалгындоого чыктык. Көргөн көзүбүзгө ишенбедик, контейнер тарткан автоунааны жолдон чыгарып айдатып баратыптыр. Кудай өзү жеткирген окшойт депБМП менен кууп жөнөдүк, бул аскер машинеси түз болсо саатына 60-70 км. ылдамдыкта жолсуз дагы кете берүүчү. Улам жакындаган сайын качып кетүүгө көздөрү жетпегенден кийин олжолорун таштап качышты.

* * *

Автоунаанын ачкычын таштабаптыр, айдап кетебиз деп канчалык аракет кылсак дагы жүргүзө албадык. Убакыт өтүп жатты, артка кайтуу керек. Жок дегенде контейнерди ачып көрөлү, ичинде эмне бар экен деп чечтик. Себеби мурдагы окуяларды уккан биз үчүн абдан кызыктуу эле.

Контейнер ачылгандан кийин карасак, бардыгы галантерия товарлары болуп чыкты. Аялдардын чачка такчу невивидимкалары түру менен, кийимге кадалчу төөнөгүчтөр, биз үчүн эч нерсеге арзыбаган буюмдар.Бир гана Польшанын өндүрүшүнөн чыгарылган лезвиялардан бир блоктон алдык башка эч нерсеге тийбей кайта бердик.2-точкада колго тийген олжобуз оогандыктардын өзүнө тиешелүү автоунаага жүктөлгөн апельсин болгон. Аны жолдон чыгарып айдап жөнөшкөндө бузулуп калганбы же майы түгөнгөнбү жолдон алыс жерде турганын көргөнбүз. Кайрылып барсак ээси да жок тоногон адамдардын качканын көрбөдүк, толтура ящиктерге салынган апельсин жүктөлгөн машина экен. Жаңылбасам ЗИЛ-131 кузову менен тизип он рейс ташыдык окшойт. Бир ящигинде 5-6 кг. апельсин тизилген, түнкү күзөткө чыкканда бир ящиктен ала чыгып кезек бүткөнчө эрмек кылып жүрдүк.

* * *

Ал жерде дагы Аккөчүк деген талаа кийиги 100-200 дөн болуп үйүрү менен жүрүшөт экен. Чалгындоонун шылтоосу менен күн алыс ууга чыгабыз. Жолугуп эле калса БМП пулемёту менен 2-3 тү атып алабыз. Аларды кууп жүрүп аткылаганда канчалык кумардан чыгасың. Өткөн колонна токтогондо Кыргызстандык жоокер менен таанышып калдым аты-жөнү эсимде калбаптыр, бирок Баткенден Айдаров Сайдулла менен бирге кызмат кылам дегенинен таанышканым эсте калыптыр. Сайдулланы бала кезинен жакшы таануучумун. Бир тууган агасы дагы мектепти мени менен бирге бүткөн. Менден салам айта баргын Баткендиктердин популярдуу сөзү бар, аяш аваңдан десең дароо түшүнөт деп тамашалап койдум. Дилармга чейин барып келдик дарыянын боюна жайгашкан өтө чоң айыл экен. Диларамга чейин жол ылдыйлап барса дарыядан өткөндөн кийин Кандагарга карай өрдөп кетет экен. Ал жердеги 3-точкада куралдаш досторум Ташполотов Каныбек менен Чон-Алайлык Турдубаев Топчубайды жолуктуруп артка кайткыча алар менен бирге болдум. Үйгө кайта турган үй жакындап калганына кыялданып көпкө сүйлөшүп отурдук. Артиллерия болсо дагы тягачтары менен чалгындоого чыгышып, душмандар менен салгылашкан окуяларын айтышып, куралдаштарынан айрылганда ичтеринен кан өткөнүн баяндап беришти. Бизге кайтабыз деп команда берилгенде досторум менен коштошуп жолго чыктык. Кандагарда болсо мени менен аскерге бирге чакырылган жердешерим - Самаркандек

айылыдан Марипов Дербишкан менен Тагаев Саттар бригадада кызмат өтөп жүрүшкөн. Алар менен Ооганстанда жолугууга мүмүкүнчүлүк болбоду. Аман-эсен жүрсөлөр болду деген тилек кылгандан башка арга жок эле. Эки жума тургандан кийин бизди кайра 1-точкага которушту. Жер төлөөдөгү турмушубуз кайра башталды, эки-үч күндө колонна өтүп турат. Бир өткөндө 300 гө жакын "Камаздар" өтүп турган. Бардыгы күйүүчү май же ок дары, тамак-ашты өз-өзүнчө колонналарга ташып турган. Алар өткөн кезде бардыгыбыз аскердик даярдыкта турчубуз. Кокустан колоннага кол салынса, команда берилиши менен жетип барчубуз. Ар бир точкадагы байланышчылар саат сайын рация менен байланышка чыгып, абалыбыз тууралуу маалымат берип турушкан. Колоннага кол салуу тууралуу чалгындоонун так маалыматы болсо үстүнөн вертолёттор коштоп учуп, трассадагы жагдайды көзөмөлдөп турушкан. Канчалык кубаттуу аскер техникалары, учактары абалды көзөмөлдөп турушса дагы душмандар майда топко бөлүнүшүп, өздөрүнө ыңгайлуу жайды тандашып, кол салууну уланта беришкен. Биз турган точканы 1-майда, Жеңиш майрамы 9 майда дүрбөлөңгө салып аткылашты. Катуу жарадар болбосо дагы кулак астынан өткөн октун ышкырыгы өмүрүң кылдын учунда экендигин эскертип турар эле. Мындай дүрбөлөңдөрдү көп баштан кечиргендиктен көнүпдагы калганбыз.

* * *

Противотанковый дивизиондун штабы 3-точкада тургандыктан, ал жактан лагерге өткөн колоннанын катарына кошулуп офицерлер жетектеген топ кетти. Бизди алмаштырууга жаңыдан толуктоо келет деген кабарды угуп сүйүнүчүбүздөн ура-ура-аа! деп кыйкырып алдык.



Ошондон кийин дегдөө башталып, үйгө кетебиз деген таттуу кыялдар менен өзүбүздү жеңил сезип жашап калдык. Техникалардын добушун

алыстан угуп калсак, кулак түрүп чыдамсыздык менен күтүп жүрдүк. Биз күткөн колонна 14-май күнү келди. Бизге бир гана жаш жоокер айдоочу-механик келиптир. Баарыдан кубанганым- досум Ташполотов Каныбек мага жоокердик парадга көкүрөккө тагынчу значоктордун комплектисин алып келиптир. Ошол кездеги биздин шартыбызда ал мага белек кылган нерселерди табуу ар кимдин эле колунан келе берчү эмес. Мен досума кандай ыраазылык билдирүүнүн айласын таппай калдым. Каныбек болсо "сен көп эле кыжаалат боло бербе, сен үчүн асмандагы жылдызды дагы үзүп берем",- деп тамашалап өзү дагы каткырып күлүп койду. Лагердеги аскер бөлүктөрүнөн биздин призывдерди үйгө жөнөтүү башталыптыр. Азырынча акча топтогондор штабда кызмат өтөгөн жоокерлерди ортомчу кылып жолун тапкандар, анан жарадар болгондор үй жагынан телеграмма келгендерди жөнөтүп жатыптыр. Буйурса, бирге кетебиз деп оштуктар Каныбек, Гылам, Топчубай, Абдилаким, Нематжан болуп таап келген базарлыктарынан стакан кагыштырдык. Колонна бир саатча токтогондон кийин сапарын улантты. Көңүлдүү коштошкондон кийин дөңсөөнүн башында алар кеткен тарапты карап отурганбыз. Эң артында бара жаткан техника да дөңсөөлөрдөн көрүнбөй калган эле. Бир кезде атышуу башталып калды да барган сайын тарса-турс эткен дүңгүрөгөн добуштар күчөй берди. Базарбаевге "эмне кылабыз командир, ал жерде биздин досторубуз бар эмеспи?",- деп жүрөгүм бир жамандыкты сезгендей, чыдамсыздана айтып калдым. -Чурка,-деди,- офицерлерге кабар бер. Токтоосуз чуркап ылдыйдагы офицерлердин палаткасына бардым. Эки офицер, бир прапорщик эки бөтөлкө аракты бошотушуп кызуу отурушуптур. Жолдош капитан, ал жакта биздикилерди атып жатышат дедим энтигип. Ат беришсин деп колун шилтеп койду, чыдабай кайра дөңсөөгө чуркап келдим Гыламга: "алардын чатагы да жок, бардыгы мас болуп калыптыр, болбосо өзүң команда бер, кантип карап турабыз, алардын арасында досторубуз бар эмеспи, бир чечимге кел тезирээк, убакытты уттурабыз",- дедим каңырыгым түтөп. Базарбаев өзү чуркап кетти, анын менен офицерлер кошо кетишти. Ал жактан капкара түтүн асманга көтөрүлө баштаган эле. Капитан Григоренко өзү көргөндөн кийин "пехота, тревога!" деп чакырды. Ошону эле күтүп турганбыз, БМП га секирип чыгып дөңсөөдөн ылдый кое бердик. Ылдыйга түшкөндө скоростко салды эле мотору от алып жүрүп кетти. Айдоочу-механик

трассага чыккандан кийин газды болушунча басты.Тез эле жетип бардык. "ГАЗ-66" маркасындагы автоунаага кузовун толтуруп ун жүктөшкөн экен, ошол күйүп жатыптыр. Кара түтүн дагы ошондон чыккан түтүн экен. Колонна болсо андан ары жылып кетиптир. БМП дан секирип түшүп эки тараптагы кооптуу жерлерди аткылай баштадык. Бир кезде алды жагыбыздан оогандык "Икарус"автоунаасы келе жатты. Базарбаев жол ортосуна туруп токто деген ишаарат менен колун жаңсады эле, автобус токтобой келе берди. Алды жагына автоматтан ок чыгаргандан кийин токтоп калды. Алдыңкы айнегиден аскердик форма кийген муш көтөрүлдү, андан кийин панама кийген башы көрүнүп бизге карап бирдеме дегендей болду.

* * *

Мен чуркап барып автобустун эшигин ачтым, противотанковый дивизондук "особисти" экен. "Эмне атасыңар, мында биздин жоокерлер бар!",- деп кыйкырды. Карасак автобустун эки капталына ундарды мүшөгү менен тизишип, жыйырма чакты жоокер ортосуна жатып алышыптыр. Союздан жаңы толуктоого келген жоокерлер экендиги билинип турду. Автобустан түшкүлө дегенде катар тизилип түшүшүп. жолдун жээгине катары менен жата калышты. Андан тышкары он чакты оогандыктар дагы бар экен. Аларды "ГАЗ-66" дагы күйгөн ундарды ажыратып тазалап, түшүрүүгө буюрушту. Аңгыча алды жагыбыздан дагы бир тягач келди. Карасам Чон-Алайлык Топчубай айдаган тягачтын номери жазылып турат. Каныбектерди сурайын деп люкту каккыласам ачпайт, колума муштай таш алып ургулагандан кийин көзү көрүнө турган тешигин араң ачты. Каныбектер кайда, эмне болду деп сурасам,"жакшы эле досум, кийин сүйлөшөлү",- деп кайрадан стопурун жаап алды. Оогандыктар ундун таза каптарын бөлүштүрүп автобуска жүктөгөндөн кийин колоннанын артынан биз дагы жөнөдүк. Жетип барганда эч нерсеге карабай Каныбекти издеп жөнөдүм. Нематжан экөө бензовозго отурушканын көргөн элем. Кабиналуу дөңгөлөктүү техникалардын соосу калбаптыр. Досторум минген айнектери сынган, кабиналары илме тешик, кээ бири резинасы жок жылаңач дискалары калган бензовозду таптым, карасам, Нематжан рулда, Каныбек жанында отурат. Алдыңкы айнектери сынган, кабиналарынын эшиктерине чейин ок илме тешик кылып таштаптыр. Эшикти ачып "Каныбек!",- десем унчукпайт, колунан тартсам жерге түштү.

Кучактап "кандайсың досум, тирүүсүңбү?",- деп сурагандан кийин менден "эмне кылып жүрөсүң?",-деп сурайт. Силер эмне комадасыңарбы, ушул алааматтан тирүү калыпсыңар эми жин дагы урбайт деп сүйүнгөнүмдөн алар менен тамашалашып жаттым. "ГАЗ-66"дын айдоочусу бир жарым жыл кызмат кылган тажик улутундагы жоокер экен. Машинасы күйүп жөнөгөндө токтото коюп өзү качып жөнөптүр, жанында отурган жоокер да бар экен, ал окко учуптур. Артында келе жаткан БРДМ айдоочуну салып алууга токтойт. Үстүнө чыгып, люктан түшүп, машинасынын астына отурганда БРДМ ди гранатамед менен атышат. Ок башнянын үстүнө бекитилген запастык дөңгөлөккө тийип жарылбай калат.Анын астына отуруп жаткан айдоочунун башына тийген октун эпкини урулуп, брондолгон машинанын ичинде эле оо дүйнөгө кете бериптир. Дөңгөлөктүү техниканын санынын өзү эле 28 болсо дээрлик бардыгы аткылоонун залакасын тарткан.Артиллеристтердин жоготуулары да, оор жарадарлары да көп болуптур. Андай учурда ким эмне болгонун сураганга жүрөгүң даабай калат. Өзүңө жакын адамдар болсо тынчсызданып туралбай каласың.


Гашполотов Каныбек (оңдо)

* * *

Колонна жүрүшкө даяр болгуча коопсуздугун сактап, узаткандан кийин артыбызга кайттык. Чалгындоого чыккан мезгилде лейтенант Ламыш дайым биз менен бирге чыгып жүрдү. Жол менен баратканда бир кезде жолдон алысыраак жерде эчкемер (кескелдирик) карап турганын лейтенант Ламыш байкап калыптыр. БМП менен таягычты ошол жакка бургула деп буйругун берди. Бара жатканыбызды сезип эчкемер ары карай качып калды. Тегиздик болгондуктан дароо эле кууп жеттик. Адамдын боюндай чайлап өскөн өсүмдүктүн астына кире качты. Денесинин жарымы чыгып турат Ламыш чоң мүшөктү та...

келип,артына тарткыла мен башына кийгизем деди. Баардыгыбыз 8 жоокер болчубуз, куйругунан кармап тарта баштадык. Терисин кармаганда денеңди дүркүрөткөн муздактык бар эле, бирок сыр бербей тарта бердик. Сегиз адамдын күчү жетпейт, чыдамы кеткен лейтенант тапанчасын алып алды жагына аткылап жиберди. Чочудубу өзүн бир аз кое берди, кыйкырык сүрөөн менен тарта баштадык. Баш жагы көрүнө баштаганда Ламыш кабын даярдап турду. Акыры башы дагы чыгып, оозун чоң ачып бурула баштаганда даярдап турган мүшөктү кийгизе салды. Көкүрөгүнө араң жетти, денесинин өзү эле адамдын боюндай бар эле.Тягачка жүктөп точкага алып келдик. Кайышты мойнуна байлап, палаткасынын алдына зым тартып, ошого байлап койду элек, ары-бери чуркап бир суткача турду. Андан кийин зымын кесип качып кетиптир.

* * *

БМП нын оператор наводчиги молдован жигити Танофрей точкага барганда өзүбүзгө казан асып, мен палоо жасап бергенде мурда жеп көргөн эмеспи, аябай өзү бышырганга кызыгып калган. 3-4 жолу бышырганда көрсөтүп бердим, кийин меникинен дагы даамдуу бышырганды үйрөнүп алды. Мен ага бизде тойлордо 50 кг. күрүчтү бир эле казанга салып бышырат, чоң тойлордо 150 кг. палоо демдешип, элдин дастарконуна тартылат деп салтыбызды айтып берчүмүн. Молдовияга барганда мен дагы башкаларга үйрөтөм, үйлөнүү тоюмда палоо демдетем деп кыялданчу. Бизде күрүчтү өзүбүз өстүрөбүз, магазинде сатылган күрүчтөр биздикиндей палоо болбойт деп түшүндүрүп берет элем. Анда кат жазышып турабыз, тоюма күрүчтү сен жөнөтөсүң, мен Молдовия винолорудан жөнөтөм деп келечекке келишим түзүп, убадалашып жүрчүбүз. Ойлогон ойду кыстаган турмуш жоңет дегендей, берген убадаларыбыз турмушка ашкан эмес. Жазып алган даректеримди чөнтөк дептерим менен кошо жоготуп алгандан кийин куралдаштарым менен байланыша алган эмесмин. Айрыкча Аминулин, Тахир деген башкыр жигиттери менен Ооганстанга киргенден үйгө кайтканга чейин бир отделениеде кызмат кылдык. Ал гранатамётчик кызматын аткарчу, анын куралы колдонулбагандыктан прицелине дүрбү орнотулган беш атар куралга алмаштырышкан. Салмагы да мен көтөргөн кол пулемёттон оор болчу. Башкырстандын Стерлитамак шаарынан кат келип турган, өзү да шаардыкмын деп айткандары эсимде калыптыр. Май айынын 25-числосунда 2-точкага

чейин барып келебиз деп чалгындоого чыктык. Базарбаев кандайдыр себептер менен точкада калып, командирдин ордуна Ламыш отурду. Мен жанына бушлаттарды салып отурдум. Экөөбүз жеткиче жолдон учкан куштарды аткылап эрмектеп бардык. Мончо жагышкан экен, мончого парланып жеңилдеп кайттык. Кайра кайтканда дагы лейтенант Ламыш жаныма отур зерикпей кетебиз деп сунуш кылды. Мага бул жер дагы ыңгайлуу экен деп оператор наводчик Тимофейдин жанына отурдум.Экөөбүз тең люкта бутубузду ылдый түшүрүп алдык. Жакында эле "ГАЗ-66" автоунаасын күйгүзүп, кол салган буктурмага жакындадык. Айлана-чөйөгө дыкаттык менен саресеп салып келе жаттык. Жолдун жанынан өткөн чоң сайдын аркы жээгиндеги дөңсөөлөрдөн шектүү бойницаларды байкап калдым. БМП нын кыймылдаткычынан чыккан добуш катуу болгондуктан Тимофейдин кулагына кыйкырып, сөөмөйүм менен көрсөтө баштаганмын. Бир кезде бизге карай жамгырдай ок жаадыра башташты. Көзүмдү жумуп кайра ачканымды бир билем, лейтенант Ламыштын бет-жаактары канга боелуптур. Бир адам араң батчу люктан Тимофей экөөбүз тең бир мезгилде кирип кеттик. Эки жолу гранатаметтун снаряды менен бизге карай ок чыгарышты. Зуулдаган коркунучтуу добуш өтүп кеткенин БМП нын ичинде отуруп даана байкадык. Жаңыдан келген айдоочу-механик паходныйда айдап келаткан, ошол бойдон отургучун ылдый түшүрбөстөн газды басып айдап жөнөдү. Артыбыздагы тягачка дагы аткылаган снаряддар тийбептир. Лейтенант Ламыш командирскийде мени жедилер деп кыйкырып, сөгүнүп келе жатат. Точкадагылар дүңгүрөгөн атышууну угуп дөңсөөлөргө чыгып, бизди күтүп турушуптур. Алла Таала оңу сактады бизди, болбосо даяр бута болуп бермекбиз бөрүлөр тийгени койлорго окшоп. Болгону ондон ашык жоокер элек, офицерди кошо эсептегенде. Алардын саны элүүдөн ашык болчу. БМП тягачты жарым таштай турган оор куралдары бар экен. Жеткенде карасак, мен отурган башнянын төрт эли астына октордун тийген жерлери агарып, жалтырап кетиптир. Ошол октордун чачырандысы Ламыштын жаактарын кулактарын тилип жиберген экен. Бактысына оор жараат албаптыр. Санинструктор жаактарынээгинен бери кошуп таңып берди. Замбиректи ошол жакка буруп осколочный снаряддар менен бир сааттай аткыладык. Точкада күзөтчүлөр гана калып, калганыбыз топ топко бөлүнүп, капитан Григоренконун командасы менен кол салган

жерге жөө бардык. Бардыгыбызга позицияны кандайча ээлөө, кантип чабуулга өтүү тактикаларына көрсөтмө берилип, команда менен алга жыла бердик. Каршылык көрсөтүлгөн жок, эчак бардыгы качып кетишкен окшойт. Дөңсөөлөрдүн боорлорун кыдырата эки адам баткыдай үңкүр казылып, оозуна тикендерди тамыры менен отургузуп жасалган бойницалардын эсеби жок. Ар биринин ичинде бир чакадан гилзалар жатат. Алыстан эмес алдына барсаң араң байкайсың бойница бар экенин. Ар бирине гранатаны ичине ыргытып жардырып, жарымынан көбүнө граната дагы жетпей калды. Күн кечтеп калгандыктан артка кайтабыз деп команда берилди.

* * *

Ошондон кийин июнь айынын баш чендеринде лагерге кайтып келдик. Ооганстанга кирген мезгилде бардык аскер бөлүктөрүнүн жоокелеринин 70 пайызы дээрлик биз менен бир мөөнөткө чакырылгандар болгон. Көпчүлүгү дембель болушуп үйлөрүнө кетишиптир, офицерлер дагы алмашыптыр. Биз тааныгандар аз эле калыптыр. Батальондун командиринин писары Астапковичтин операциядагы салгылашууларга катышканын көргөн эмеспиз. Бирок эки кызмандыгы үчүн медалдарын тагынып нулевой отправкада 1-апрелде үйүнө кеткен деп айтышты. Аны укканда колуңдан эч нерсе келбесе дагы акыйкаттык жоктугуна ызаланып сөгүнгөн куралдаштарымдын нараазылыгын көп уктум. Биз менен болсо эч кимдин иши жок, эбин тапкандар акча же арак берип үйгө кетүүнүн аракетинде. Толуктоо келгендиктен жаткан палаткаларыбыз дагы жаңы жоокерлерге толуптур. Биз каерде бош кровать болсо же паркка барып БМП да түнөп жүрдүк. Июндун орто ченинде дембилдер үйгө кетишет, жыйылсын деген кабар таркады. Жакшы кабар сүйүнчүсү менен тез таркайт эмеспи. Эч ким калбай бардыгы жыйылды. Аскер билеттерин жыйып алгандан кийин катарга тизип: "эртең Герат шаарына акыркы операцияга барасыңар, өзүңөр билесиңер, толуктоого келген жоокерлер али чыныгы согушту көрө элек. Аларга топтогон тажрыйбаңар менен дем болуп бергиле. Бул операция эң акыркысы болот, кайтышыңар менен бир жуманын ичинде кетесиңер деген буйрук бар.Тапшырган аскер билеттериңер боюнча тизмеңер катталат. Бүгүн сухой паёк, ок дарыңарды алып даярдангыла. Эгерде кимде-ким жашынып калып барбай калса, уставдын негизинде дагы алты ай кармоого мыйзам жол

берет, бул буйрук!",- деп катуу эскертилди. Операцияга катышуудан башка арга жок эле. Ошентип даярдык көрүлгөндөн кийин эртелеп Герат шаарына жөнөп кеттик. Шаарга жакын жеткенден кийин бир күн катуу даярдык көрүлдү. Канчалык аскердик Устав, мыйзам эскертилбесин, дембилдердин үчтөн бири операцияга катышкан жок. Даярдык көрүлгөндүн эртеси шаарга туташ жайгашкан чоң кыштакты аралап жөнөдүк. Көчөлөрү өтө тар, бир танк араң баткан көчөнүн эки тарабына ылайдан сокмо кылып өтө бийик дубалдар урулуптур. БМП нын башнясына чыксаң боюң дубалга араң жетет. Өзүнчө эле дубалдары бийик урулган түрмөкананы элестетет. Кыштакты аралап бара жаткан колонна токтоп калды. Алдыда бара жаткан танк минага жарылып, гусеницасы үзүлүп кетиптир деп айтышты. Биздин БМП үстүнө балакана салынган дарбазанын тушуна токтоду. Күн аябай ысык болгондуктан бардыгыбыз жерге түшүп, дубалдардын астында саялап турганбыз. Тынчтык өкүм сүрүп турган бир кезде дарбазанын үстүндөгү терезеден автомат көрүнүп бизге карай ок жаадырып жиберди. Өтө жакындан атылган октор бутубуздун астына тийип жерди чаңытып жиберди. Жаш жоокерлер эмес, канчалаган операцияны башыбыздан өткөргөн биздин да үрөйүбүздү учуруп таштады. Жапырт терезеге карап ок чыгардык, граната ыргытканга да үлгүргөндөр болду. БМП башнясын буруп снаряд менен аткылады эле, жыгачтан болгон дарбаза чачылып кетти. Аллыбыздан дагы, артыбыздан дагы куралдардын үндөрү жаңырып, атышуу башталып кетти. Бийик дубалдардан коргондорго граната ыргытышып, жарылуулар дүңгүрөп, алаамат согуш башталып кеткендей душмандар барбы, жокпу, өзүңдүн айлананьдан башка эч нерсени көрбөйсүң



Алдынкы катарда ортодо Юсупов Жамалидин Баткен р-ш

Дарбаза ачылгандан кийин автоматтардан аткылап коргонго чуркап кирдик. Үйдүн эшик терезелерин аткылап, үйдүн ичине гранаталарды ыргытып, чаң түтүндөн эч нерсе көрүнбөй калды. Кыштактын эли мурда эле чыгып кетишкен экен. Айланабыздагы үч-төрт үйдүн чаңын асманга чыгарсак дагы мен болгону үч оогандыктын өлгөн денесин көрдүм. Башка тирүү жан жок. Биздин айланабыздагы атышуу жакын бир саатка созулуп токтоду. Менин жанымдагылардан үч-төрт адам жарадар болуптур. Бизден башка тарапта атышуу көпкө созулду. БМПдан алыс кетпегиле дегендиктен, команда күтүп жанында турдук. Эки саат ашыкча тургандан кийин "по машинам!" деген команда болуп, колонна жылып жөнөдү. Күндүн ысыгына карабай люктарды жаап, бойницалардан автоматтардын стволун чыгарып, тремпиликстен карап бара жаттык. Ачыгын айтканда, бир жагы жаш жоокерлер болсо, экинчи жагы эртең үйүнө кетчү жоокерлер үйүн ойлошуп жүрөксүнүп калган элек. Адамдын жаны өзүнө абдан ширин экенин эч ким тана албаса керек деп ойлоймун. Мындай кырдаалды канча жолу башыбыздан өткөрдүк. Оогандыктардын согуш ыкмасы дайыма буктурмадан кол салышып, ароо чегинип кетишет, өздөрүнө дайыма ыңгайлуу жерди тандашат. Шаарларда болсо жан кечтилер гана башын өлүмгө байлап, ачык каршылык көрсөтпөсө, калган учурда миңдеген согушкерлер катышкан салгылашууларга туш болбодук.Чынында Чолпонбайдай көкүрөгүн дотко тосом деген куралдаштарымды көргөн жокмун. Биз кызмат кылган мезгилде курман болгон, жарадар болгондорго гана мамлекеттин сыйлыгы, орден, медалдар ыйгарылчу. Мени менен кызмат кылган ротада жүздөн ашык жоокерлер болсо дагы бирине да мамлекеттик сыйлык ыйгарылган жок. Эң жогорку сыйлык үйүнө отпуска берилчү же болбосо полк командиринин алкыш баракчасы, комбат, ротныйлар үйлөрүнө мактоо баракчаларын жөнөтүп турушкан.

* * *

Советтер Союзунда кайра куруу башталгандан кийин Ооганстанда кызмат кылган жоокерлердин ар бир үчүнчүсүнө мамлекеттик сыйлык ыйгарылыптыр. Акыркы операцияда биздин полкубуз да өтө көп жоготууга учураган. 1- ротада кызмат кылган эки жоокер Өзбекстандын бир айылынан барышыптыр. Экөө тең бир класста окуп, кошуна турушкан экен. Аскерге да бирге чакырылып, бир ротада кызмат кылышыптыр. Бирок май айында үйүнө кетүүгө буйрук чыгып,

экинчисине чыкпай калыптыр. Ушунча бирге жүрдүк, үйгө дагы бирге кетебиз, беш он күн чыдасак деп макулдашыптырлар. Акыркы операцияда буйрук чыккан жоокер курман болуп, экинчиси анын табытын көтөрүп кетти. Ал шордуууга бардыгыбыздын жүрөгүбүз ооруду, абдан жаман болдук. Досунун өтүнүчүн кыялбаган кеңүлчөктүгү өзүнүн өмүрүн кыйды. Кыйышпас досу мен үчүн өмүрүн кыйды деп үйүнө айтып баралабы, албетте айталбаса керек. Он жылга созулган Ооганстан согушунда канчалаган жоокер курман болсо, канчасы майып болуп кайтышты. Дайынсыз жоголгондор канча, кээ бири амалсыз тагдырга туш болсо, айрымдары адилеттик жоктугунан жадап качса керек. Биздин полктон лагердин өзүнөн еврей улутундагы жоокер дайынсыз жоголду. Душмандарын уурдап кетүүсүү мүмкүн эмес болчу. Себеби, коргонуу тилкесиден сырткары паролду билбесең түн ичинде лагердин ичинде ээн эркин жүрө алмак эмессин. Айлана- чөйрөдөгү адырларды үч күн издетти. Бирок дайыны чыккан жок. Кийинчерээк бир айдан кийин үйүнөн табылыптыр деген кабарды уктук. Жашаган үйү болсо Украинада экен. Уккан кулагың ишенбейт Союздун мезгилинде чек арадан чымчык дагы эсеби менен учуп өтүп турганын кулагыбыз чалган. Еврей калкы дүйнөдөгү эң акылдуу, келечекти көрө билген, өзүнүн динин өтө каттуу сактаган улут катары белгилүү экенин бүгүн дагы айтып жүрүшөт.

* * *

Акыркы операцияда биринчи күнү катуу жоготууга учурагандан кийин кыштактарга аскердик техникалар киргизилбей калды. Биздин жоокерлер курчоого алышып, Ооганстандын өзүнүн аскер бөлүктөрү кыштактарды тинтүүгө алышып, тазалоо иштерин жүргүзүп турушту. Лагерге 20–июнда кайтып келдик, так эсте калганы ошол күнү менин туулган күнүм болуп, 21 жашка толгон элем. Келгенден кийин баягы эле көрүнүш -штабдагы офицерлер жолуксан кезек-кезеги менен кетесиңер деп коюшат. Айтылган убада эч кимдин эсинде жоктой.

* * *

Ал кезде Кырыгызстандын түштүгү бир гана Ош облусунун аймагына баш ийип турган. Оштон толуктоого 400 жоокер келиптир. Баткенден балдар барбы деп аябай издедим, бирок бирөөсүн дагы жолуктурган жокмун. Хайдаркен поселогунан болобуз дегендер болду. Дембилди күтө берип акыры арга кеткенде, эстеликке ал кетемби деп колумда тагынып жүргөн Швейцариянын Омах

фирмасынын саатын бир бөтөлкө аракка алмаштырууга мажбур болдум. Аны койнума катып алып батальондун штаб башчысына алып барып берип, июнь айынын жыйырма бешинчи числосундагы жөнөтүлө турган тизмеге жазылдым. Полктун штабына барсам,"бирдекең барбы, аскер билетиңе сержант чинин жазып, мөөр басып беребиз",- дешти. Эмне кылам чиниңди, үйгө эсен-соо кайтсам болду дедим. Өзүбүзгө бир ишенип, бир ишенбей, чындап эле үйгө кетип жатабызбы деген толкундануу жан-танибизди толук бийлеп алгандыктан, башка эч нерсе кызыктырбайт эле.

* * *

Аэропортко 25-июнь күнү түштөн кийин келсек самолет жок, бизден эки күн мурда чыккандар дагы эле күтүп жатышыптыр. Ал жерден экөөбүз аскерге бирге кеткен Баткендин Кызыл-Жол айылынан Акматов Насир досумду жолуктуруп калдым. Бирге кетет экенбиз деп кубанычыбызда чек жок эле. Эртеси кийимдерибизди трусага чейин чечиндирип дизинфекция кылды, өзүбүздү дагы атайын даярдалган ысык сууга жуундурушту. Анча-мынча көзүң илине кетпесе, дээрлик уктабай эки күн аэропортто жаттык. Июндун 27- числосунда ичинде толтура трубаларды жүктөп Ил-76 оор жүк ташуучу самолет учуп барды. "Алысыраак тургула, жүгүн түшүрүп алсын",- десе да көнбөй эле самолетту айланчыктайбыз. Кечке жакын тизилгиле деген команда берилди. Дан чачса жүгүргөн тооктордой чуркап барып самолеттун алдына барып тизилип калдык. Жаңылбасам төрт жүздөй жоокер бир гана самолетко баттык. Астына будурлуу темир жаткырылыптыр, жанындагы айнектери өтө бийик экен. Бирибиздин желкебизге бирибиз чыксак айнегине араң жетебиз. Кабагын салган бир адам көрбөйсүң, баардыгынын жүзүндө шаттык, жылмаюу. Биринин көкүрөгүнө бири ургулап, ызы-чуудан кулак тунат. Бир кезде самолеттун кыймылдаткычтары жүргүзүлүп, күүлөнгөндөн кийин асманга көтөрүлө баштады. "Ооганстанды желкемдин чуңкуру көрсүн!" деп кыйкырган үндөр самолетту тербетип жаткандай таасир берет. Кыргызстандан 12 кыргыз жоокери бир жерге жайландык. Самолет асманга көтөрүлүп алгандан кийин ызы - чуу азайды. Баардыгы үйдөгүлөр кантип тосуп алат экен дегендей кыялданууга өтүштү. Чын эле азаптуу күндөр арттa калдыбы, тагдырдын тамашасынан кутулдукпу! Күлсө дагы, ыйласа дагы чыгууга даяр

турган көздөгү жаштар кылгырып баратты. Кезек менен айнекке асылабыз астыбыздан үйүбүз көрүнчүдөй. Өтө бийик учкандыктан тоо үстүндөбү, чөлдүн үстүндөбү, учуп бара жатканыбызды жакшы ажырата алган жокмун. Ташкентке караңгы түшкөндө аскердик аэропортко келип кондук. Самолеттон түшкөндө арабыздан жерди өпкүлөгөндөр дагы болду. Аэропортто ар бир жоокерге чек берилди, менин колума 45 чек тийди. Андан кийин 400 жоокер бирден текшерилип, аэропорттун сыртына чыктык. Ошол убакта түнкү саат эки болгону эсимде калыптыр. Аялдамага чыксак, атайын кире кылабыз деген таксилер, автобустар күтүп турушуптур. Күндүзү беш тыйын төлөп жете турган маршруттук автобустар менен 2 сомдон төлөп араң жеттик граждандык аэропортко. Ал жерде суткасына 5 сомдон менчик конок үйлөрдө түнөтүшөт экен. Таң атып калды, жарымын берем десек көнүшпөйт. Ага да макул болуп, бир кемпирдин үйүнө бардык. Ооганстандан кайткан жоокерлерди мээримдерин төгүп тосуп алышат деген үмүтүбүз туманда адашкан жолоочудай куру кыял экенин ошондо сезгендей болдум. Чай демдетип, үтүгүн сурап кийимдерибизди тартипке келтирип, бетти башыбызды жууп дегендей жолго камынып жаттык. Буйурса, эртең үйгө жетебиз деген таттуу кыялдар уйкуну эстеткен да жок. Делебе козгогон сагыныч башка нерсени ойлоого мүмкүнчүлүк берген жок. Мындайда кайдагы уйку дейсиң... Эрте менен автовокзалга келдик. Акматов Насир экөөбүздөн башкасы кечки саат 19га Фрунзеге билет жаздырышты. Баткен тарапка маршруттук автобус жок экен. Акылдашып, кечки шаар айланып, сейилдөөнү макулдаштык. Өзбектердин "Чашма" виносунан стакан кагыштырып көңүл жаздык. Кечки саат 18де автовокзалга келсек, таксисттер чуркап жүрүшөт, жоокерлер. кайда барасыңар дешип. Насир экөөбүз такси жалдамай болдук. Ошко досо бардыгы ойлонуп артка кайтышат. Акыркы улгайып калган таксинин менчик "жигулиси" менен наркын келишсек, мен алып барам деп макулдугун берди. Биз айттык, экөөбүз бирден козу, албоонду багылгандардын ичинен тандап аласың же акчасын аласың дедик. Ал дароо макул болду. Ошентип куралдаштар менен кучак кылышып коштошуп, Баткенге карай зуу койдук. Ошол кезде аскерден кайткан жоокердин сүйүнчүсү бир козу эле, жол кереден тышкары. Ташкенттиктер биздин салтыбызды кайдан билсин, болбосо көнбөйт

болчу. Биз болсо бекер бараткандай кубанычыбызга чек жок эле. Таксист болсо Ташкенттеги бир университеттин ректорунун кызматтык унаасынын айдоочусу экен. "Эгер кааласаңар документтерди даярдап келгиле, окууга өткөрүп коём, жоокер-интернационалисттердин бардыгын кабыл алып жатышат",- деди. Биздин оюбузга окуу эмес, үйгө тезирээк жетсек экен деген толкундануу сагынычка толгон жүрөктөрүбүз учуп –күйүп денебизди алоолонтуп бара жатты. Ленинабад шаарынан өткөндөн кийин жол боюндагы саргарган өрүктөрдү көрүп, бизде дагы бышып калса керек деп Баткендин өрүкзарын элестетип бара жаттык. Жаңы "жигулиси" менен таксист бизди 3 саатта Баткенге жеткирди. Өзүбүздүн Барпы көчөсүнө бурулганда өпкө толгон бугумдан көзүмдөн жаш атырылып кетти, таксистке сигналды үзбөй басыңыз дедим. Үйгө жетип токтогондо кошуналар бардыгы көчөгө чуркап чыгышты. Үйдөн апам чыныга суу көтөрүп чуркап чыкты. "Башыңды эңкейт садага болоюнум, келдиңби!",- деп айландырып, ырымдарын жасады. Келдим апа деп көзүмдөн аккан жашты токтото албай ыйлай бердим. Эне баланын ортосундагы мээримге толгон сагыныч аңкаганын жан-дүйнөм менен сезип турдум. Кошуна-колоң, туугандар атайын күтүп турушкандай толуп кетти. Мени менен кошо Насир дагы көрүшүп жатты.



Үйгө кайтканда.
Ташкент шаары 1981-жыл 28-июнь.
Оё жактан Аитапи Баткен р-н, Жакып Ч\й,
Насир Баткен р-н, Сардар Кара-Кулжа-р-н,
Нурбек, Каныбек Талас обл. Ураим Ноокат р-н.

• • •

Туугандардан бири "үйгө киргизгиле, дуба кылалы, учурашуу дагы

улана берет. Меймандар бар экен",- деп үйгө киргизишти.

* * *

Дуба кылынгандан кийин атам кана дедим чыдамым кетип. "Талаада эгин сугарып жүрөт, балдар кетишти сүйүнчүгө, азыр келип калат",- дешти. Насир болсо жамбашыма улам түртөт,"бол, тезирээк бизге уруксат бердир, мен дагы чыдабай баратам, үйгө кетишим керек",- деп кайрадан эшикке чыктык. Учурашканы келгендердин аягы үзүлбөйт улам кучакташуулар менен уланып жатты. Атам дагы жетип келиптир, келдиңби деп токтоо кучакташып учурашты, ичинен толкундап турса да чөйрөдөгүлөргө сыр билгизбейт. "Ата,- дедим, бирге кызмат кылган досум үйүнө ашыгып жатат,аны жөнөтүп, таксистти да ыраазы кылып коюш керек",- дедим. "Каерден жалдап келдиңер?",- деп сурады. Ташкенттен десем: "Эмне, жакынырaактан жолдосо болбойт беле!?",- деп чочуп кетти. Болгону бир козуга макулдашканбыз десем, ишенбегендей таксистке карады, ал болсо күлүп башын ийкеди. Короодон мага атап отурган козусун жетелеп чыкты атам. Таксист болсо "Бурадар, жол алыс, өлтүрүп алышым мүмкүн, эгер макул десеңиз акча эле бербейсизби",- деди. Колуна 140 сом акча узатты эле, ал абдан ыраазы болгонун билдирип, кайра кайра рахматын айтып, Насирди салды да Кызыл-Жолго жөнөп кетишти. Ооганстан согушу жөнүндө чындыкка кызыккандар көп болгонбу, учурашууга келгендердин агымы үч күнгө чейин токтогон жок. Ушунчалык көп суроо беришет, көңүлдөрү калбасын деп чарчасам да жооп берүүгө өзүңдү мажбурлоого да туура келип жатты. Кызыгы, уктап кеткенден кийин кайрадан түшүңө кирип, Ооганстанда жүргөн болосуң. Көпкө чейин түшкө аралашып кыйналып жүрдүм. Бирок ойгонуп кетип үйдө жатканыңды көрүп, ушунчалык бир сөз менен айтылгыс кубаныч көөдөнүңдү аралай чаап өтөт дейсиң... Бирге аттанган куралдаштарымдын акыркысы Шерматов Кайым август айында аскерден кайтып, бардыгыбыз аман-эсен элге кайтып келдик. Гафуров Зайнидин аскерден кайтканда ата-энеси кудалары менен даярданып турушкан экен, үйлөнүү тоюн баштап жиберишиптир. Ошентип Ата Мекен алдындагы ыйык парзыбызды аткарып, балалык менен коштошуп, өмүр жолубуздун экинчи баскычы башталды. Окууга тапшырайын деген оюмду билдирсем, атам:"уулум, агаларың үйлүү жайлуу болуп кетишти, биз карыдык, үйлөп коёлу, келин бизге кызмат

ылсын, сен окууңду уланта бересиң",- деди. Кыргыз элинин ата-бабадан калган салтында ата-энесин үйдүн кенжеси багууга милдеттүү экендиги аргасыз мени макул болууга мажбур кылды. Ошентип курулуш мекемесине жыгач усталык кесибине жумушка орноштум. Өмүр жолумдун андан аркы таржымалы өзүнчө узун сабак болду. Эми бул башка кеп.

* * *

Эми ойлосом, тагдырым калың элдин катмарында жупуну жашоо менен өткөрүүгө жазылыптыр. Ооганстан согушунда өткөргөн азап-тозоктун психологиялык таасири акыл-эске, сезим туюмга өлүм менен тирүүлүктүн ортосундагы күрөштү так көрсөтөт экен. Ал күрөштү сүрөттөп берүү, окурмандын кабыл алуусуна жеткирүү адабий билимдин деңгээлине жараша болот экен. Көр тириликтин ордонунда жашап келсем дагы тобокелге салып, калем кармоого аракет кылдым. Өсүп келе жаткан муун Ооганстан согушунун ындыгынан азык-оолак кабардар болсо тынчтыкта жашоонун ппуулугун түшүнөт деген үмүттөмүн. Кыргызстан кан төгүсүз эгемендүүлүккө жетишкенде атамдын жаш баладай кубанганы күнү бүгүнкүдөй эсимде. Бирок саясий жана экономикалык оор кризис ткөндү арман кылган адамдардын катарын көбөйтүүгө себеп болуп, ылдыгерлик кулачын жайды. Эки жолу кайталанган Ош окуясы ички шитукту каңкуулатса, Баткен окуясы сырткы душмандардын көз ндымында экендигибизди эскертти. Элдин каргышынан коркпогон онорубуз өлкөсүн таштай качышты. Коммунистик партбилетин ылып жиберип, тегиз демократ болуп чыга келишкен атка норлер мамлекеттин, элдин жүгүн көтөрө алышкан жок. ескерисинче, өз көмөчтөрүнө күл тартышып, кашыктап жыйнаган ын байлыгын тоношуп, ачык жүздөрүн көрсөтүштү. Жакыр мушгун азабын калың элдин катмары тартты. Башка беткабын шип бийлик камчысын колдорунан ташташкан жок. Ошондуктан жылдан бери мамлекет өнүгүү жолуна түшпөй, алдым-тумдардын жемканасына айланды. Динди бетине туткан тизм ата-бабаларыбыз карманып келген динибиздин беделин рдү. Бирок тооп кылаар нерсе кантсе дагы ак эмгеги менен аракет ып, тың жашоого жетип жаткандардын катары көбөйүп ндыгына жүрөгүң жылыйт. Демек мамлекетте туруктуулук

орносо келечектен үмүт артса болот. Бирок ата-бабадан бери келаткан ыйык нерселер кытайдын чыгарган товарындай баалуулугун, наркын, маани мазмуунун жоготуп баратат. Эки жүздүүлүктү жасалма мүнөз дегендей, молдонун айтканын кыл, кылганын кылба деп бекеринен айтылбаптыр. Азыр бирөөгө бирөө зарыгуу маселеси калбады, атаандашуу оорусу пайда болду. Үй салса дагы, автомашина алса дагы, той кылса дагы өз чөйрөсүнөн өйдөрөөк болууну көксөп, түн уйкуну унуткандар көбөйдү. Заман бузулду деп коюшат, мурда эле өздөрү бузулуп калганын моюнга алган адам жок. Заман бузулган жок, тескерисинче, адамдар заманды бузду. Мамлекет багат деген психологиядан арыла албай ырыскыларын акча чачкан шайлоолордон, пикеттердон издегендердирдин саны кыскарбай, кайра көбөйдү.

* * *

Эми жаңы замандын жаңы мууну өсүп жетилди. Жаңы кирген көч мөмөлүү даракка айлангандай, жаңы муун зирек, акылдуу болсо эк деп үмүт кылам. Бир муундун өкүлү кетирген катаны экинчи мүү оңдобосо, улуттун келечегине доо кетери талашсыз. Ооганстанд тутанган согуш 40 жылга жакындап калса да эмне менен аяктаары да белгисиз. Ошол согуштун отун кечкен жоокер катары жакын жашаг элдерге шамалы тийбесе экен деген тынчсыздануу сар-санаамд дайыма кошо жашап келгенин жашыргым келбейт. Дүйнөнүн шааларынын тымызын тирешүүсүнүн кесепети кайрадан эле кайс мамлекетте болбосун, карапайым калкка тийип, азабын бири кезекте ошолор тартып жатышат. Жараткандын каарына түздө кабылгандар адамзаттын үрөйүн учурган жараты кырсыктарынын курмандыктары болуп жаткандарына күбө бол жатабыз. Өзүң жөнүндө кабатырга түшпөйсүң, жаныңдан ар көргөн балдарыңдын. неберелериңдин келечегин ойлогондо ар үшкүрүнүп аласын.

* * *

Токчулук, бардар заманда жашап жатсак дагы уурусу күчтүү ээсин доого жыгат деген элдик макалдын акыйкат айтылганына берилбегендей. Мамлекеттик казынага зыян келтиргенд уурдагандарды коргогон пикетчилердин, жол тоскон максаттары эмнеде? Өздөрүнүн койгон талабы менен мыйзамд

өзүлөрү тепсеп жатышканын түшүнүшпөйбү?

• • •

Мен бул деректүү баянымды аяктап жатып куралдаш досторума телефон чалып: "Досторум, мен урпактар алдындагы асыл парзымды аткармакка китеп чыгарууну көздөп турам, ар кимиң өзүң жонүндө маалымат бергиле",- деп сурандым. Ооганстанда бир мезгилде аскер милдетибизди өтөсөк дагы ар кимибиз ар башка аскер бөлүктөрүндө кызмат кылдык. Мен кызмат кылган 371-мотоаткычтар полкунда 100дөн ашуун кыргыз жигиттери кызмат кылса, Кыргызстандан башка улуттун өкүлдөрү бизден дагы көп болгондур. Жалпысынан алганда жоокерлердин 80%-дан ашыгы Орто Азия менен Кавказдан чакырылгандардан болчу. Куралдаш досторимдин ар биринин өзүнчө башынан кечирген шумдуктуу окуялары бар. Бардыгын иликтеп жазууга, албетте, мүмкүнчүлүк жок. Өкүнүчтөн, дасыккан калемгер гана мындай жоопкерчиликти мойнуна алышы мүмкүн.



Ооган ардагери, куралдаш досум Мырза (Кадамжай р-ну)

Мен мына ушундай чоң ишке тобокел деп бел байлап кириштим. Китепти жарыкка чыгарууда бир чети курбалдашым, бир чети мекендешибиз, атпай журтка аты таанымал журналист, Лейлектин уулу Бахтияр Шаматовго, "Баткен таңы" облустук гезитинин баш редакторунун орун басары, карындашыбыз Зулпия Урайимовага, "Мүкзар" газетасынын башкы редактору Рысбаев Бегали Таиралиевичке, "Элдердин достугу" коомдук фондунун Баткен мекемесинин жетекчиси Адилбек Батыровго колумду көкүрөккө коюп ийилем. Бул менин бардыгына болгон ыраазычылыгым.

**Наиб уулу Айтали Отобаев**

# ЫРЛАР

## Улуу Жеңиштин ээлерине

Көкүрөктөр толуп орден, медалга,
Баатырларым калбай барат катарда.
Жеңиш туусун алар сайып Берлинге,
Жол салынган тынчтык деген сапарга.

Жаштык курак от аралап өткөнүн,
Канча жылдыз кайра жанбай өчкөнүн.
Тагдыр деген пешенеге жазыптыр,
Үшүк чалып өмүр гүлүн, бүрлөрүн.

Сүйгөн жарлар көзүн албай батыштан,
Сагынычын үмүт үзбөй жазышкан.
Жообу кайтпай каттар кеткен дарексиз,
Сүйүүлөрү чокко айланып жалындан.

Ак сакалын жашы жууп аталар,
Алп уулунан ажыраган канчалар.
Сүткө тойбой наристелер ыйлаган,
Өзөк жалгар талкан таппай апалар.

Ырыскысын балдар терип машактан,
Атама деп калтасына дан каткан.
Каргыш тийген ошол согуш азабын,
Жумурай журт бири калбай бүт тарткан.

Бир өмүргө кеткис болуп азабы,
Ошондуктан Улуу Жеңиш аталды.
Бүт дүйнөнү кулчулуктан куткарып,
Советимдин армиясы данкталды.

Данктын куну жыйырма миллион өмүрдү,
Жарык дүйнө тизмесинен өчүрдү.
Бейкүнөөлөр чымын наркы болушпай,
Кузгун жеди, сөөктөрү көмүлдү.

Өзүмдү тарбиялаган атам дагы,
Согушта жоокер болгон катардагы.
Илхам козгоп жазасын деп мажбурлайт
Өз оозунан угуп калган баяндары.

Улуу Жеңиш алга таштап кадамын,
Улап келет жетимиш жыл сапарын.
Таазим кылуу урпактардын парзы экен,
Туягыбыз эрдик кылган аталардын.

# Ооган элестери

Кетпейт эстен элеси ооган жердин,
Тоо чөлдөрү агызган маңдай терин.
Кырчын өмүр кыйылган чырпыктай,
Бөрүлөрдүн мекениби чачкан демин.

Кетпейт эстен азабы ооган элдин,
Коргогон эркиндигин өзүн динин.
Тик карашып өлүмгө канчалары,
Калышты кучагында кара жердин.

Кетпейт эстен жүргөндөрүм куралчан,
Бөтөн эл, бөтөн жерде чакырбаган.
Эрксизден колум канга боёлгонун,
Күнөөлөйт бийик сезим багынбаган.

Кетпейт эстен калгандарым курчоодогу,
Кучактап кара ташын тоолордогу.
Тамшанып көздөн аккан жашка дагы,
Тамчы сууга таңдайым жалооруду.

Кетпей эстен учкан октун ышкырыгы,
Тешип өтсө токтоткон кыймылыңды.
Жан соогалап үмүттүү жалдырайсың,
Түгөтпө деп жаратакандан ырыскыңды.

Кетпейт эстен жубайлардын көз жашы,
Сагынычын алмаштырган муң кайгы.
Ызаалык ээлеп алып жан дүйнөсүн,
Ынтызар болгон сүйүү буюрбады.

Кетпейт эстен энелердин күйүтү,
Күткөн эле жалгыз уулун үмүтү.
Каңырыгы түтөй берет армандуу,
Көрбөгөн соң баласынын жүзүнү.

Жүрөгүмдөн чыгат үнсүз кыйкырык,
Бейкүнөөлөр өмүр кыйган бул кырсык.
Аткардыкпы мекен берген милдетин,
Кулак салсам көкүрөктө жымжырттык.

# Куралдаштарга

Согуш муңу эстен эми кеткенде,
Совет эли тынч жашоого жеткенде.
Саясатын камчылаган эки коом,
Салгылашкан Ооганстан жеринде.

Ата журтка ыйык милдет өтөгөндөр,
Аскер шинел ийнине көтөргөндөр.
Өкүмдарлар буйругун аткарышып,
Аттанышкан апаатка жылдыз өчөөр.

Адамзаттан агылган канды көргөн,
Ал кандарга кутурган жанды көргөн.
Снаряд, мина, ок, бомбалардын,
Уу чаңынан тутулган айды көргөн.

Дос күткөн ички дүйнө сырдашкан,
Тамчы сууну чөлдөрдө бирге таткан.
Бийик сезим ойготкон достугуну,
Күндү көргөн мыкачыдай жулуп салган.

Кат жазган үй жагына күлүп туруп,
Жүрбөсүн деп ата энем жашын жутуп.
Сурап жүргөн калбай бири жакындарын.
Жүрсө дагы сездирбей жүрөк күйүп.

Кан кечкен табыттарды көтөрүп,
Досторунан айрылганда көңүл бөксөрүп.
Сагынганда Ата журтун мекенин,
Көздөгү жаш көкүрөктү көлдөтүп.

Коштоп жүргөн бактысы күлө баккан,
Кырсыгынан Оогандын аман кайткан.
Ала Тоосу ыйык мекен боору кенен,
Жоокерлерин кучак жайып тосуп алган.

# Куралдаштарды эскерүү

Атышуу жылга ичинде жоокер онтойт,
Апа-а деп жалынганын үнү коштойт.
Мерез тагдыр мыскыл карап табалайт,
Ажал болсо жеңемин деп жакалайт.

Көз жумулду бирок эрин кыбырайт,
Апа-а, деп үн чыгарбай шыбырайт.
Доктор жетип ийне камдап сайганда,
Жоокер кетти кош айталбай апага.

Ыйлап турду жылдыз таккан офицер,
Апа-а, деп акыр сөзүн уктунарбы эй силер.
Кантип эми угузамын кабарды,
Сактай албай жоготтум деп баланды.

Эртең менен бирге тамак ичкенбиз,
Азыр эле бирге андып келгенбиз.
Көкүрөктү ызаа сабап камчылап,
Мөлтүр жаштар жерге турду тамчылап.

Кулак тунду жылга ичи тунжурап,
Кыйналганы онтоо тартып көз жумат.
Ажал болсо андыйт алыс кетпестен,
Шоруң катса кармаймын деп этектен.

Тагдырдын кыя жолу тайса турбас,
Кыяматтын уу сезими калды мурас.
Кандар акты ташка сиңбей жалтырап,
Көргөн көздөр кантип аны унутат.

Боздогон ыр саптары дилимдеги,
Бул чындык эскерген кечээгини.
Огандан кайтпай калган жоокерини,
Эли унутпайт кылымдарга эрдигини.

# 15-февраль Ооганстан согушунда курман болгондорду эскерүү күнү

15-февраль биз үчүн ыйык дата,
Кызыл сыя жазылбаган календарга.
Кара сыя жазылган тагдырларды,
Эскеребиз ушул күнү жылына.

Он беш миң жоокерибиз шейит кеткен,
Элүү миңи мекенине кайтып келген.
Оогандын ооматсыз кан майданын,
Кайгы муңдуу азабы чыкпайт эстен.

Балдарына өмүр тилеп сагынып,
Ата энелер жаратканга жалынып.
Жүрсөлөр да он жыл бою токтобой,
Келе берген кара табыт агылып.

Оогандагы согуш бизди такшалткан,
Ар намысы жигиттерди сынаткан.
Мөндүр болуп жааган октун астында,
Тирүү калдык колдоо болуп Алладан.

Жоокер болуп кызмат кылуу мекенге,
Ыйык милдет элин коргоо жигитке.
Бөтөн жерде, бөтөн элде өлүмдү,
Буюрбасын тагдырлары эч кимге.

# Достук азилдер

## Десанттарга

Десантта кызмат өтөдүң,
Көзүнө илбей бөлөгүн.
Секирип түшүп асмандан,
Душмандын жедиң көмөчүн.

Тамакка көмөч тыгылып,
Жол -жол майкаң тытылып.
Тагдырга болдун ааразы,
Досторун калса кырылып.

Таалайың досум бар экен,
Тирүү кайттын аскерден.
Түшүнө кирсе чочуйсуң,
Ооганда жүргөн кездерден.

# Мотоаткычтарга

Пешенең шорго малынып,
Кызыл погон тагынып.
Тоо,чөлдө дайым чуркадын,
Желкеңе курал асынып.

Саратан болсо суусадын,
Чилдеде тойбой курсагын.
Үшүңдү алды аткылап,
Көрүнбөй сага душманың.

Кетемби деп оогандан,
Келме түшпөй оозуңдан.
Кудайга жүрдүң жалынып,
Ажалдан коркуп тооруган.

# Танкисттерге

Там кылгансын танканы,
Билинбей тандын атканы.
Тоо чөлүң кезбей уктадың,
Өтүгүң калды жапжаңы.

Танк ичинде тамак жеп,
Сүйүүдөн курдун узак кеп.
Дүрмөттөп алдың пушкасын,
Душман келсе атам деп.

Душмандар сага жолобой,
Атылбай дагы октолбой.
Танкаңар турду күзөттө,
Айбаттуу болуп жолборстой.

# Артиллеристтерге

Сүйрөп жүрдүң замбирек,
Атканда өзүн титиреп.
Кокустан душман кол салса,
Куркунуч сени бут бийлеп.

Кудайы болгон согуштун,
Замбирек болду жан досуң.
Буктурмадан кол салса,
Дүрбөлөң түшүп чочудуң.

Танкасы жок душмандар,
Беттешүүдөн дайым качкандар.
Кайырмак таштап жүрдүлөр,
Капарсыз болуп калсаңар.

## Медиктерге

Кызматын өтөп санбатта,
Бинт байлап алган жараатка.
Ден-соолуктун болуп сакчысы,
Ийнеңди сайдың тамырга.

Досторун барса сагынган,
Спиртти жыйнап тамчыдан.
Көңүлүн тапкан сен элен,
Кадыры күчтүү баарынан.

Өмүрүн сактап канчанын,
Соопко калдын сен дагын.
Сакайып кеткен жоокерден,
Чоң сыймык алкыш алганын.

# Ашпозчуларга

Ойгонуп дайым азанда,
Чөмүчүн салган казанга.
Курсакта кайгы жок эле,
Ашпозчу досум сен барда.

Үнөмдөп чайдын кантынан,
Сгушенка, тушенка баарынан.
Курчоодо калсан жейсиң деп,
Күйүмдүү элең абыдан.

Курсактын тойбос дартынан,
Кетпей жүрдүм алдындан.
Кыздардын таап дарегин,
Кат жазганбыз сагынган...

# Баткен окуясы

Кыргыз эли учкай билген бул аймак,
Атын укту бүткүл дүйнө таңыркап.
Кан жыттанган түшкө кирбес окуя,
Очок кылды күйөмүн деп жалындап.

Ободогу кабар берген жерлерден,
Окуясы тарап жатты Баткенден.
Чыркыраган чындык турмуш күзгүсү,
Көрүндү го унут калган бул элден.

Аска-зоону мекен кылып жердеген,
Момун элдин ырыскысын тепсеген.
Кайдан келди курал-жарак асынган,
Сакалчандар тоо аралап тор менен.

Можехеттер салган кезде торуну,
Дүрбөлөңгө түшкөн калкы тозуду.
Туман ойлор сайгак сайган элиме,
Бүт Кыргызстан кайрат берип кол сунду.

Адеп-ахлак эл ичинде ынтымак,
Керектигин далилдеди бул сабак.
Ыйык туткан динибизге көө сүйкөп,
Саясатта башталды го чоң чатак.

Жер өрттөнүп элге мүшкүл болбостон,
Куралчандар кетсе экен деймин тоолордон.
Өрүкзардын үшүк албай гүлүнү,
Кылым келсин ырыскысы мол болгон.

# Баткен облусуна

Асманда жанган жылдыз жетиген,
Алтын казыкты айланат эрикпестен.
Космонавттар көз чаптырса ааламдан,
Кыргызстанда жанып турат жетиген.

Ыйык сөз айтылбаптыр бекеринен,
Жетөөсүнүн бирөөсү кызыр деген.
Эгемендүү Кыргызстандын алты облусунун,
Катарына кошулду куттуу Баткен.

Алыскы аймак тоолору аска таштуу,
Адырлары чөп чыкпаган шыбакзарлуу.
Болсо дагы мөмөлөрү шипширин,
Өрүкзар бактары бар даңазалуу.

Ааламда жок гүл өскөн Айгүл ташы,
Эрте жазда суктандырат меймандарды.
Уламышы узун жомок болсо дагы,
Уккандар ишенишет тартып кайгы.

Манастагы жер аттары коюлган,
Кара Тоосу Памир карай созулган.
Катаал шарты чыйралтып калкыны,
Көп улутка орун берди койнунан.

Жок эмес көйгөйлөрү чек арада,
Жексурлар эргиткен жаңжалдарга.
Аталар мурас кылган карыш жерди,
Тепсетпейт жашаган эл өрүкзарда.

Жолдорубуз, калк түйшүгүн жараткан.
Салынууда долбоор менен такталган.
Өнүгүүгө өрүш алып өрүкзар,
Аймак болду инвесторлор кызыккан.

Улуу инсан Раззаковдун туулган жери,
Облус болуп өз бешигин терметти.
Он беш жылдык салтанатын белгилеп,
Ооматына сыймыктанар кез келди.

Өз жигити өсүп чыккан Баткенден,
Сакалчанды кайра артына кетирген.
Жооптуу кызмат облусту жетектеп,
ЖеңишРазаков такшалды эмгегинен.

## Шайтан туткуну

Шайтан минип мойнума,
Шарапты катты койнума.
Периште болуп көрүндү,
Куйган соң арак оозума.

Мостойгон көңул жибиди,
Жыргалга батып ийилди.
Унутуп жашоо түйшүгүн,
Такымга тепти тизгинди.

Пешенең жазып кабагын,
Напсинин ачты араанын.
Адегенде ичкен күч менен,
Ашказан самады даамын.

Уйкулуу көздөр жумулбай,
Тиктесе баары укмуштай.
Баш болсо тартат үшкүрүк,
Эртеңин ойлоп унчукпай.

Кандагы вирус каткырат.
Кеселдин баарын чакырат.
Жашоо керемет экенин,
Кулака куят шайтанат.

Шайтанды тарткан күнөөгө,
Сериал көрдүм кинодо.
Шарият жолун ыйык туткан,
Дааратуу адам түштү торго.

## Арактын азабы

Балдарга салып азапты,
Озундун билбей катанды.
Ыктыярдуу жинди болуп,
Ичесин неге аракты.

Бул адатың ооруубу,
Кайнаткан тузга шоруңду.
Идиш-аякты талкалап,
Башкарбайт акыл колуңду.

Түйшүктүү сенин заманың,
Жан жолдош болсо арагың.
Сырдашып жүрүп өтөсүн,
Түгөнбөй сенин арманың.

Таарынчың болсо тагдырга,
Женилсек эгер аракка
Айыкпас дартка чалдыгып.
Жөнөйсүн кайтпас сапарга.

Түшүнбөй койсо аялың,
Теңелсен анда акмаксың.
Ак сүтүнү эмишкен,
Кыйышпайт балдар апасын.

Сыйлагандар акыл беришет,
Ичтеринен сызып кейишет.
Душманың алкап мактаса,
Шайтаның болсо демитет.

Кошуна-колоң туугандар,
Колдоруң сага сунгандар.
Көргөндө сенден качышат,
Болсоңда эгер пайгамбар.

Тагдырың көргөн согушту,
Ажалың ээрчип коррутту.
Жараткан сактап өмүрүң,
Колдоду кызыр жолуңду.

Алдыңда болсо алтымыш,
Сооротпойт сени таарыныч.
Өмүрдүн баркын билбесең,
Кеч болуп калат жалыныш.

Өздөрүнө ток досторум,
Сунушпайт сага колдорун.
Мыскылдуу сөздү көп уктуң,
Укмаксан болгон дүлөйсүң.

Козголуп калса илхамың,
Чиймелеп кээде жазасың.
Мусулман пенде болсоң да,
Окулбай жатат намазың.

12.12.12.

## Кызыл алма

Сүйүүнүн таттуу мөмөсүн,
Кол менен үзүп көрбөдүм.
Үмүттүү карап бактарды,
Жалбырак тепсеп жүрөмүн.

Асмандан жамгыр тамчылайт,
Аяздуу күндөр утурлайт.
Мезгилдин салам бергенин,
Жалбырактар мага шыбырайт.

Кызыл алма баянын,
Кинодон көрүп калгамын.
Тазалык арзуу сезимди,
Туйганмын таасир алганмын.

Инсанга ыйык махабат,
Китепте гана жазылат
Эрмектеп сүйүү ырларын,
Укканда көңүл ачылат.

Дербиштер өткөн дүйнөдөн,
Баш алып кеткен үйүнөн.
Бүгүнкү заман башкача,
Бомждар жүрөт жүдөгөн.

Дербишке эшик ачышкан,
Келди деп мейман Алладан.
Түйшүктүү заман болсо да,
Көчөдө эч ким калбаган.
14,14,14.

# Азиздин махабаты

Жылмайбагын сулуу кыз жүзүң менен,
Күлкүң чыксын жүрөктөн шыңгыр эткен.
Азиз болуп жаралсамда бул дүйнөгө,
Көкүрөктө сезим күчтүү сүйүү деген.

Жарык дүйнө буюрбай тагдырыма,
Өтүп келет өмүрүм караңгыда.
Жок дегенде жашоодогу үмүтүмдү,
Сен бөлөчү сулуу кыз жарык нурга.

Жашоо ширин адамга өмүр кыска,
Жараланган жүрөгүм толгон ыйга.
Өмүр деген кербенде келе жатам,
кол сунарым биле албай кайсы кызга.

Аялзатын баары сулуу мен үчүн,
Уккум келет шыңгыр эткен күлкүсүн.
Назик үнү жүрөгүмдү туйлатып,
Күлкүсүнөн тартып келем сүрөтүн.

Жубатам мен өзүмдү укканымда,
Сүйүүнүн обондору чалынса кулагыма.
Таарынычым тагдырыма унутулуп,
Делебемде үмүт жанат махабатка.

Жаралса деп өз балдарым канымдан,
Тирүү жанмын, кыялыма багынам.
Сүйбөсөң да сулуу кыз колуң сунчу.
Ажыратпай инсан күткөн бактымдан.

Жубан болсон күнөөлөбө өзүңдү,
Жан дүйнөңө каалайсыңбы сүйүүнү.
Жийиркенбей кучак жайсаң тулкума,
Бактың үчүн арнайм сага ак сүйүүмдү.
15.15.15.

# Сүйүү деген

Сүйүү деген мен үчүн кыял,
Жомоктогу алтын балык сымал.
Кайырмакка илинбестен тагдырыма,
Жээке жакындабай чабак урар.

Жээк бойлоп өтөт өмүр,
Кусалыктан кээде чөгөт көңүл.
Жолоочумун жоор атка минип алган,
Өмүрүмдүн сапары өңгүл –дөңгүл.

Жасап көрдүм өзүмө кеме,
Сүзүү үчүн махабаттын деңизинде.
Тор жайып балыкчылык кылсам дагы,
Ал качты менден алыс тереңине.

Туйсам дагы махабат сезимдерин,
Мени сүйгөн жүрөкө кезикпедим.
Жалгыз соккон жүрөгүм кыялданат,
Сулуу жүзүн элестетип периштенин.

Алтын балык боло берчи кыялымда,
Торго түшсөң к албасмын убалына,
Сунушунду аткарып алмаштырам,
Балык жылы боролгон сулуу кызга.

Алтын балык жазылган жомоктогу,
Акыйкатка дал келбейт жашоодогу.
Кантсе дагы көңүл кушун жубатып,
Кыял менен алаксытат аңкоолорду.

Сүйүү назик аңкоо кылат инсанды,
Акындарга козгоп берет илхамды.
Зөөкүрлөргө сылык сөздү үйрөтүп,
Сезимдерге бийлик кылган окумдары.
16.16.16.

## Улуу заттын кудурети

Теңдеши жок кудуретүү,
Ченеми жок мээримдүү.
Он сегиз миң ааламдын,
Өзүнө гана энчилүү

Төрөлбөгөн, төрөткөн да эмес,
Турпаты кандай акыл жетпес.
Алла-таалам улуу зат,
Угат, көрөт бирок, өлбөс.

Жан-жаныбар суу жерди,
Жараткан анан пендени.
Адам ата, Обо энеге,
Туягын улап пайдалан деди.

Көбөйүп акыл берген пенделери,
Жер жүзүнө тарай берди.
Дилдерине салгын ыйманын деп,
Жөнөткөн миңдеген элчилерди.

Бизге белгилүү жыйырма сегизи,
Жазылган ыйык Кураан китептеги.
Ислам динин түптөөгө акыркысы,
Мухаммет САВ келди.

Мухаммед САВ пенде болгон,
Ыйманы Алланын сынына толгон.
Кырк жашында амиринде Кудайдын,
Пайгамбарлык милдетине жолдонгон.

Акыркы пайгамбарга сыйынгандар,
Кыяматты болтурбоого умтулгандар.
Адамзатты алааматтар сынап жатат,
Акыр заман эскертүүсү мындай кабар.

Улуу заттын элчисинин үммөтүбүз,
Ислам динин тутууга милдеттүүбүз.
Беш парзды аткарууга эркиң жетсе,
Бейиш ачат эшигини сөзсүз.

Сөзсүз деген ишеним эгер болсо,
Шайтандарды жеңесин биротоло.
Ыймандуулук ислам динин негизи,
Периштелер өздөрү алат колдоого.

Колдоочулар колун сунса тагдырына,
Сезсең аны баш ийгин акылына.
Пендечилик пейил кетсе унутпагын,
Кечиришпейт тозок күтөт акырында.

Ыйык Куран таасири кабылданса,
Алла төгөт мээримин адашканга.
Жараткандын кулубуз бул жалганда,
Момунсунбу мейли болгун падыша.

Ишенсең Алланын кудурет күчүнө,
Аян болот табышмактуу сыр дүйнө.
Сени күтөт акыретте эки жол,
Тандап алгын керегини өзүңө.

# Атеизм

Атеизм эгемин деп гүл бакты,
Ички дүйнө байлыгынан суусатты.
Шек келтирип жараткандын өзүнө,
Ишенгиле кыял деди Кудайды.

Айтсам чындык таасир албай Кураандан,
Менин дагы ички дүйнөм ууланган.
Багынганмын жашап жаткан чөйрөмө,
Кайдыгерлик шапаар тээп куу чалган.

Туткун болдук көр оокатка күнүмдүк,
Курсак тойсо бактылуудай сүйүндүк.
Көөдөнүбүз ыйман туткан бөксөрүп,
Көңдөй калды орду толгус кылымдык.

Идеал комунисттер туу туткан,
Атеизм маркум бүгүн көз жумган.
А,бирок жашап калды арбактары,
Пендесин жалакордук уу жуткан.

Эгемендик эркиндикке кучак жайса да,
Таазим кылуу жасалмалуу Аллага.
Ыйык парзын аткарышкан ажылар,
Сүткорлугун тыйбай жатат соодада.

Эшек этин жедиргендер элине,
Улут наркын тепсегени шерменде.
Ууруларды каракчы тоноп өлкөдө,
Кызын зордоп кутургандар бул эмне?

Бул эмне, алааматтын белгиси,
Ойго салат урпактардын келечеги.
Чыңгыз айткан манкурттуктун мааниси,
Ойлонолу тийбесин десек кесепети.

Кытайлык кыргыздардын сөзүн уктум,
Сакташкан эне тилдин уюткусун.
Артык эмес жазганым окурманга,
Түптүү элбиз улуулугу бизге жуксун

# Эскерүү



### *Орунбаев Исламбек Сулаймановичке*

Билим алып алыс өлкөдөн,
Беш тилде эркин сүйлөгөн.
Талпынды заман шарына,
Максатын издеп көздөгөн.

Досторду күтүп түрктөрдөн,
Таанылган бизнес чөйрөдөн.
Дүйнөлүк базар биржадан,
Сооданын сырын үйрөнгөн.

Өрүкзар кичи мекени,
Эстеди дайым Баткенди.
Алпештеп уулун өстүргөн,
Сагынды Зуура энени.

Бир тууган эки агасы,
Таштады жарык ааламды.
Кокустан келген шум ажал,
Кайгыга салды Исламды.

Жүрөгүн эзип томсортту,
Тагдырды таскак жолдору,
Армандуу кылып акыры,
Исламбек кетти коштошуп.

Башын ийди жазмышка,
Бел байлады кайтууга.
Бийликтен кызмат берилбей,
Мугалим болду БатМУда.

## Ок аралаган 555 күн

Жогору окуу жайында,
Билимин берди жаштарга.
Элиме кызмат кылам деп,
Маңдай тер төктү калкына.

Ишкердик баштап Баткенде,
Таанытты өрүгүн чет элге.
Биргелешкен фирмасын ачып,
Жакшы иш кылды элине.

Ойгонуп элдин үмүтү,
Карапайым калк сүйүндү.
Баткендин даңкын чыгарып,
Кардарларын тапты өрүгү.

Жазымышы шу экен,
Уккан кулактар ишенбей.
Исламбек кетти дүйнөдөн,
Шум ажал менен тирешпей.

Оорубай жүрүп кокустан,
Токтосо жүрөк согуштан.
Түгөнбөйт экен арманы,
Келмелер түшпөй оозуңдан.

Өрүкзар кичи мекени,
Азасын күттү жердештин.
Азамат уулун жоготуп,
Азаптуу ыйлайт энеси.

Эки кыз калды атадан,
Көлдөтүп жашын ызаадан.
Бейиштен орун берем деп,
Келдиби буйрук Алладан.

# АРНОО ЫРЛАРЫ



***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Баткен областындагы ыйгарым укуктуу өкүлү Разаков Жеңиш Парпиевичке***

Тажрыйба топтоп кызматтан,
Ишмердик менен такшалган.
Жеңишбек чыкты бел байлап.
Областтын элин башкарган.

Алыскы аймак болгон соң,
Бурулбай көңүл борбордон.
Түйшүгү элдин көбөйүп,
Күнү-түнү ойлонткон.


Тополоң чырды четтеткен,
Жетекчи чыкты чекистен.
Алдыга сүреп элимди,
Көп көйгөлөр чечилди.

Бийликке келген Жеңишбек,
Мекен чегин коргойт бек.
Генерал губернатор наамына,
Жаңылбайбыз татыктуу десек.

Кошомат эмес чындыкты,
Айтууга жаздым ырымды.
Окурман өзү тараза,
Болуп жатат көп жылыш.

# Устазыма

**(СССР жана Ооган мамлекетинин «Кужурмөн Кызыл Туу» ордендеринин, СССРдин Жогорку Советинин Президиумунун Ардак Грамотасынын ээси, Кыргызстан журналисттер союзунун мүчөсү, ИИМдин отставкадагы полковниги, Талас областынын чыгаан атуулу, Исфана шаарынын ардактуу атуулу Карамбердиев Насридин Мамытбековичке)**



Устазым бар уюткулуу акыл берген,
Инсандык көрөңгөсү бийик менден.
Улуулук жөнөкөйлүк пейил күтүп,
Идеал тутунууга таасир берген.

Тагдыры тамырлаш болгон үчүн,
Көтөргөнбүз мекендин ыйык жүгүн.
Кан кечкен Ооганстан алааматы,
Сестентет бүгүн дагы дүйнө жүзүн,

Жараткан кыслат берип илхамыма,
Багыштадым арноо ырын устазыма.
Тилектерим кабыл болсо Алладан,
Ден соолугун чыңда деймин иншалла.

Билим алган жогорку мектебинен,
Арабтар өлкөсү алыскы Египеттен.
Аткарып сырын каткан тапшырмасын,
Мекендин керегине жарап берген.

Атеизм өкүмдарлыгын көргөн инсан,
Эгемендик эркиндигин бийик туткан.
Баткендин коогаланы өрт алганда,
Терроризм желдеттерин тосуп чыккан.

Ата-Журттун озуйпасын аткарып,
Ички иштер кеңселерин башкарып.
Ардактуу эс алууга чыгыптыр,
Балдарына өз кесибин ыйгарып.

Мусулмандын ыйык парзы намазын,
Беш убагы каза кылбай окуганы.
Улуу заттын буйругуна башын ийип,
Даабат кылып, иликтеди буюрганды.

# УКМКнын кызматкерине

## КРнын УКМКнын Баткен облусу боюнча башкармалыгынын начальниги Кадыркулов Идрис Анарбековичке



Улуттук коопсуздук кызматы-
Өлкөбүздүн ишенимдүү туткасы.
Мекенибиз тагдырын көзөмөлдөп,
Эрктүүлөрдөн тандалат курамы.

Такталып тарбиялаган ата теги,
Татыктуусу тажрыйбалуу эрендери.
Электен өткөрүп эчен ирет,
Ээлешет орундарын кызмат ээси.

Күнөөлүүлөр түшүндө да чочуган,
Коррупцияга бөгөт коюп тооруса.
Террорчуну темир торго түшүрүп,
Адашканды кайтарышкан жолунан.

Кылгандарды мекенине кыянат,
Кайырмагы кылтагына иле алат.
Тыңчыны да тузагына түшүрүп,
Тымызын терактга койгон капкан.

Даңазалуу, сырдуу, жоопту кесип,
Ээсине арноо жаздым илхам келип.
Дем берсе дилден чыккан ырларым,
Демек, бейкуттукта жашайт элим.

# Элдик сотко

*(Баткен облустук сотунун төрагасы Карабаев Сооронбай Үркүнбаевичке)*



Калыстыкты адилетке негиздеп,
Акыйкаттын чындыгын иликтеп.
Калчап туруп өкүмдөрүн угузган,
Аткарган кызматтары чоң милдет.

Тойгончо жеп, өлгөнчө карганган,
Уурулар чыгалбай калса капкандан.
Актанышат мойнуна албай кылмышын,
Кутулууга соттор берген жазадан.

Кылмышкерлер мыкаачылык кылгандар,
Тергөөчүнүн көңүл кушун тапкандар.
Мостоюшат сот залына келгенде,
Керек болсо мекенини саткандар.

Оңой эмес моюнга коюу күнөөнү,
Жалган берсе көрсөтмөнү күбөсү.
Кара кылды как жарса ортосунан,
Акыйкаттын аткарылат мүдөөсү.

Тургула сот келатат деген үндү,
Уккандар орундуктан тик турушту.
Демек бул таазим кылуу адилетке,
Мамлекеттин мыйзамдуу берген укугу.

Урматтуу сот кызматкерлери,
Ооганчылар куттукташат Сиздерди.
Кесиптик майрам берилиптир энчилүү,
Каалайбыз ооматтуу ийгиликтерди.

Үй-бүлөдө жашоо болсун бакубат,
Мамлекетте тынчтык болсун ар убак.
Баасы жок байлыгыңар ден-соолук,
Чың болуп коштоп жүрсүн сый-урмат.

# Салыкчыга



***Баткен шаардык салык кызматынын башчысы Тажибаев Орозбек Мамасалиевичке***

Салым кошуу мамлекеттик казынага,
Салык төлөө милдет болот жалпыга.
Кирешени топтоп жүргөн тыйындан,
Салыкчылар кызмат кылат калкына.

Жетим, жесир, майыптардын акысын,
Жөлөк пул, пенсия, каржылаган бардыгын.
Мамлекеттик казына алган мойнуна,
Муктаждыкты чечүү милдети салыкчынын.

Газета, журнал, радио, телевидение,
Жазышат, тартышат таянып далилдерге.
Окусаң, уксаң, көрсөң жака кармайсың,
Кылган көп кыянаттык мамлекетке.

Улук аян айында, тоо койнунда,
Төрөлгөн инсан жүрөт арабызда.
Эсепчинин кесибин тандап алып,
Эмгек жолу башталган соодада.

Салыкчылар кеңсесинде такшалып,
Жетекчилик жооптуу кызмат аткарып.
Салым кошкон мамлекеттик казынага,
Орозбекке жазылды саптар арналып.

# Арноо

**(Айтпай Имаров-Кызыл топу атындагы орто мектебинин директору Мээринса Жапаровага)**



Директор эжекенин бейнесине,
Дил бурсак талыкпаган эмгегине,
Билим тармагын кесип кылып,
Багыт берет келечек ээлерине.

Жетекчи жоопкерчилик мойнунда,
Журт эртеңи түйшүгү жонунда.
Кабагым-кашым дебеген мүнөзү,
Келинге окшойт толгон купулуна.

Тагдыр таскагын шыдыр басып,
Таалайына эмгеги үрөн чачып.
Жалгыздык жан дүйнөсүн кыйнаса да,
Жыламят чөйрөсүнө күлө багып.

Өрүкзардын эрки күчтүү аялзаты,
Ооматын өзү түптөп тамыр жайды.
Өзүнөн өйдө көрүп мекенини,
Ойлогону жүрөгүндө элдин бакты.

Мээринса атына заты жарашкан,
Мээрим төгүп айкөлдүктү таптаган.
Багбан сымал көчөттөрүн сугарат,
Бурган суусу билим деген булактан.

# Токойчуга

**Баткен токой чарбасынын башчысы Кимсанов Абдыкалык Гапаровичке**



Өрүкзарды эң жупуну мырзасы,
Өз кесибинин генералы.
Токой чарбасын башкарып,
Тоолордон алат дем кубатты.

Түйшүгү түйшөлткөн тоолордогу,
Табигат байлыгынын коргоочусу.
Тандаган кесибинин ардагына,
Татыктуу баскан эмгек жолуда.

Абдыкалык мырза жөнөкөй инсан,
Ыйманын мүнөзүндө бийик туткан.
Алланын буйругуна башын ийип,
Ажылык ыйык парзын аткарган.

Пейли төп келсе кызматына,
Татыса өз элинин урматына.
Кадырын даңазалоо аздык кылат,
Башкаларга үлгү болгон инсандарга.

Каарманым калк ичинде абройлуу,
Ошондуктан пайда болду толгонуу.
Улуулуктун уюткусу бар үчүн,
Жүзүнөн нуру жанат жылдыздуу.

# Элдик табып

## Шайдуллаев Нургазы Каримбаевичке



Элдик табып Нургазы,
Алла-Таалам берген кыслатты.
Аталардан өткөн касиет,
Улукман табып кызматы.

Сөөктү салбай гипске,
Сынганын жыйнайт этине.
Ренгенин көрбөй аныкттап,
Жаракасын таңат жибине.

Бабалар кылган ыкманын,
Медицина билбейт сырларын.
Урпактан-урпак улаган,
Элдик табып ээси дубанын.

Дубаны алып көгөргөн,
Жүгүн элдин көтөргөн.
Бай, жакыр дебей келгенди,
Баарына бирдей кам көргөн.

Бүгүнкү жашоо өзгөрдү,
Базарга баары кам көрдү.
Оорукана ачпайт эшигин,
Бербесең эгер төлөмдү.

Нукура элдик табыптар,
Нарк койбой кабыл алышар.
Көңүлдөн чыкса алышат,
Канагат кылган жагы бар.

Акчадан кымбат алкыш бар,
Айыккан бейтап кайтарар.
Оору-сыркоо дагы Алладан,
Аныктап берген аалымдар.

# Кыздарыма

Ата-эненин үй-бүлөлүк бактысы,
Балдарына ыйман берген тарбиясы.
Алысты жакын кылган кыздарын,
Уулунан өйдө көргөн табияты.

Жети кыздын эң улуусу Айкызым,
Мүнөзүндө сабырдын түбү сары алтын.
Каниетке моюн сунуп тагдырда,
Токтоолугу ток пейил кылат атасын.

Экинчи кызым эрки күчтүү Айсалкын,
Эстүүлүгү ачып турат ажарын.
Кайнесинин катуу сынын укпадым,
Эңсегеним алсын деймин дубасын.

Үчүнчү кызым айдан түшкөн Айзаада,
Жан дүйнөсү каухардай таптаза.
Ойго салган опурталдуу мүнөзү,
Тобокелге төшүн тосот дайыма.

Төртүнчү кызым сырдуу мүнөз Сапаргүл,
Байсалдуу болсун дайым сапарың.
Тың чыкканы көңүлүмдү жибитип,
Мактоо үчүн болгум келет Алыкул.

Бешинчиси Кайрыгүл кызым башкача,
Унчукпастан сырын айтат шамалга.
Сынчылдыгы сынап турат бардыгын,
Кыйын чыгат жыгылып жүрсө намазга.

Алтынчы кызым апасы корккон Уулжан,
Айбатына чынын айтсам кубанам.
Мага дагы болушаары бар экен,
Жеңип чыгам үй-бүлөлүк «согуштан».

Жетинчиси кенже кызым Ширинжан,
Чоң энеси колдоо сурап Кызырдан.
Таенесин атын койгон энчилеп,
Ээрчитсин деп уул бала артынан.

# КУРАЛДАШТАРЫМДЫН БАЯНДАРЫНАН

***Китеп башында эскерткендей, куралдаштарымдын өз оздорунан уккан баяндамаларын өзгөртпөстөн кагаз бетине түшүрүүгө аракет жасадым.***



## Ооганчы жоокер Абдиназаров Исраилдин эскерүүлөрүнөн

Мен Абдиназаров Исраил Калдыбаевич 1959-жылы 24-апрелде Лейлек районуна караштуу Чимген айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулганмын. Чимгөн айылындагы «Большевик» орто мектебинде 8-класска чейин окуп, андан кийин Ош шаарындагы совхоз-техникумуна тапшырып, 1974-1975-жылдары аталган окуу жайынын механизация бөлүмүн ийгиликтүү аяктагам.

Ошол эле жылы октябрь айында Советтик Армиянын катарына чакырылдым. 6 ай Красноярск крайынын Канск шаарында учебкада болдум. Андан кийин 6 ай Түштүк Осетиянын Цхинвал шаарында кызмат өтөдүм. 1980-жылдын январь айынан тартып, ошол эле жылдын 15 ноябрына чейин Авганистан Демократиялык Республикасында кызмат өтөдүм. Ооганстандын Кундуз шаарында 3 ай, Джалалабад шаарында [illegible] ай кызмат кылдым. Кабул, Баграм шаарларында командировкада болуп болдум.

Ооганстанда болгон кызыктуу окуялар эске келет: мисалы, эртең мененки жана кечки намаздарда азан микрофон менен айтылат экен. Азан айтылып баштаганда муну түшүнбөгөн дини башкалар (Союздан барган) коркуп, окопко кире качышчу.

Джалалабадда жүргөндө дайыма тамакты сыртта эле олтуруп жечү элек, анан бизде 5 тажик улутундагы балдар бары чогуу тамактанышчу эле. Бир күнү кечинде тарс эткен үн чыкты. Балдардын баары жатып

калышты. Барып карасак ошол тажик балдар тамактанган столдо бир (котелек) тамак жеген идишти ок сыртынан тешип чыгып кетиптир. Балдардын бирине да тийген эмес.

Бир жолу кокусунан аябай катуу үн чыгып, бирдеме бизге жакын келипжарылды. Бир маалда мөндүргө окшоп эле бирдемелер жаап түшө баштады. Көрсө ал танканын огунун осколкалары экен. Аны да биреөлөр байкабай эле атып жибериптир. Бирок эч кимге зыяны тийбеди.

Армиядан келгенден кийин 1981-жылдан баштап Самат колхозунда 10 жыл эмгектендим. 1991-1993- жылдары Лейлек райондук партиялык комитетинде китеп сүйүүчүлөр коомунда жооптуу катчы болуп иштедим.

1993-жылдан 2010-жылга чейин КРнын Өкмөтүнө караштуу Өрткө каршы мамлекеттик кызмат агенттигинде улук инспектор болуп иштеп, 2010-жылдын октябрь айында жашым жеткендигине байланыштуу подполковник наамында отставкага кеттим.



## Ысманов Жоробай Каражанович,

**1960-жылы Баткен районунун Самаркандек айылында төрөлгөн. Кесиби боюнча медик. 1979–81-жылдары Ооганстан жергесинде интернационалдык милдетин өтөгөн.**

-Мен медициналык окуу жайын бүтүрүп келгенден кесибим боюнча Самаркандек айылдык ооруканасында эмгек жолун баштаганмын. 1979–жылы Ленининдин 100 жылдыгы атындагы совхозунда кой кыркым сезону башталып, кыркымчылардын ден-соолугун көзөмөлдөп туруууга мени дагы жиберишкен Июль айынын биринчи числосунда аскер комиссариаттан чакыруу кагазын алдым. Эртеси мага аскерге жөнөтүү жөнүндө кайрадан чакыруу кагазын колума карматышты. Чагылган чарт – чурт этип өткөн сымал мекен коргоочулардын катарына тизилип, аскердик милдетимди өтөөгө жөнөп кеттим. Туркменистандын Кушка шаарындагы 105-аткычтар девизиясынын медсанбатында кызмат

өтөй баштадым. Негизинен жаш жоокерлерден толукталган девизиянын өздүк курамында дизентерия оорусу күчөп кеткен. Андай мезгилде медиктерге кошумча түйшүктөр көп пайда болчу. Ага дагы карабастан, жума сайын саясий окуулар дагы өтүп турган. Ооганстан бийлиги официалдуу жардам сураса биринчилерден болуп чек арада тургандыктан бизди жөнөтүшөт деп эскертүү түрүндө айтып турушкан. Биз болсо жаштык мастыкпы, чет өлкөнү көрөбүз деп кайрадан кубанчубуз. Кандуу согуштун отун кечебиз деп эч кимдин оюна дагы келген эмес. Ооганстандын элин-жерин көрүү, кандай жашап жаткандары менен таанышуу биз үчүн абдан кызыктуу эле. Жанымдагы куралдаш досум же өзүм окко учуп кетиши ыктымал деген ой такыр келбептир. 1979-жылы 28-декабрда Ооганстан жергесине аттандык, баш-аягы көрүнбөгөн колоннанын катарына тизилип. Аскердик техникалардын күүлдөгөн добушу айбаттуу жолборстун сүрүн көрсөткөндөй таасир берип жатты. Жаңы жылды Герат шаарына жеткенде аскердик чатырларда тостук. Күн болсо нөшөрлөп жаап турду, жаңы жылды аппак кардын ордуна жамгыр астында тосуу буйуруптур. Ошол күнү бир жоокерге ок тийип, көчмө операциялык машинада операция жасалды. Хирург. врач-капитан Левендровский өмүрүмдө биринчи жолу жамбашыма курал тагынып операция жасап жатам деди. Андан кийин жарадар болгон жоокерди вертолётко салып Кушка шаарына алып кетишти. Бир жума тургандан кийин Шындан провинциясына аскердик аэропорттун жанына барып жайланыштык. Аскердик аэропорт дегеним жүргүнчүлөрдү ташуучу самолёттор учуучу эмес. Бардык аскердик самолёттор, веоталёттор учуп-конуп турууч. Күн сайын офицерлердин, жоокерлердин курман болгон денелери келе баштады. Ошентип согуш оту тутанып, күчөп кетти. Жүздөгөн табыттар айына жетпей түгөнүп жатты. Аскердик милдетим жарадар болгон жоокерлердин өмүрүн сактоо менен өтүп жатты. Жугуштуу оору менен ооругандар болсо тез аранын ичинде Союзга дарылануута жиберип турдук. Оор жарадарларды болсо госпиталга жеткирип, дарылануу узакка созулса, анда алар дагы Союзга жөнөтүлүп турду. Он гүлүнөн бир гүлү ачыла элек жаш жоокерлердин офицерлердин курман болгон денелерин, колу-бутунан ажырап бир өмүргө майып болгон азаптарын күндө көрүп туруунун өзү эле жан дүйнөңдүн каңырыгын түтөтүп, ызы-чуу менен коштолгон аза күтүүнүн көз алдыңа элестеп турчу. Согуш мезгилинде медиктердин кызматын

сүрөттөп бере албасам дагы ар бир окурман акыл калчоосуна жараша жакшы түшүнсө керек деп ойлоймун. Врач-офицерлер жазып берген дарылоо ыкмаларын өз убагында так аткарууга бардык күчүбүздү жумшап турдук. Жарадар жоокерлерге үйлөнүү тоюна чейин айыгып кетесиң деп, кээде анекдотторду айтып жылмайтууга да аракет жасачубуз. "Күлкү ден соолуктун мүлкү" деп бекеринен айтылбаса керек.

Ооганстан согушу бүгүнкү күнгө чейин токтобой жатышы, анын өзөгү кайда экендигине эч ким түшүнбөй калды. Саясаттын сасык оюнуна айланган согуш карапайым калкты гана азапка салгандыгына күбө болуп жүрөбүз. Ошондуктан илхам козголуп калса, төмөнкүдөй ыр саптарын чиймелеп жүрдүм:

Согуш деген сөздү уксам капыстан,
Боппоз талаа элестейт күйүп жаткан.
Согуш үчүн жаралып калганбы дейм,
Согуш оту өчпөгөн Ооганстан.

Согушту көргөн инсан катары дүйнө жүзүндө адам баласы бирин-бири атып өлтүргөн айбанчылык согуштун болоорун каалабайт элем. Апаат согуштун арты эмне менен бүтөөрүн кайрадан ыр маптары менен улантайын.

Согуштун арты муң-кайгы,
Согуштан кийин эл жарды.
Согушкан менен эки эл,
Жыргалды качан ким тапты.

Ылайым эле жергемде тынчтык болуп, келечегибиз болгон балдарыбыздын бактысы ашып ташып турсун. Душманыма дагы согушту каалабайм, себеби, анын дагы бала чакасы бар, аларга болгон мээрими келечектеги үмүтү бар болсо керек деп ойлоймун, Ооганстан согушуна катышып жүргөн эң алгачкы ошол мезгилде жогору бааланган сыйлыгым - медиктердин кесиптик майрамына карата үйгө барып келүүгө 10күндүк отпуска берилген,1980-жылы июль айында өтө зор кубаныч койнума батпай, көкүрөк толгон сагыныч менен кайдасың киндик кан тамган туулган жерим деп жолго аттандым. Ал кезде аскерде кызмат кылган жоокерге туугандын –уругун гана эмес, жалпы элдин кылган сый-урматы абдан жогору эле. Он күндүк эргүү көз ачып жумганча өттү. Сагынычым эми гана таркай баштаганда кайрадан кайтууга туура келди, Баткен районунан бирге кеткен куралдаштарымдын бардыгын үйлөрүн кыдырып

чыктым. Үйгө жөнөп жатканда жолугууга мүмкүнчүлүк болбосо да уулдарынын сагынычтуу саламдарын айттым. Ооганстан абдан тынч жеринде кызмат кылып жатабыз, эли дагы мейман дос экен деп аргасыз жубатууга мажбур болдум. Чындыкты айтуу душмандык менен барабар болсо керек деп ойлодум. Бардыгы мага ишеништи, көңүлдөрү жайланганын сездим. Уулубузга ала бар насибеден дешип, өрүктүн баргегин, чагылган данек, мейиз, бирден жапкан нандарын түйүп беришти. Көңүлдөрү оорубасын деп алууга аргасыз болдум, болбосо бергендерин бардыгын жеткирүүгө менде мүмкүнчүлүк чектелүү эле. Негизгиси балдары өздөрү отпускага келгендей сүйүнүп калышты, чоң карыздан кутулгандай жеңилдей түштүм. Шынданга кайтып келгенден кийин кайрадан аскердик кызмат башталды. Ооганстандын төө чөлдөрүн кезбесек дагы ошол согушта курман болгон, жарадар болгон жоокерлердин муң кайгысын кошо тартуу мен үчүн абдан оор болду. Эгер менде жараткандан эмне сурайсың деген мүмкүнчүлүк болсо мекенимде тынчтык дайыма сакталсын деп гана суранаар элем. Калганын пешене тер, ак эмгегибиз менен өзүбүз жасап алсак бейиштин төрүндөй Кыргызстан өсүп өнүгөт эле. Бала кезибизде уккан жомоктогудай жашоого жетерибизге толук мүмкүнчүлүк пайда болду. Бир гана адилеттүү мыйзамдар кабыл алынса, эгемендүү Кыргызстанымда стабилдүүлүк туруктуу болсо, элибиз ыйман жолунан адашпаса жаркын келечек күтүп турганына толук ишенем.



## Ташполотов Каныбек Саитбурханович

**1960-жылы Баткен районунун Бужум айылында төрөлгөн. Кесиби техник-гидротехник. 1979-жылдан 1981-жылга чейин Ооганстанда интернационалдык милдетин өтөгөн.**

-Мен кызмат өтөгөн противотанковый дивизион 1979-жылы декабрь айынын ... ченинде Ооганстан жергесине жөнөтүлгөн. Бизде дагы пушкаларыбызды тягачтарга сүйрөтүп, жогорулатылган аскердик даярдык менен колоннага

тизилип, башка мамлекетте кызмат өтөйт экенбиз деген кызыгуу пайда болгон. Кыргыз эли табиятынан көчмөндүктү жактырышат эмеспи. Бир мамлекеттен экинчи мамлекетке көчүү түйшүгүн тарткандай эле сездик өзүбүздү. Бирге кызмат өтөгөн жердеш куралдаштарым Алай районунун Сопу -Коргон айылынан Турдушов Топчубай-тягачта водитель-механик, Халмурзаев Хабибулло- 1-ротада наводчик, Лейлек районунун Исфана шаарынан, Оринов Абдилаким Кара Суу районунун Нариман айылынан, Газ-66 автоунаанын айдоочусу. Исаков Нематжан Өзгөн районунан, Урал маркасындагы бензовоздун айдоочусу. Фамилиясын унутуп калыптырмын Рафик Өзгөн районунан, Газ-66 автоунаанын айдоочусу. Алардын ичинен мага эң жакыны Кадамжай районунун Кайтмас айылынан Тайлаков Абдыкаар авторотада Газ-66 автоунаанын айдоочусу кызматын өтөп турушкан. Абдыкаардан калган эң өкүнүчтүү кайгылуу арман - аскерден кайткандан кийин үйлөнүп, ошол эле жылы кышында автокырсыкка кабылып, каза болуп калды. Суук кабарды укканда адегенде ишенген жокмун. Кантип эле эки жыл өзүнүн автоунаасы менен буктурмаларга кабылып, жамгырдай жааган октун астында мурду канабаган жигит үйүнө келип, үй-бүлө куруп, турмуш жолун баштаганда кырсыкка чалынганын көтөрүү мен үчүн абдан оор болду. Экөөбүздүн кандай гана максаттарыбыз бар эле. Өмүрүбүздүн аягына чейин бекем достошобуз, уул-кыздарыбыздын бардыгына үлгү көрсөтөбүз деп далай жолу кыялданбадык беле? Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет экен. Жараткандын буйругунан кача албашыбызды ошондо дагы бир жолу түшүндүм. Куралдаштарым ортосунда кыргыз, өзбек дебей биз кыргызстандыкпыз деген ынтымакчылыгыбыз абдан бекем болчу. Аскерде кызмат өтөгөндөр жоокердин турмушун жакшы билишет. Аскердик бөлүктө 500дөн ашуун аскерлер кызмат өтөсө да бизге башкалар ашыкча сүйлөөгө батынчу эмес. Өзбек куралдаштарым дагы биз кыргызстандыкпыз, биз кыргызбыз деген делебеңди козгогон чын дилдеринен айткан сөздөрү бир туугандай ынтымагыбызды бекемдеп турган Биздин аскер бөлүгүбүз танкага каршы истребителдик дивизион болгондуктан, душмандардын бизге каршы салгылаша турган техникалары жок болчу. Ошондуктан биз көбүнчө стратегиялык мааниси бар обьекттерди коргоп турганбыз.

Диларам дарыясындагы көпүрөнү коргоп турганыбызда тез-тез айланадагы кыштактарга чалгындоого чыгып, душмандар менен

кагылышкан учурлар болуп турган. Биз менен байланышып турган оогандык чалгынчылар душмандар пайда болгон мезгилде маалымат берип турушкан. Биз жайланышкан жерден 4-5 км аралыктагы кыштактарга чалгындоого чыкканыбызда абал тынч болгон. Каргашалуу окуяга кайтканыбызда учурадык. Күн кечтеп калган мезгилде дөнсөөлөрдү аралап өткөн жолдо бараткaнбыз. Күтүлбөгөн жерден алдыда бараткан тягач минага жарылды. Алты тягачта алтоодон 36 чамасындагы жоокерлер бар болчу. Колонна токтоп калгандан кийин бардыгыбыз тягачтардан түшөрүбүз менен катуу атышуу башталып кетти. Душмандар атайын буктурма уюштуруп, биздин кайтышыбызды күтүп жаткан экен. Гранатамедтон атылган снаряд дагы бир тягачты керектен чыгарды. Душмандар чабуул коюшпай жайланып алышкан жеринен аткылап жатышты. Командирибиз лейтенант Забельников курман болуптур. Күн батып каранги кире баштады. Дагы төрт жоокерибиз катуу жарадар болушуптур. Жардамга келе турган кошумча күч жок болгондуктан чегинүүгө мажбур элек. Минага жарылган тягачтарды таштап кайтууга туура келди. Эртеси кайра барганыбызда экөөнү тең биротоло жараксыз кылып өрттөп жиберишиптир.

Бала кезде согушту кинодон көргөнүбүздө аябай кызыгып көрчү элек. Өз көзүң менен көргөн согуштун тийгизген таасири өмүр менен өлүмдүн аралыгын манжаларың менен эсептетип коет экен. Душмандардын амалкөйлүгү өздөрүнүн жер шартын жакшы билишкендиктен дайыма буктурмадан кол салып, чегинип кетип калыша турган. Аскерден кайтканыбызга 34 жыл өтсө да ал мезгилди эскерүү жан дүйнөңдүн тарткан азабы кайрадан эске түшөт. Ошондуктан мекенибизде тынчтык өкүм сүрүп, балдарыбыздын келечеги кең болсо дейбиз. Неберелердин күлкүсүн угуп, эркелеткенден башка чоң бакыт жок болсо керек.



## Сарыбаев Шакир Абдырапович

**1961-жылы Баткен районунун Бужум айылында төрөлгөн. 1978-жылы Бужум орто мектебин аяктап, “Москва” колхозунда**

**эмгек жолун баштаган. 1979-жылы июль айында Советтик Армиянын катарына чакырылып, 1981-жылдын май айына чейин Ооганстанда интернационалдык милдетин өтөгөн.**

-Ар бир эр жигиттин ыйык милдети мекенин коргоо болгондуктан 18 жашымда Советтик Армиянын катарына чакырылдым. СССРдин эң түштүк точкасы  Кушка шаарында жайгашкан 105-мотоаткычтар дивизиясынын 371- мотоаткычтар полкунун 2- батальонунун 5-ротасында катардагы  жоокер катары аскердик милдетимди өтөө башталган. Биз барганга чейин полкто элүүгө жакын жоокер кызмат өтөгөн экен, толуктоодон кийин эки миңден ашып кетти. Негизинен орто азия менен кавказдан чакырылгандар казак, өзбек, түркмөн, азербайжан улутундагылар менен өзүбүздүн тил менен сүйлөшө берчүбүз. Орус тили болсо берилген  команданы түшүнсөң болду. Кээде башка жумуштарга жөнөтсө куулук кылып: "не понимает" деп тура берчүбүз. Чындыгында башка улуттагылардан орус тилин такыр билбегендер көп болгон. Полкто кыргыз балдар көп болсо дагы бири бирибиз менен жолугушуп турганга убакыт жок болчу. Таластан Шерматов Канжар ашпозчу, Эшеналиев Нурбек айдоочулук  кызматын өтөшсө дагы тез-тез жолугуп турган ынак достордон элек. Негизинен чакырылгандар бир призыв болгондуктан "дед", "молодой" бирин бири кыйнап үстөмдүк кылуу жоокерлер арасында азыраак болчу. Эгер чабалдыгыңды билдирип койсоң баары бир жүгүртөктүн милдетин аткарууга туура келчү. Армия деген жигиттерди бардык жагынан тарбиялайт экен. Күндө эртең менен тизилгенде текшерүүдөн өтөсүң бутундун учунан башыңа чейин. Айылда өскөндүктөнбү, анчейин кыйналбадык. Шаардыктардан ийнени  колуна кармап көрбөгөндөр бар экен. Күндө жакаларын тигип, араң көнүштү.

Ооганстанга жөнөтөт экен деген имиш-имишти укканда абдан сүйүнгөнбүз, жададык ушул Түркмөнстандын чөлүнөн деп. Ооганстанда кандай тагдыр күтүп турганын чындыгында билген эмеспиз. Ошентип 1979-жылдын декабрь айынын аяк ченинде Ооганстанга карай аттандык. Адегенде окшош дөңсөөлөрдү, талааларды аралап бараттык. Трассага жакын жайгашкан айылдарга туш келгенибизде башка архитектура менен салынган үйлөр,  электр чубалгылары тартылган  столбалары жок, бизге таңыркап караган элдердин кийген кийимдери да такыр башкача мамлекет экенин түшүндүк. Колубузду булгасак дагы аза күткөн жүздөрдөй карап кала беришти.

Жаңы жылды Герат шаарына жакын жерден тостук. Андан ары жолубузду улантып Шынданд провинциясына барып жайландык. Палаткаларыбызды тигип отурукташканыбыз менен матрац, шейшеп дегенден эчтеке жок эле. Астыбызга чөп-чарды жыйнап төшөнчү кылып, көчмөнчүлүк жашоо өтүп жатты. Куудулдук кылган куралдаштар себи жок келинге окшош жашоо курсун дешип тамашалашып жүрүштү. 1980-жылдын апрель айына чейин чыккан операцияларда душмандардын каршылык көрсөткөн салгылашуу болгон жок. Биз барганга чейин издерин суутуп, качып кетүүгө үлгүрүп жүрүштү. Апрель айында мени 8 жоокерге кошуп БТР менен Кабул шаарына жөнөтүштү. Ок дары ташыган транспорттук батальондун колоннасына тизилип, Кабулга карай жол тарттык. 107-полктун спецсвязь ротасында кызматымды улантым. Шынданга караганда Кабулдун климаты дагы башкача экен. Ооганстандын борбор шаары болгондуктан душмандар ачык согушпаса дагы тез-тез терракт жасашып, абал өтө кооптуу эле. Жаңы аскер бөлүгүнө келгенден кийин Чоң Алайдан Орокбаев Орозбек, Өзгөндөн Абдикаримов Хамиджан аттуу жердештериме жолугуп, бирге кызмат өтөп келдик.

## Машрапов Доурбек Амирович

**1961-жылы Сүлүктү шаарында кенчинин үй-бүлөсүндө туулган. Орто мектепти аяктагандан кийин айдоочулук кесибине билим алган. 1979-1981-жылдары Ооганстан согушуна катышып, интернационадык милдетин өтөп келген.**



-Мен аскерге чакырылып Кушка шаарына баргандан баштап 371-мотоаткычтар полкунун 3- батальондун автовзводунда күйүүчү май ташуучу Урал маркасындагы бензовозго айдоочу болуп бекитилдим. Карантинден өткөндөн кийин эле аскер кызматымдын көп убактысы автопаркта өтүп жатты. Техникабызды аарчып тазалап, бардык тетиктерин майлап, убак убагы менен жүргүзүп аккумуляторун зарядкалап, дайыма оң абалда кармоо негизги жоопкерчилик болгон.

Жоокерчилик заманда дагы ата-бабаларыбыз минген аттарына өздөрүнөн дагы көбүрөөк камкордук кылып келишкенин тарыхый чыгармалардан, эпостордон окуганбыз. Элибизде "Жылкы адамдын канаты" деген накыл кеп бекеринен айтылбаган. Мен дагы тажрыйбам жок жаш айдоочу болсом дагы өзүм башкарган техниканы оң абалда кармоого дайыма аракет кылчумун. Эгер мени кыжаалат кылган тетиктерин байкасам, башка жоокерлерден, офицерлерден сурагандан тартынчу эмесмин. Аскерде кызмат өтөгөндө өзүңдүн алсыз жагыңды сездирбешиң керек, болбосо башкалар менен тең ата мамиле кылууда дагы кур каласың. Ачыгын айтканда, менин табиятым аскердик турмушту жакшы өздөштүрүп алды. Ошондуктан офицерлерге дагы куралдаштарым тартынган суроолорду берип, алар менен кадимкидей сүйлөшө берчүмүн. Сүлүктү шаарындагы көп улуттун арасында өскөн балалык тарбиям өз жемишин берди деп ойлоймун. Себеби айылдан барган балдарга тилмечтик дагы кылып жиберер элем.

Кушка шаарында кызмат өтөп жүргөндө Ооганстанга барат экенбиз деген имиш-имиштерди угуп жүргөнбүз, бирок анын олуттуу болооруна маани бербептирбиз. 1979-жылдын аягында тревога болуп, чек арада туруп калганыбызда айдоочуларды да ок атуу менен машыктырып даярдык катуу көрүлө баштады. Айдоочулардын артыкчылыгы - кечинде күзөткө турбай, жаан-чачынга калбай кабинада уктап жүрдүк. Бирок артыкчылыгыбыздын азабын Ооганстанга жүрүш башталганда тарттык. Мотоаткыч жоокерлер БМПларда уктап кетсе, биз чарчаганыбызга карабай руль башкарып кеттик. Айрыкча жолдо техникалары бузулган айдоочулар кара майга чыланып абдан кыйналышты. Кыймылдаткычы жүрбөй калган техникаларды тягач менен тартып алган учурлар дагы көп болду. Бир гана бетондолгон жолдун тегиздиги жол азабын жеңилирек кылгандай болду.

Шынданд провинциясына барып жайлангандан кийин айдоочулардын негизги жоопкерчилиги техникаларды оңдоп, берилген тапшырмага даяр туруу болду. Операцияга чыкканда бензовоздорубузду күйүүчү майга толтуруп биз дагы кошо чыкчубуз.Тоо аралап баратканда душмандар кол салса эң коркунучтуу абалга биз кабылчубуз. Автомат, снайперлердин огу кабиналарды илме тешик кылып таштачу. Дароо секирип түшүп коргонууга жай издебесең заматта жарык дүйнө менен кош айтышууга туура келчү. Октордун ышкырыгы кулак тундуруп, далай жолу буктурмага

кабылганбыз. Мен өзүмдүн жүргүзгөн эсебим боюнча 42 жолу душмандарга каршы операцияга катыштым. 371- аткычтар полкунун командири полковник П.П.Кабановдун алкыш баракчаларына татыктуу болдум. Өтө узакка созулган Чыкчыран операциясында 120 душманды колго түшүргөнбүз. Ошондо мага10 күнгө үйгө келип кетүүгө отпуска жарыяланды. Ал кезде биз үчүн абдан жогорку сыйлык болчу. Куралдаштарың бардыгы асманга ыргытышып куттукташкандыгынын өзү эле сыймык болчу. Жердештер болсо биздин үйгө дагы жолуга кел, тизмеге жазып кой деп кайра - кайра эскертишкени бүгүн дагы кадимкидей эсте турат. Оор күндөрдө адамды кубанычка бөлөгөн андай мүнөттөрдө өзүндү кандай бактылуу сезесиң, сөз менен чагылдырып берүү өтө кыйын. Аяздуу кышта үшүп келип отко жылынгандай ырахат аласың. Жаратকандан эмне сурайсың деген мүмкүнчүлүк берилсе бир гана нерсени сурайт элем. Эч кимдин тагдырына согуш буюрбасын, тынчтык өкүм сүрүп турса ар кимдин бактысы келечеги өзүнүн колунда деп айтмакмын. Береке ырыскы, жаркын келечек, элдин ынтымакчылыгында тапкан нерсесине каниет кылууда экенин турмуш өзү далилдеп жатпайбы.

## Темиров Рахман Мурзаевич

**1960-жылы Баткен районунун Кара-Булак айылында төрөлгөн 1977-жылы орто мектепти аяктагандан кийин Баткендеги атайын механизаторлорду даярдоо курсунан билим алган. 1979-жылы 3-июлда Советтик Армиянын катарына чакырылып, 1981-жылдын 13-августуна чейин Ооганстанда интернационалдык милдетин өтөгөн.**



-Мен адегенде 1979-жылы июль-август айларында Түркмөнстандын Кушка шаарында кызмат өтөдүм. Мени менен бирге Баткен районунун Самаркандек айылынан Тагаев Саттар дагы бар эле. Бизди кросско чуркатып, турникке тартылып, алыстыкка секиртип, сыноодон өткөрүштү. Саттар экөөбүз тең

нормативдерди тапшырдык. Орус тилинен маектешүү болгондо Саттарды калтырып коюшту. Мени болсо Өзбектандын Ташкент шаарындагы чалгындоочу десанттык бригадага жөнөтүштү. Аскердик машыгуулар катуу жүрдү. Эртен менен тургандан кечке чейин тыным жок катуу чарчагандыктан күндүн өткөнүн дагы билбейт экенсиң. "Отбой" деп команда берилиши менен уйкуга кетесиң. Эгер бир жоокер белгиленген убакта жатууга үлгүрбөй калса кайрадан бардыгыбызды тургузуп, катарга тизет. Эртең менен дагы бардыгы жетишпесе кайрадан жаткырат. Күндүзү эс алууга үлгүрбөй калган жоокерлерди бардыгыбыз тилдеп, жемелеп айласын кетиребиз. Ошентип жоокерлер бирин бири тарбиялайт экен. Бир айга жетпей бардыгыбыз аскердик устав менен жашоого көнүп кеттик. Уятка калбаш үчүн дайыма сергек жашоого көнөт экенсиң. Эгер берилген буйрукту так аткара албасаң наряд аласың, эл уктаганда картошка тазалайсың, полдун тактайларын жуудурат же дагы башка жумушту таап беришет. Аскердик тартип катуу болгондон кийин ага көнүүгө мажбурсуң. 1979-жылы 29-декабрда Ооганстан чек арасынан өткөнбүз. Адегенде борбор шаары Кабулдун жанына жайгаштык. Абал курчуп кеткендиктен Кундуз шаарына которушту. Себеби душмандар үстөмдүк кыла баштаса эле десанттык аскер бөлүктөрүн кошумча күч катары дароо ошол жакка которуп турган. Кундуз шаарында басымдуусу өзбек улутундагы эл жашайт экен. Бирок биздин эл менен аралашууга мүмкүнчүлүгүбүз чектелүү болгон. Дайыма курч кырдаалда аракет кылгандыгыбыздан туруктуу турган жерлерибиз тез-тез которулуп турган. Баштан өткөргөн салгылашуулар жөнүндө сценарий жазуу бардыгынын эле колунан келе бербеши айтпаса дагы түшүнүктүү боло керек. Ооганстан согушу жөнүндө тартылган кинолорду көргөнүндө өзүң аралашып жүргөндөй таасир алып, азаптуу өткөргөн күндөрүң көз алдыңа тартылат. Койгон режиссерго, аткарган актерлорго ич түюмуңдан ыраазы болосуң.

Бир кезде Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларынан кандуу майдандын азап тозокторун таң калуу менен угуп жүргөнбүз. Эми болсо алардын катары суюлуп, коомчулук алдындагы милдеттери бизге жүктөлдү. Бирок мамлекет тарабынан жүргүзүлгөн идеология чаржайыт болгондуктан окуучулардын берген суроолоруна мукактанып калган абалга дагы туш келесин. Биз мектептен билим алганда алган тарбиябыз мамлекеттик идеологиянын гана багытында болчу. Ленин атабыздын

көрсөткөн жолу менен жашаганбыз жана тарбиялаганбыз. Бүгүн заман бир оодарылды десем жаңылышпасам керек. Эгемендүүлүк эркиндик илим техниканын жетишкендиги дүйнөлүк саясаттын ачык айкындуулукка жетишип жаны муунду тарбиялап жатат. Башка доордо тарбияланган ата энелер менен балдарынын ортосунда ажырым пайда болгондой. Жүрөктү өйүгөн маселе - кыргыз элинин улуттук баалуулуктары сакталып калса деген тынчсыздануу көйгөйү пайда болду. Элдин толкундануулары, пикет, митингдердин аягы эмне менен бүтөт, акылың жетпейт. Бир гана тилегиң согуш болбосо экен дейсин. Ааламдашуу процессинде ар ким арабасын башы ооган жакка тартып калды. Эл болсо аккан дайра экен, нук кайсы жакка бурулса ошол жакка агып жатат. Ооганстанда элди мамлекет эмес өздөрүнүн жашоо мыйзамы башкарат. Бизге каршы согушкан душмандар өздөрүнүн эли менен кошо жашап жүрүшөт. Ошондуктан алар жеңилишпейт, бир бандасын курчоого алып атышып, туткунга түшүрүп жок кылышса дагы бир айдан кийин дагы башкасы пайда болот. Эгилген бедени оруп жыйнап тазалап койсоң кайра өсүп чыкканга окшош.

Мен Пакистандын чек араларына жакын Желалабад, Ходжалар шаарында кызмат өтөдүм. Көп убакта Ооган элине келген гуманитардык жардамдарды жеткирген колонналарды коргоп жүрдүк. Куралдаштар менен тамашалашып жүрдүк, "мына биз тамак-аш, кийим-кечелерин жеткирдик, муктаждыгы чечилген душмандар оңтоюн тапса ыраазычылыгын билдирет " деп ызалуу каткырып да жүрдүк. 1981-жылы кыш мезгилинде Кандагар шаарына парашют менен түн ичинде таштады. Ошол жылдын август айына чейин аскердик милдетим согуш талаасында өттү. Десанттын жол-жол майкасын кийип жүрүү кандай сыймыктуу, бирок аткарган кызматы кандай опурталдуу экенин баяндап берүү өтө оор. Андан бир "КАМАЗ" унду жалгыз өзүң түшүрсөң дагы жеңилиреек болсо керек. Эски жараны козгоого дитиң дагы барбай калат экен. Мекен коргоочулардын ар-намысы күчтүү болсо өз элинин керегине жарап берет, бардык түйшүктөрдү жеңүүгө жөндөмдүү болот. Биздин коомчулук алдындагы милдетибиз өсүп келе жаткан муунду мекенчилдикке тарбиялоо. Жоокерчилик заманды баштан кечирген кыргыз элинде улуттук намыс күчтүү экенине мен толук ишенем. Мындай ишенимди биз тагдырыбыз сыноодон өткөрдү.



**Сүрөттө оңдон: Айтали Отобаев, А.Туткучов (Талас), Памир Жумагулов (Токтогул р-ну)**



***Китеп чыгып жатканда.***

**Сүрөттө оңдон: Китептин автору Айтали Отобаев, басмакана жетекчиси Адилбек Батыров, дизайнери Бегали Рысбаев**


Мени тарбиялап өстүргөн атам Улуу Ата
Мекендик согуштун ардагери эле. Өмүр жолунда үч
доорду жашап өткөрдү. Согушка чейинки социализмди
куруудагы балалык доору, Ата-Мекенди коргоодогу
Улуу Женишке уланган бардарчылык доору, өз алдынча
түтүн булаткан Эгемендүүлүк доору.
Атабаева Айымбүбү
Атабаев Наиб



Эжеси Гүлсүн небереси Закыржон менен



Гүлсүн эже келиндери, неберелери менен



Агасы Аскарали үй-бүлөсү менен



Агасы Бурканали жана анын уул-кыздары, неберелери



Жубайы Алмакан менен Жалал-Абадда , санаторийде



Кыздары Кайрыгүл ,Уулжан, Ширинжан жана уулу Илимбек



Кызы Айкыз үй-бүлөсү менен



Кызы Айсалкын үй-бүлөсү менен



Кызы Айзада, небереси Раяна, жубайы Алмакан



Кызы Сапаргүл үй-бүлөсү менен



Уринов Абдулхаким. Кара-Суу р-ну



Исаков Нематжан. Өзгөн р-ну



Аяш уулу Уринов



Баткен районунун акими К.Салихов Ооган согушунда курман болгон жоокерлерге тургузулган эстеликке гүл чамбар коюу учурунда




Лейлек р-ну, Бешкент а-ө Лайли айылында эстелик ачуу аземи.

# Эскерүү баяны жана ырлар жыйнагы


| | |
|---|---|
| Редактор | Б.Шаматов |
| Техникалык редактору | Адилбек уулу Кеңеш |
| Компьютердик дизайнер | Б.Рысбаев |
| Сүрөттөр боюнча иштеген жана корректор | А.Айдаралиева |
| Китепти чыгарууну жетектеген | А.Батыров |

Басууга 11.02 2016-жылы кол коюлду
Кагаздын форматы 60Х84 1/16
Көлөмү 10 басма табак
Нускасы 1000. Буюртма № 3

«Элдердин достугу» коомдук фондунун басмаканасында басылды
Баткен шаары.